И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда
УДК 81'367.4 (575,2) (043,3)

Кыркбаева Гулмайрам Надырбековна

АДАМДЫН СЫРТКЫ КЕЛБЕТИН СҮРӨТТӨГӨН ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ТОПТОГУ СӨЗДӨР ЖАНА СӨЗ ТИЗМЕКТЕРИ

10.02.01 – кыргыз тили

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш

Илимий жетекчи:
филология илимдеринин доктору,
профессор Мусаев Сыртбай Жолдошевич

Бишкек – 2019

МАЗМУНУ

Киришүү.....3

I Бап. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөрдүн, сөз тизмектеринин изилдениш ал-абалы.....10

1.1.Жалпы тил илиминде изилдениши.....10

1.2.Жалпы түркологияда изилдениши.....20

1.3.Кыргыз тил илиминде изилдениши.....26

Биринчи бап боюнча кыскача жыйынтык.....33

I I Бап. Лексикадагы системалуулук.....36

2.1. Изилдөөнүн материалдары жана методдору ….....36

2.2. Лексикадагы лексика-семантикалык класстардын иерархиясы….....37

2.3“Семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык талаа” түшүнүктөрүнүн структуралык өзгөчөлүктөрү.....45

2.4.“Семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык топ” түшүнүктөрүнүн өз ара карым-катышы жана айырмачылыктары……51

2.5.Лексика-семантикалык топтордун чегин ажыратуунун принциптери жана тилдик аң-сезим.....57

Экинчи бап боюнча кыскача жыйынтык.....76

III Бап. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-тематикалык топторго кирген тилдик каражаттар жана алардын семантика-функционалдык табияты.....80

3.1.Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттарды изилдөөнүн көз караш- аспектилери.....80

3.2. Адамдын сырткы келбетин анын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөгөн лекика-семантикалык топтогу сөздөрдүн, сөз тизмектеринин семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрү жана алардын көркөм трансформацияланyy аркылуу текстте актуализацияланышы.....91

3.3.Адамдын сырткы келбетин анын дене мүчөлөрүнө карап сүрөттөгөн лекика-семантикалык топтогу тилдик каражаттар жана алардын семантика-функционалдык жана синтагматикалык өзгөчөлүктөрү.....136
Үчүнчү бап боюнча кыскача жыйынтык.....163
Жалпы корутунду.....161
Пайдаланылган адабияттардын тизмеси.....165
Тиркеме.....183

Киришүү

Теманын актуалдуулугу. Соңку мезгилдерде тил илиминин башка илимий тармактар менен ашташкан чегинде көптөгөн маселелер менен катар адам, анын лингвоменталдык дүйнөсү, адамдын дүйнөнүн тилдик бейнесинин борборунан алган орду өңдүү өзөктүү проблемалар да күн тартибине коюлуп отурат. Анын ичинде адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөр жана сөз тизмектери аркылуу туюндурулган эстетикалык, оң, терс баалар, мындай сөздөрдүн лексикадагы парадигматикалык жана синтагматикалык деңгээлдердеги системалык мамиле-катыштары өңдүү маселелер да изилдене баштады.

Адамдын тилдик портрети тил илиминен башка дагы илимий тармактарда изилдөөнүн объектиси болуп келгендиги маалым. Атап айтканда, тарых, криминалистика, антропология, этнография өңдүү илимий тармактарда, ошондой эле сүрөт искусствосу, театр, сценография жана киноматография жааттарында да адамдын сырткы келбетин тил каржаттары аркылуу сүрөттөп берүү бир катар зарылдыктар аркылуу шартталып келген. Мындай зарылдык жогоруда аталган тармактарда гана эмес, адамдардын ортосундагы кадыресе сүйлөшүү, баарлашуу процессинде да объективдүү мүнөздү алып жүрөт. Себеби коммуникативдик актыга катышкан адамдын тил каражаттарынын жардамы аркылуу идентификациялоо зарылдыгы, жөнөкөй тил менен айтканда, тигил же бул адамды таануунун, эстөөнүн, эске сактап калуунун “тилдик формулаларын” жаратуу зарылдыгы экинчи тараптын индивидуализацияга болгон практикалык, ошону менен эле бирге эстетикалык керектөөсү аркылуу шартталган.

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган тил каражаттары лексикалык системанын алкагында өз ара парадигматикалык, синтагматикалык жана деривациялык карым-катышта, байланышта жашап, кызмат аткарышат.

Бирок тилдердин бардык деңгээлдериндеги системалуулук бирдей мүнөздө боло бербейт. Маселен, тилдин фонетикасы жана грамматикасындагы

системалуулук анын лексикасындагы системалуулук менен шайкеш келбейт. Анткени лексикалык система бир орунда турбастан, дайыма өнүгүп-өзгөрүп турат. Мындай жагдай тилдин башка деңгээлдерине караганда экстралингвистикалык факторлордун лексикага тийгизген таасиринин күчтүүлүгү аркылуу түшүндүрүлөт. Маселен, элдин турмушунда кандайдыр бир предметтердин, түшүнүктөрдүн колдонулуудан чыгып калуусу менен бирге аларды туюндурган сөздөр дагы активдүү лексикадан четтеп, колдонулбай калат. Ошол эле маалда элдин жашоосундагы өзгөрүүлөр биринчи кезекте лексикада байкалат,т.а., лексика жаңы предметер менен түшүнүктөрдү атоо үчүн жаңы сөздөрдү жасоо же тилде мурун эле жашап келген лексикалык бирдиктердин ортосунагы семантикалык мамилелерди кайрадан бөлүштүрүү жолу менен тышкы факторлорго, өзгөрүүлөргө тез ыңгайлашат. Мындай өзгөрүүлөрдүн таасири астында бир эле лексеманын семантикалык валенттүүлүгүнүн өзгөрүүгө учурашы ошол лексикалык бирдик менен түз же кыйыр байланыштагы башка тилдик бирдиктерге таасирин тийгизбей койбойт.

Демек, тилдин башка деңгээлдеринен айырмаланып, лексика реалдуулук менен тыгызыраак байланыш-катышка кирген деңгээл экендиги туурасында жыйынтыкка келүүгө болот.

Тилдин лексика-семантикалык деңгээлиндеги системалуулук сөздөрдүн маанилери боюнча ар кандай лексика-семантикалык класстарга биригүү мүмкүнчүлүгүн шарттайт. Башка тилдик деңгээлдерге салыштырмалуу лексикадагы системалуулук жөнүндө тил илиминин тарыхында кийинки мезгилдерде гана айтыла баштады [Слесарева, 1990,13] . Тилди система катары мүнөздөөдө анын лексикалык деңгээлиндеги системалуулук окумуштуулар тарабынан бир жактуу кабыл алынбастан, айрым окумуштуулар тарабынан лексикадагы системалуулукту танган көз караштар да айтылып келген [Шмелев, 1977,183]. Демек, татаал лексикалык системадагы бардык сөздөр бири-бири менен байланышып же каршы коюлуп, алар туюндурган маанилер, эң оболу, башка сөздөрдүн маанилери, тагыраак айтканда, алардын лексикалык системадагы орду аркылуу аныкталат. Ушул көз караштан алып караганда,

адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн кыргыз тилиндеги тилдик каражаттарды изилдөөдө системалуулук принцибине байланышкан жол-жоболор, теориялык негиздер зарыл деген ойдобуз. Анткени адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган тилдик каражаттар кыргыз тилинин базистик лексикасына киргендигине, активдүү колдонулган тил каражаттары катары эсептелгенине карабастан, бүгүнкү күнгө чейин таза тилдик өңүттөн толук изилдене элек. Албетте, сөз болуп жаткан тилдик каражаттар кыргыз тил илиминде соматикалык лексиканы изилдөөнүн айрым аспектилеринен каралып келгендиги белгилүү.

Кыргыз тил илиминде соматикалык лексиканы структура-семантикалык, функционалдык-семантикалык ошондой эле этимологиялык аспектилерден изилдөө боюнча бир катар илимий макалаларды, диссертациялык иштерди атап көрсөтүүгө болот. Маселен, М.Толубаевдин “Название частей тела в кыргызском языке” [Толубаев, 1991] деген макаласында соматикалык атоолордун курамы, алардын метафоризацияланып, жер-суу объектилеринин аталышы катары колдонулушу, алардын муундук курамы иликтенген.

Ал эми С.Ж.Жанчарбекованын “Соматические компоненты в эпосе “Манас” [Жанчарбекова, 2017] аттуу макаласында эпикалык каармандардын сырткы келбетине байланыштуу тилдик сүрөттөөлөр филологиялык өңүттөн сыпатталган. Б.а., автордун макаласында таза тилдик аспекти менен бирге адабият таануучулук аспектинин элементтери орун алгандыгы байкалат.

Кыргыз тил илиминде адамдын сырткы келбетине байланыштуу соматикалык тилдик каражаттарды паралингвистиканын, тексттин лингвистикасынын объектиси катары караган окумуштуулар да бар. Маселен, кыргыз тил илиминде ымдоо-жаңсоолор боюнча илимий-теориялык жактан негизделген изилдөө катары А.Ботобекованын “Кыргыз ымдоо-жаңсоолору” деген эмгегин атоого болот. Мындан тышкары кыргыз коомчулугунда колдонулган ымдоо-жаңсоо белгилеринин улуттук өзгөчөлүктөрү тууралуу Д.Сыдыкбекованын [Сыдыкбекова, 1982], этнографиялык жактан А.Мырзакматовдун [Мырзакматов, 2000], байыркы таш бетиндеги

жазмалардагы ымдоо-жаңсоо белгилеринин чагылышы жана ал белгилердин ой туюндуруу мүмкүнчүлүгү тууралуу Л.Жусупакматовдун [Жусупакматов, 1998], жазуучулардын тилин, оозеки сүйлөө стилин изилдөөдө ымдоо-жаңсоо белгилеринин орду жөнүндө Т.Аширбаевдин [Аширбаев, 2000], тексттин лингвистикалык табиятын изилдөөдө, ымдоо- жаңсоо белгилеринен куралган "унчукпоо тексттин" Т.Маразыковдун [Маразыков, 2004] эмгектеринен кезиктирүүгө болот [Ботобекова, 2010]. Ошондой болсо дагы сөз болуп жаткан багытта бир катар өзөктүү, принципиалдуу маселелер изилдөө зарылчылыгы аркылуу шартталган. Атап айтканда, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтун теориялык жактан чегин аныктоо, т.а., айрым изилдөөлөрдө белгиленип жүргөндөй, лексика-семантикалык топко бир эле сөз түркүмүнө тиешелүү сөздөр кириши керекпи же башка сөз түркүмдөрүнө кирген сөздөрдү да лексика-семантикалык топко киргизүүгө болобу? Албетте, лексика-семантикалык топ бир семанын, маанилик, структура-семантикалык байланыштардын негизинде түзүлөөрү белгилүү. Бирок адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө жалаң эле сын атооч сөздөр колдонулбастан, башка дагы сөз тизмектери, туруктуу сөз айкаштары, сүйлөмдүн курамындагы атоочтук жана чакчыл түрмөктөр өңдүү конструкциялар да колдонулуп калышы ыктымал. Андыктан адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белги-өзгөчөлүктөрдөн тышкары, сырткы келбеттеги динамикалык, процессуалдык өзгөрүүлөрдү туюндурган тил каражаттарын, алардын коммуникативдик потенциалын, тексттик мазмун түзүү мүмкүнчүлүгүн, функционалдык-семантикалык, синтагматикалык табиятын изилдөө өңдүү маселелер колго алына элек. Ошону менен эле бирге адамдын сырткы келбетин анатомиялык жана социалдык өңүттөн сүрөттөө негизги багыттар катары эсептелгени менен, айрым окумуштуулар адамдын курагын, мүнөзүн, социалдык статусун, кийим-кечегин сырткы келбеттин компоненттерине киргизип жүрүшөт. Ал гана эмес паралингвистикада адамдын симптоматикалык жесттери катары белгилүү болгон денеден суюктуктун бөлүнүп чыгуусу (оозуна кара суу келүү, көзүнө жаш тегеренүү, тердөө),

ооздун кургашы ж.б. белгилерди адамдын тышкы келбетиндеги динамикалык белгилердин катарына киргизген учурлар да кездешет. Демек, саналып өткөн маселелерге тактык киргизип, аларды ар кандай өңүттөрдөн кароо менен теориялык жактан негиздөө жана тиешелүү мисалдардын негизинде иллюстрациялоо зарылдыгы диссертациялык ишибиздин **актуалдуулугун** айгинелейт.

Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы КМУнун Манас таануу жана лингвистика институтунун лингвистика кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

Изилдөөнүн максаты. Кыргыз тилинин базистик, функционалдык жактан активдүү лексикасы катары адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды системалык принциптин теориялык негиздерине таянуу менен, алардын функционалдык-семантикалык, семантика-функционалдык табиятын, коммуникативдик потенциалын изилдөө ишибиздин негизги максаты катары эсептелет.

Изилдөөнүн максатын ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер коюлду**:

1) 2011-жылы жарык көргөн кыргыз тилинин сөздүгүнөн адамдын жүзүндөгү айрым атрибуттарга, атап айтканда, көзүнүн, мурдунун, оозунун, эриндеринин, тиштеринин, кулактарынын, чачынын, сакал-мурутунун, каштарынын, ошондой эле дене мүчөлөрүнүн ичинен башынын, колдорунун, буттарынын өзгөчөлүктөрүнө, ал эми жалпы тулку-бойдун параметрдик белгилеринин ичинен боюнун өзгөчөлүгүнө байланыштуу колдонулган сөздөрдү бөлүп алуу;

2) адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттардын жалпы тил илиминде, орус тил илиминде жана кыргыз тил илиминде изилдениш абалына, алардагы тенденциялуу көз караш-концепцияларга жана илимий адабияттарга сереп жасоо;

3) лексикадагы системалуулук маселесинин жалпы жана орус тил илимдеринде изилденишине, андагы илимий адабияттарга токтолуу аркылуу изилдөө ишибиздин теориялык базасын негиздөө;

4) лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ түшүнүктөрүнүн теориялык жактан маңызын, принципиалдуу айырмачылыктарын, иерархиялык тартибин жана маанилик чектерин аныктоо;

5) прецеденттик феномен, прецеденттик текст, тилдик аң-сезим, эркин ассоциативдик эксперимент түшүнүктөрүнүн маанисин кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде чечмелөө;

6) адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган айрым тил каражаттарын семантика-функционалдык өңүттөн иликтөө аркылуу, алардын коммуникативдик потенциалын, текст түзүүчү мүмкүнчүлүктөрүн көркөм чыгармалардан алынган үзүндүлөрдүн негизинде иллюстрациялап көрсөтүү;

7) адамдын сырткы келбетин анын жүзүндөгү айрым атрибуттарга, ошондой эле дене мүчөлөрүнө карап сүрөттөөгө алган тилдик каражаттарды өз-өзүнчө бөлүп кароо жана аларды семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүнө токтолуу;

8) адамдын сырткы келбетин андагы объективдүү параметралдык белгилердин ичинен адамдын боюн сыпаттаган кыргыз тилиндеги тил каражаттарынын функционалдык-семантикалык өзгөчөлүктөрүнө илик жүргүзүү.

Иштин илимий жаңылыгы. Тилдин лексикалык деңгээлиндеги системалуулук маселесине байланыштуу теориялык жол-жоболор, концепциялар, ошону менен эле бирге прецеденттик феномен, прецеденттик текст, тилдик аң-сезим түшүнүктөрү кыргыз тил илиминде алгач ирет изилдөөгө алынып жатат. Мындан тышкары адамды анын жүзүндөгү айрым атрибуттарга, атап айтканда, көздүн, мурундун, кулактын, эриндердин, тиштердин, чачтын, сакал-муруттун, каштын өзгөчөлүктөрүнө жана дене мүчүлөрүнө, тагыраак айтканда, колдун, буттун, баштын жана адамды анын

боюнун бөтөнчөлүктөрүнө карап сүрөттөгөн тилдик каражаттардын кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде изилдениши иштин илимий жаңылыгын түзөт.

Иштин колдонулуу чөйрөсү. Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды лексикология, когнитивдүү лингвистика, тексттин лингвистикасы курстары боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ошондой эле аталган багыттар боюнча окуу китептерин, пособиелерди, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде пайдаланылышы мүмкүн.

Коргоого коюлуучу жоболор:

1.Лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ иерархиясы жана алардын өз ара карым-катышы тилдеги системалык принциптин негизинде каралышы керек .

2.Адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилерди атап көрсөтүүдө, негизинен, сын атооч сөздөр колдонулса, ал эми сырткы келбеттеги динамикалык белгилер башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөр, ошондой эле сөз тизмектери (өзгөчө кошмок сөздөр), морфологиялык мүчөлөр аркылуу туюндурулат.

3.Адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилер менен эле катар андагы динамикалык белгилерди туюндурган сөз, сөз тизмектери да адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тил каражаттары катары семантика-функционалдык аспектиден изилдениши шарт.

4.Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттар подтексттик, катафоралык маалыматтарды туюндуруу менен бирге, көркөм текстте окуяларды өнүктүрүүчү, мазмун түзүүчү коммуникативдик потенциалга ээ.

5.Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүгө карата көз караш-аспектилердин көптүгүнө карабастан, аларды адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөргө, адамдын дене мүчөлөрүнө, адамдын тулку-боюндагы

объективдүү белгилерге (параметрдик белги-өзгөчөлүктөр) жана субъективдүү белгилерге карап бөлүштүрүү теориялык жана практикалык өбөлгөлөр аркылуу шартталган.

Изилдөөчүнүн жеке салымы. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттарды изилдөө багытындагы жалпы тил илиминдеги теориялык негиздер менен илимий концепцияларды анализдеп чыгуу аркылуу адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн кыргыз тилиндеги айрым тил каражаттарын семантика-функционалдык өңүттөн изилдениши автордун жеке салымы болуп саналат.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын аппробациясы жана жарыяланышы. Изилдөөнүн жыйынтык-натыйжалары боюнча республикалык, регионалдык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды. Ошондой эле изилдөөнүн мазмунун чагылдырган 6 макала жарыяланып, анын ичинен Кыргызстанда РИНЦ индексине кирген басылмаларда 4 макала жарык көрдү.

Иштин түзүлүшү. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

I Бап. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөрдүн, сөз тизмектеринин изилдениш ал-абалы

1.1. Жалпы тил илиминде изилдениши

Жалпы тил илиминде семасиологиялык, стилистикалык өңүттөрдөн алып караганда, сын атоочтор тилдик системада предметтик дүйнөнүн атрибуциясына, тагыраак айтканда, ага баа берүү менен, аны мүнөздөөгө багытталган көп белгилүү, полифункционалдуу сөз түркүмү катары саналат. Сын атоочтордун семантикалык жана грамматикалык жактан көп пландуулугу анын башка сөздөр менен болгон айкашуу мүмкүнчүлүгүн, б.а., алардын валенттүүлүк денгээлинин ийкемдүүлүгү менен көп түрдүүлүгүн арттырып, курчап турган объективдүү дүйнөнү баалоонун белгилүү бир шкаласы аркылуу чагылдырууну өбөлгөлөйт. Сын атоочтордун баалоочу жана мүнөздөөчү мүмкүнчүлүктөрү тексттин грамматикалык жактан уюшулушунда активдүү колдонулуу менен, алар автордун берейин деген оюнун реализацияланышында тексттин мазмунун түзүүчү маниге да ээ болот. Дааналап айтканда, автордук позициянын бир өзөккө “фокусталышында” , композициянын эмоционалдык маңыздык өзөгү, автордун стилине мүнөздүү болгон индивидуалдык, эмоционалдык маанилик оттеноктор сын атоочтор менен, алардын метафоризацияланышы жана өтмө маниге ээ болушу менен түздөн-түз байланыштуу. Сын атоочтордун мындай семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүнө атайын токтолуп жатканыбыздын башкы себеби изилдөө ишибиздин негизги объектиси болгон адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөр жана сөз тизмектеринин базалык негизин сын атооч сөздөр түзгөндүгү аркылуу түшүндүрүлөт. Албетте, адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу сөздөр субстантивдешкен түрдө же сөз бириктирүү (словосложение) жолу менен жасалган сөз тизмектери түрүндө да болуп калуусу ыктымал. Бирок, жогоруда белгиленгендей, алардын базистик негизи сын атооч сөздөрдөн тургандыгы эч кандай талаш туудурбайт. Сын атооч сөздөрдүн образдуулугу, эстетикалык кызматы өңдүү маселелер масштабдуу жана жеке мүнөздөгү проблемалардын алкагында да каралышы ыктымал.

Тилдин прагматикалык пландагы өзгөчөлүгү жана эстетикалык функциясы негизги онтологиялык аспект катарында XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып окумуштуулардын көңүлүн буруп келген. Көркөм сөздүн эстетикасы, көркөм чыгарманын тили, көркөм кептин стилистикасы Л.В.Щерба [1957], В.В.Виноградов [1959], Б.А.Ларин [1974], М.Поляков [1978], ж.б. илимпоздор тарабынан проблема катары коюлса, сөздүн эстетикалык функциясын изилдөө И.Р.Гальперин [1958], Ю.С.Степанов [1966], Л.М.Грановская [1964], А.Ф.Лосев [1982], Р.Мукаржовский [1967], М.М.Бахтин [1974; 1975; 1986], В.Г.Гак [1974], Р.А.Будагов [1977], В.П.Григорьев [1979], Л.И.Донецких [1979], Г.В.Колшанский [1980], Р.Якобсон[1987], А.В.Федоров [1985] өңдөнгөн окумуштуулар тарабынан колго алынып, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылган.

Орус тил илиминде алгачкылардан болуп А.А. Потебня көркөм чыгарманын тили, тил менен искусствонун карым-катышы сыяктуу маселелер боюнча атайын изилдөө жүргүзгөн деп белгилөөгө болот. Ал “Мысль и язык” аттуу эмгегинде тил менен ойлоонун өз ара байланышын, тилдин поэтикалык функциясын (символикалуулук, образдуулук), анын жалпы психика (сезим жана эрк) менен байланышын аныктайт [Мурзалиева, 2014].

Соңку мезгилдерде жалпы тил илиминде, асыресе, орус тил илиминде тилди когнитивдик өңүттө караган тил илиминдеги антропоцентристтик багыт өнүгүүнүн жаңы деңгээлине көтөрүлдү. Сөз болуп жаткан багыттагы изилдөөлөрдөн белгилүү болгондой, антропоцентристтик лингвистикада адамдын аң сезиминде чагылган тилдик семантика менен концептуалдуу системалардын байланыштары борбордук маселелердин чордонунда турат. Бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө сөз түркүмдөрү да, салттуу тил илиминдеги өңүттөрдөн айырмаланып, когнитивдик, дискурсивдик өзгөчө категориялар катары каралат. Аталган көз карашка ылайык мындай когнитивдик, дискурсивдик категориялар, бир жагынан, дүйнөнүн биздин аң-сезимибизде кабылданыш жана аңдалыш өзгөчөлүктөрүн чагылдырса, экинчи жагынан, айтымдын же тексттин курамында өздөрүнө тиешелүү кызматтарды аткарат

[Кубрякова, 1997]. Ушул өңүттөн алып караганда, сөз түркүмдөрү тигил же бул тилдик жамаат тарабынан объективдүү чындыктын ар кандай жактарынын таанылышынын жана аларды фиксацияланылышынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган тилдик проекциялар катарында да каралышы ыктымал. Дүйнөнүн үзгүлтүксүз процесстеринин фонунда биздин аң-сезимибиз түшүнүктөрдү, категоряларды турукташтырууга далалаттанат. Андыктан дүйнөнүн тилдик категоризациясы тилдик аң-сезимде нерселер жана алардын белги-касиеттери катары жаралып, мындай категоризация онтологиялык мүнөздү алып жүрөт. Предметтердин, кубулуштардын, нерселердин белги-бете, касиеттерин билдирген сөз түркүмү катары сын атоочтор пассивдүү белги-сапаттарды гана атап көрсөтпөстөн, процессуалдык белгилерди да атап көрсөтүшөт. Сын атооч сөздөрдүн мындай белги-бетелери адамдын сырткы келбетинин сүрөттөлүшүндө да ачык байкалат. Маселен, *“Авдий Каллистратов өзү* ***узун бойлуу, ак куба*** *жигит”* деген сүйлөмдө *“узун бойлуу”, “ ак куба”(Ч.Айтматов “Кыямат”)* деген сын атоочтор адамдын сырт келбетиндеги өзгөчөлүктөрдү статикалык мүнөздө сүрөттөп турса, ал эми *“Асыке, -деп Мыкты ансайын* ***бозорот****”(Т.Касымбеков “Адам болгум келет”)* деген сүйлөмдө ***“бозорот”*** деген этиш сөз аркылуу адамдын тышкы келбетиндеги динамикалык мүнөздөгү белги, жогоруда айтылып өткөндөй процессуалдык белги көрсөтүлдү. Албетте, ***“бозорот”*** деген сөз этиш сөз түркүмүнө тиешелүү экендиги белгилүү. Бирок бул сөздөгү уңгу (боз) сын атоочко тиешелүү болгондуктан, ал процессуалдык эмес, пассивдүү сыпат катары, процессуалдык белгинин прототиптик башаты катары эсептелиши шарт.

Соңку мезгилдерде тилдин башка фундаменталдык маселелеринин катарында сөз түркүмдөрү да когнитивдик аспектиде карала баштады. Анын ичинде адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган сөздөрдүн, сөз тизмектеринин да аталган өңүттөн каралышы менен, бир катар олуттуу маселелердин башы ачылды. Маселен, мында конкреттүү тексттин алкагында сөздөрдүн когнитивдик касиеттери алардын коммуникативдик потенциалын

аныктай тургандыгы негизги теориялык жобо катары эсептелет. Айталы, адамдын сырткы келбетин мүнөздөөгө карата колдонулган сөздөрүн тексттеги атрибутивдик жана предикативдик функциялары жөнүндө көбүрөөк айтыла баштады. Сын атоочтордун атрибутивдик синтаксистик кызматы сапаттык жана катыштык сын атоочтордун экөөнө тең мүнөздүү келип, алардын грамматикалык, категориялык кызматы катары мүнөздөлсө, ал эми предикативдик функция сапаттык сын атоочторго гана мүнөздүү келип, алардын кызматын этиш сөздөргө жакындашуу мүмкүнчүлүгүн шарттайт. Сапаттык сын атоочтор "таза" сын атоочтор, классикалык предикаттар катары "дүйнө жөнүндөгү биздин оюбузду" билдирип, "таанып билүүчү субъектиге багыт алат" [Артюнатова, 1999]. Ушул себептүү алар сүйлөмдө атрибутивдик жана предикативдик кызматтарды аткарышат. Ал эми нормативдүү грамматикада сапаттык сын атоочтордун зат атооч сөздөрдүн алдына келип, алардын тигил же бул касиет-сапатын, белгилерин көрсөтүшүн окумуштуулар тилдик стереотип катары мүнөздөө менен, аларды сүйлөмдүн айтылыш учуруна карата актуалдуу эмес экендигин белгилешет. Сал.: ***Кызыл келин –Келин кызарды; Кер сары жүз –Жүзү кер сары ж.б.*** Демек, сапаттык сын атоочтор классикалык предикаттар катары динамикалык мүнөздөгү процессти атап көрсөтүү кызматын аткаруу менен, айтымдын же бүтүндөй тексттин коммуникативдик перспективасын калыптандырат. Мындай жаңыча көз караш, сапаттык сын атоочтордун, асыресе, адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган сөз, сөз тизмектеринин текст түзүүчү кызматын, ошону менен эле бирге алардын процессуалдык аракеттерди туюндуруу мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүүгө, изилдөөгө өбөлгө түзөт. Анткени ушул мезгилге чейин адамдын тышкы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу тилдик каражаттар статикалык өңүттө, б.а., адамдын сырткы келбетиндеги өзгөрүүлөрдүн фонунан тышкары каралып, алардын предикаттардын ролундагы процессуалдык түшүнүктөрдү туюндуруу кызматы каралган эмес. Жалпы тил илиминдеги мындай жаңыча көз караш, мамиле өз кезегинде орус тил илимине да таасирин тийгизүү менен, адамдын сырткы келбетин

сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган сөздөрдү, сөз тизмектерин изилдөөгө багытталган бир катар эмгектер пайда болду. Алгач орус тил илиминде мындай тилдик каражаттарды изилдөө адабият таануучулук өңүттө, т.а., адабий портреттер багытында жүргүзүлгөн. Аталган багыттагы изилдөөлөргө байланышкан эмгектер катары В.С.Бараховдун [Барахов, 1985], Г.В.Старикованын [Старикова, 1985], К.Л.Сизованын [Сизова, 1995], Т.Г.Симонованын [Симонова, 2002], Н.А.Николинанын [Николаина, 2003], М.Г.Уртминцеванын [Уртминцева, 2005], Л.Я.Мачковскаянын [Мачковская, 2009], Н.И.Линин [Ли, 2012] изилдөөлөрүн атап көрсөтүүгө болот. Ал эми адамдын тышкы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды таза тилдик өңүттөн изилдөөгө алган окумуштуулардын катарына Н.Н.Кузнецованы [Кузнецова, 1997], Р.Н.Мононду [Менон,1985], Г.А.Путягинди [Путягин, 1975], О.В.Коротунду [Коротун, 2002], С.В.Овчинниковаты [Овчинникова, 2001] киргизүүгө болот. Ал эми адамдын сырткы келбетин мүнөздөөчү орус тилиндеги тилдик каражаттар функционалдык-семантикалык аспектиден Т.В.Гамалейдин [Гамалей, 1989], Т.Н. Федотованын [Федотова, 1999] эмгектеринде иликтөөгө алынган.

Чет тилдүү аудиторияга адамдын келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган орус тилиндеги тилдик каражаттарды окутуу багытында негизги эмгектер катары О.И.Глазунованын [Глазунова, 1997], И.В.Одинцованын [Одинцова, 2000], Е.Е.Юрковдун [Юрков, 2004] эмгектерин атап өтүүгө болот. Аты аталган авторлордун эмгектеринин изилдөө багыттары, өңүттөрүнө карап бөлүштүрүү менен, алардын айрымдарына учкай токтоло кетүүгө болот.

Н.Н.Кузнецованын ”Имена прилагательные, определяющие возраст и внешность персонажей русских народных сказок” аттуу эмгегинде орус эл жомокторунун мисалында адамдын тышкы келбетин сүрөттөгөн сын атоочтор иликтөөгө алынат. Аталган изилдөөдө эки тематикалык топ: “Адамдын курагы” жана “Адамдын тышкы келбети” иликтенип, булардын ар бири бир нече лексика-семантикалык топтордон турат. Маселен, “Адамдын тышкы келбети” аттуу тематикалык топ шарттуу түрдө “Адамдын физикалык абалын атаган

жана анын тышкы келбетин сүрөттөгөн сын атоочтор”, “Адамдын параметрдик белгилерин аныктаган сын атоочтор” жана “Адамдын физикалык күчү менен анын кыймылынын өзгөчөлүгүн билдирген сын атоочтор” деген лексика-семантикалык топторго бөлүнгөн. Аталып өткөн лексика-семантикалык топтордун курамына кирген сын атоочтор алардын структуралары, курамдары, колдонулуу жыштыгы, контекстте келген маанилери, кошумча семалардын болушу, оң же терс баа берүү мааниси, сөздөр менен айкашуу жана кеп агымында колдонулуу өзгөчөлүгү өңүттөрүнөн изилденген. Иллюстративдик материалдар катары А.Н.Афанасьевдин “Народные русские сказки” [Афанасьев, 1957] жана “Поэтические воззрения славян на природу” [Афанасьев, 1995] аттуу эмгектери пайдаланылган.

Окумуштуу Р.Н.Менондун изилдөөлөрүндө орус тилиндеги сөз болуп жаткан лексика-тематикалык топтогу сын атоочтор сөздүктөрдөгү материалдардын негизинде иликтенген. Атап айтканда, автор орус тилинин 4 жана 17 томдук түшүндүрмө сөздүгүнө кирген адамдын тышкы келбетин мүнөздөөгө байланыштуу сөздөрдү алардын зат атооч сөздөр менен болгон айкашуу мүмкүнчүлүгүнө жана аларда “адам” семасынын болушуна карап тандап алуу менен изилдөө жүргүзгөн [Менон, 1985, 8].

Адамдын тышкы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган сын атоочтордун лексика-семантикалык тобун аныктап алган соң, окумуштуу ал топту дагы өзүнчө эки топчого бөлүштүргөн:

1) биринчи топчого адамды анын тышкы келбетинин тигил же бул атрибуттарына байланыштуу мүнөздөгөн сын атоочтор киргизилген. Атап айтканда, адамдын анын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрдүн, дене мүчөлөрүнүн тышкы белгилеринин негизинде мүнөздөгөн сын атооч сөздөр биринчи топчого тиешелүү болгон: *кызыл жүздүү* кыз, *кылый көз* киши, *ак сакалдуу* карыя ж.б.у.с.;

2) экинчи топчого адамды анын тышкы келбетинин айрым бир белгилери боюнча эмес, анын турпатынын жалпы көрүнүшүнө карап

мүнөздөгөн сын атоочтор кирген: *сулуу* аял, *албеттүү* жигит, *кары* киши, *кичине* бала, *алп* эркек ж.б.ус.

Автор жогоруда көрсөтүлгөн экинчи топко “молодцеватый”, “бравый”, “элегантный”, “эффектный”, “солидный” өңдүү сөздөрдү да киргизген. Бирок, биздин көз карашыбызда, жогоруда көрсөтүлгөн сөздөр адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдөгү анын жүзүнө, дене мүчөлөрүнө, параметрдик бөтөнчөлүктөрүнө тиешелүү болбостон, адамдын жүрүш-турушуна, кийинүү өзгөчөлүгүнө, социалдык макамына, инсан катары өзгөчөлүгүнө карата айтылган сөздөрдүн катарын түзүп тургандыгы талаш жаратпайт.

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сын атоочтордун сөз жасоочу, синтагматикалык жана синонимдик катарларга кирүү мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, автор төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келгендигин белгилейт:

1) биринчи топтогу сын атоочтор зат атооч сөздөрдөн жасалуу менен, сырткы келбеттин кандайдыр бир атрибутун билдирип, өз ара дагы майда топчолорго бөлүнөт. Маселен, көз: алагар көз, алаң көз, кара көз, көк көз, кылый көз, чалыр көз ж.б.;

2) экинчи топтун алкагында сын атоочтор мүнөздөөнүн аспектисине ылайык майда топчолорго бөлүнөт. Бул аспектилер ар кандай болушу ыктымал: адамдын боюна байланыштуу тилдик сүрөттөөлөр толуктугуна/арыктыгына; саламаттыгынын абалына; курагына/тулку-бойдун физикалык жактан абалына; эстетикалык өзгөчөлүктөрүнө; башка бирөөгө салыштырылып каралгандыгына байланыштуу болушу ыктымал. Мындай сын атоочтор адамдын сырткы келбетине карата субъективдүү мүнөздөгү бааны алып жүрөт: келишимдүү жигит, ажарлуу кыз, чымыр киши ж.б.у.с.;

3) синонимия жана антонимия жогорудагы сөз болгон эки топко кирген сын аточторго бирдей мүнөздүү болот;

4) өтмө маани эки топко кирген сын атоочторго бирдей мүнөздүү;

5) эки топту түзүп турган сын атоочтордун ар кандай деңгээлдеги валенттүүлүккө ээ экендигин сөз болуп жаткан лексика-семантикалык топтогу

сөздөрдүн лексикалык айкашуу мүмкүнчүлүгүн изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөттү [Менон, 1985].

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата пайдаланылган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүдө ар кайсы окумуштуулар тарабынан ар кандай критерийлер пайдаланыла тургандыгы жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнүп турат. Окумуштуу Р.Н.Менондон айырмаланып, Г.А.Путягин адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды: адамдын курагына (бала, абышка ж.б), бой-келбетине (алп, кичине ж.б.), адамдын келбетинин келишимдүүлүгүнө, тышкы сулуугуна жана күч-кубатына (балбан, алсыз ж.б.) карап лексика-семантикалык топторго ажыратып карайт [Путягин, 1975]. Мындай жалпы классификациядан айырмаланып, адамдын тышкы келбетин сүрөттөө өзгөчөлүгүнүн көп жактары, атап айтканда, биологиялык, социалдык, аксиологиялык, семиотикалык өңүттөрү О.В.Коротундун “Образ-концепт “внешний человек” в русской языковой картине мира” деген эмгегинде ар тараптуу каралган. Изилдөөнүн материалын адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган 45000ге жакын айтымдар түзөт. Бул кептик фрагменттер элдик оозеки чыгармачылыктын ар кандай үлгүлөрүнөн, XIX жана XX кылымдардагы орус адабиятынан, мезгилдүү басылмалардан (гезит, журналдардан) анын ичинде таанышуу жарыяларынан, илимий-популярдуу тексттерден, турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү диалогдордон, кинолордон, теле жана радиоберүүлөрдөн, ошондой эле макал-лакаптар менен фразеологиялык бирдиктерден алынган. Мындан тышкары түшүндүрмө сөздүктөрдөн, антонимдер менен синонимдер, ошондой эле тематикалык сөздүктөрдөгү адамдын сырткы келбетине карата айтылган номинациялар дагы талданган. Анализге алынган контексттер да стилдик жактан ар кандай болуп, жаргондук жана диалектилик, көркөм, илимий популярдуу, расмий-иштиктүү жана публицистикалык стиль чөйрөлөрүндөгү тил каражаттары кирген. Аталган чөйрөлөрдөгү тилдик бардык материалдар синхрондук аспектиден каралган [Коротун, 2002]. Окумуштуулар адамдын сырткы келбетине тиешелүү

атрибуттарга адам өзүнүн сырткы келбетине объективдүү, субъективдүү, прагматикалык жана эстетикалык жактан мүнөздүү деп тапкан бардык белги-бетелерди киргизип жүрүшөт. Маселен, мындай атрибуттарга адамдын келбетин шөкөттөгөн предметтер, кийим-кечек, сырткы келбеттин динамикалык белгилерин (дененин кыймылы, мимика, позалар, манералар, адамдын басыгы) оозеки кептин тышкы белгилерин (үн, кыраат, кеп) ошондой эле адамдын сырткы келбетине карата берилген эстетикалык, этикалык, социалдык, психологиялык бааларды да киргизишет. Бирок адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттардын семантикалык мейкиндиги жана кепте колдонулуу жыштыгы ар кандай экендигин белгилөөгө болот.

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө, биринчи кезекте, сын атоочтор катышып, ал эми алардын субстантиваттары же болбосо зат атооч сөздөр экинчи планга өтүп номинативдик кызмат аткара тургандыгы туурасында окумуштуу С.В.Овчинниковонун эмгектеринде сөз болот. Мындан тышкары С.В.Овчинникова адамдын сырткы келбетине байланышкан тил каражаттары түзгөн лексика-семантикалык талаа менен адамдын ички дүйнөсүнүн концептологиялык сыпатталышынын шайкештигине байланыштуу бир катар маселелерди караган. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, адамдын ички эмоциялык абалы менен анын сырткы келбетиндеги өзгөрүүлөрдүн шайкеш келиши же келбеши өндүү маселелер көркөм текстердин функционалдык-когнитивдик анализи аркылуу иллюстрацияланган [Овчинникова, 2001].

Жогоруда биз адамдын сырткы келбетине байланыштуу колдонулган тилдик каражаттарды функционалдык-семантикалык өңүттөн Т.В.Гамалей жана Т.Н. Федотова карагандыгын белгилеп өттүк. Т.В.Гамалей советтик жазуучулардын 60-80-жылдар аралыгында жарыкка чыккан чыгармаларынан алынган жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү семантика-синтаксистик моделдердин жана спецификалык лексикалык каражаттардын мисалында адамдын сырткы келбетин тилдик сыпатталышын изилдөөгө алган [Гамалей, 1989]. Ал эми Т.Н. Федотова тарабынан сулуулукка байланыштуу орус тилиндеги лексика-

семантикалык талааны түзгөн тилдик каражаттар изилденген. Атап айтканда, автор тарабынан аталган лексика-семантикалык талаага кирген тилдик каражаттардын маанилеринин текстте реализацияланышы, башка сөздөр менен айкашуу потенциалы, кызмат аткаруу спецификасы совет адабиятындагы көркөм чыгармалар менен публицистикалык тексттердин мисалында ачылып берилген. Сулуулукка байланыштуу 150нүн тегерегинде сөздөр тандалып алынып, аларга зат атооч, сын атооч, этиш жана тактоочтор кирген. Сулуулукка байланыштуу лексика-семантикалык талаага адамдын өзүнө байланыштуу тилдик каражаттардан тышкары, анын иш-аракетине байланыштуу пайдаланылган сөздөрдү да киргизүү шарт. Андыктан автор тарабынан адамдын тышкы келбетине байланыштуу оң же терс баага байланыштуу сөздөр менен катар адамдын сезимдерине, кылык-жоругуна, абалына байланыштуу колдонулган мүнөздөмө-сөздөр иликтенген [Федотова, 1999]. Аталган лексика-семантикалык талаага кирген тилдик каражаттар окумуштуу О.И.Глазунованын “Давайте говорить по-русски” [Глазунова, 1997] аттуу эмгегиндеги “лексика” атайын рубрикасында да изилденип, орус тилин бөтөн тил катары окугандарга адамдын боюн, жүзүн, эриндерин, маңдайын, мурдун, көздөрүн, кирпиктерин, чачын сыпаттодо колдонулган орус тилиндеги тилдик каражаттар аркылуу иллюстрацияланган. Жыйынтыктап айтканда, жалпы жана орус тил илимдеринде адамдын сырткы келбетине байланыштуу колдонулган тилдик каражаттарды изилдөөдө сырткы келбеттин айрым атрибуттук өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу лексикага басым жасалгандыгы ачык байкалат. Ал эми адамдын тулкусун, дене түзүлүшүн сыпаттоодо колдонулган параметрдик түшүнүктөрдү туюндурган тилдик каражаттарды изилдөөгө арналган илимий эмгектердин чектелүү санда экендиги илимий изилдөөлөргө жасалган иликтөөбүздөн улам айкын болду.

1.2. Жалпы түркологияда изилдениши

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттар орус тил илиминде, ошондой эле жалпы түркологияда алгач сын атоочтордун изилдениш контекстинде каралган. Адамдын сырткы келбетин

сүрөттөгөн сөздөрдүн семантикалык структурасы, семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрү, коммуникативдик потенциалы, тексттеги атрибутивдик жана предикативдик функциялары өңдүү маселелер бүгүнкү күндө деле сын атоочторго байланышкан полемикалуу жагдайларды жаратып келет. Маселен, башкасын айтпаганда да, “Адам” семасынын негизинде бир макро лексика-семантикалык талаага кирген сөздөр, лексемалар, сөз тизмектери, туруктуу лексикалык бирдиктердин чегин кантип ажыратабыз, дегеле, адамдын сырткы келбети деген түшүнүктүн өзүн конкреттүү кандай параметрлер аркылуу чектөөгө болот? Бир лексика-семантикалык топко кирген сөздөрдүн баары бир сөз түркүмүнө тиешелүү болуусу керекпи же алар ар кайсы сөз түркүмдөрүнөн боло береби? деген сыяктуу бир катар маселелер жалпы лингвистикалык түркология, анын ичинде кыргыз тил илими жаатында дагы бир жактуу чечилбей келе жаткандыгы белгилүү. Сын атоочтун коммуникативдик потенциалына, кызматына байланыштуу мындай талаш маселелер эчактан бери эле коюлуп келе жатканын түркологиялык багыттагы бир катар изилдөөлөрдөн кезиктирүүгө болот: “Имена прилагательные в уйгурском, языке по форме не отличаются от имен вообще, существтельных и наречий, и это обстоятельство дает некоторым исследователям основание отрицать категорию прилагательных в уйгурском языке как опреленную часть речи. Это формально правильное соображание по существу своему является не точным. Прилагательные должны быть выделены в особую часть речи по своему значению, синтаксическому употреблению и по формам образования” деген пикир А.С.Боровков тарабынан айтылган [Боровков, 1935].

Бирок соңку мезгилдерде түркология, монголистика, алтаистика багытындагы изилдөөлөрдө лексикалык семантикага, көп маанилүү сөздөрдүн маанилик структурасына, тематикалык топтор жана семантикалык талаалар боюнча тилдин сөздүн составына илик жүргүзүүгө, конкреттүү фактылык материалдардын негизинде сөздөрдүн маанилеринин өзгөрүүсүнө байланыштуу бир катар маселелер боюнча изилдөө иштери жандангандыгы байкалат. Сөз болуп жаткан багыттарда ар кандай типологиядагы тилдердин

материалдарынын негизинде изилдөө жүргүзүшкөн окумуштуулардын катарына И. В. Арнольд (1976), Е.М.Вольф (1985), С. Д. Кацнельсон (1965), Д.Н.Шмелев (1973), А.Н.Шрамм (1979), А. А. Уфимцева (1961, 1968, 1980), Ю.Д.Апресян (1967, 1974), И. А. Стернин (1985), Л. М. Васильев (1990), В. Г. Гак (1966, 1971), Н. А. Лукьянова (1986), Э. Л. Кузнецова (1969), Э. М. Медникова (1974) жана башка окумуштууларды киргизүүгө болот. Ал эми алтай уясына кирген тилдердин мисалында компоративистикалык багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөр катары С.Д.Егинованын (1994), А.Чумакаевдин (2002), О.М.Альчикованын (2004), Б.Б.Саналованын (2004), М.Ержановдун (1988), Н.В.Ерленбаеванын (2005), А.Н.Майзинанын (2006), Н.З.Гаджиеванын (1986), У-Ж.Ш. Дондуковдун (1964), Е.З.Кажибековдун (1985), С.Калужинскийдин (1981), В.И.Лихановдун (1990), Э.В. Севортяндын (1966) илимий эмгектери белгилүү. Маселен, С.Д.Егинованын “Прилагательные, характеризующие человека: этимология и семантика” деген макаласында тилди компоративистикалык жана когнитивдик өңүттөрдөн изилдөө аракеттери көрүлгөн. Изилдөөнүн объектиси катары автор тарабынан адамдын мүнөзүнө байланышкан сөздөрдүн лексика-семантикалык тобу тандалып алынган. Тагыраак айтканда, П.А.Слепцовдун редакциясы алдында жарык көргөн “Якутско-русский словарь” сөздүгүнөн адамдын мүнөзүнө байланыштуу өзгөчөлүктөрдү туюндурган 154 сын атооч сөз тандалып, алардын семантикалык диапазондорду талдоого алынган. Сөз болуп жаткан лексика-тематикалык топко кирген сын атоочторду изилдөөдө автор түрк, якут, монгол, байыркы түрк тилдери боюнча лексикографиялык басылмаларды пайдалангандыгын белгилейт [Егинова, 2012]. Ал эми А.Чумакаевдин “Фразеологические единицы со значением качественной характеристики и состояния лица в алтайском языке в сопоставлении с русским” аттуу диссертациялык ишинде адамдын жүзүнүн сапаттык мүнөздөмөсү менен андагы өзгөрүүлөрдү чагылдарган фразео-семантикалык топтор биринчи жолу аныкталып, алардын семантикалык жана грамматикалык бөтөнчөлүктөрү орус тилиндеги фразеологизмдерге салыштырылуу аркылуу ачылып берилген. Ал

эми О. М. Альчикованын «Лексико-семантическая группа параметрических имен прилагательных зрительного восприятия в алтайском языке» [Альчикова, 2004] деген изилдөөсүндө алгач ирет алтай тилиндеги параметралдык сын атоочтор классификацияланып, алар лексикографиялык өңүттөн сыпатталып берилген. Ал эми аталган иштин тиркемесинде 160 тилдик бирдикти камтыган сөздүк сунушталган.

Окумуштуу Б.Б.Саналованын “Глаголы интеллектуальной деятельности в алтайском языке” [Саналова, 2004] деген эмгегинде адамдын акыл ишмердигине байланыштуу алтай тилинде колдонулган этиштердин дифференциалдык белгилери жана алардын башка сөздөр менен болгон айкашуу өзгөчөлүктөрү каралган. Мындан тышкары автордун сөз болуп жаткан эмгегинде адамдын акыл ишмердүүлүгүнө байланыштуу алтай тилиндеги колдонулган этиштер алардын кыргыз тилиндеги эквиваленттери менен биринчи жолу салыштырылып изилдөөгө алынган.

Биз кыскача токтолуп кеткен жогоруда аты аталган окумуштуулардын эмгектеринде, жалпысынан алганда, адамдын сырткы келбетине байланыштуу статикалык өзгөчөлүк-белгилер каралган. Анткени аларда адамдын сырткы келбетин мүнөздөөгө байланыштуу, негизинен, сын атооч сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору изилденген. Бул багыттагы көпчүлүк илимий эмгектерге жүргүзүлгөн иликтөөлөр көргөзгөндөй, адамдын сырткы келбетинин статикалык мүнөздөгү белгилери, жалпысынан алганда, сын атооч сөздөрдүн жардамы аркылуу туюндурулат. Ал эми статикалык белгилерге карама-каршы түшүнүк катары адамдын сырткы келбетиндеги динамикалык белгилер эсептелет. Динамикалык белгилер, жөнөкөйлөштүрүп айтканда, адамдын сырткы келбетиндеги өзгөрүүлөр адамдын биологиялык организм жана инсан катары өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу келип чыгып, аларды туюндурууда, негизинен, этиш сөздөр басымдуулук кылат. Динамикалык мүнөздөгү өзгөрүүлөр төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүп жүрөт:

1) адамдын тулку-боюнун же анын бөлүктөрүнүн физиологиялык реакциялары же андай реакциялардын, б.а., кыймылдын жоктугу (денени

титирек басты, селейип катып калды ж.б.); адамдын терисинин түсүнүн өзгөрүшү (кызарып кетүү, бозоруп кетүү, жүзүнөн кан качуу ж.б.); суюктуктун бөлүнүп чыгуусу (тердеп кетүү, көздөн жаш агуу ж.б.);

2) мимикалык кыймылдар (жылмаюу, оозду ачуу, кабак түйүү, көздөрдүн алайышы ж.б.);

3) дененин жана дене бөлүктөрүнүн кыймылы (жүгүнүү, ийин куушуруу, колун жаңсоо,башты ылдый салуу ж.б.);

4) адамдын тулку-боюнун мейкиндиктеги абалы (какайып туруу, бүкүрөйүү, кыйшаюу ж.б.);

5) адамдын жүзүндөгү жана көздөрүндөгү өзгөрүүлөр (кубануу, кайгыруу, көздөрдүн жадырашы, жайнашы ж.б.).

Келтирилген жалпы мүнөздөгү бөлүштүрүүдөн көрүнүп тургандай, адамдын сырткы келбетиндеги динамикалык белгилер табигый, б.а., адам тарабынан атайын жасалбаган мүнөздө болоору көрүнүп турат. Мындай мүнөздөгү динамикалык белгилер кырдаалга карап, адам тарабынан атайын да жасалышы ыктымал. Бул классификацияны келтиргенибиздин негизги себеби адамдын сырткы келбетин, мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү туюндурууга байланыштуу колдонулган түрк тилдериндеги бир катар орток сөздөрдү изилдөөгө алышкан Э.В.Севортян, Е.З.Кажибеков, У-Ж.Ш.Дондуков, Н.З.Гаджиева өңдүү окумуштуулар алардын этимологиясына токтолуп, адамдын мүнөзүнө карата айтылган айрым сөздөр алгач динамикалык, процессуалдык түшүнүктөрдү, б.а., кыймыл-аракеттерди билдирген этиш сөздөр болгондугун далилдөөгө аракет кылышкан. Маселен, аты аталган окумуштуулар эмгектеринде якут тилиндеги ***“хадьар”*** (кыргыз тилинде ***“кежир”*** Г.К) деген сөздүн этимологиясын ар тараптан карап, аны аныктоо аракетин көрүшкөн: Видимо, слово ***хадьар*** первоначально обозначало качество, нрав животных. Об этом свидетельствует лексические параллели ***качар*** поднимать к верху; закидывать назад /голову/, выпячивать вперед /грудь/ из чувашского языка; ***кажагай*** лошадь, задирающая голову/при натягивании поводьев/ и не желающая идти из киргизского языка [Севортян, 1962, 407];

[Киргизско-русский словарь, 1965, 313]. При абстрагизации слово ***хадьар*** стало выражать свойства и качества характера человека, причем отрицательные. Люди с такими качествами делают все наперекор, любят возражать, перчить, вступают в пререкания по малейшему поводу, имеют несговорчивый, упрямый, непослушный характер.

Е.З.Кажибеков к данной реликтовой основе приводит соответствующие лексические параллели из казахского, уйгурского, азербайджанского языков [Кажибеков, 1985, 167]. Как видно, в древних производных основах сохранились этимологические корневые гласные (-**а**-), -**дь**-, видимо, восходит к -***й***-, т.к. якутская основа ***хадьар*** склонный грубо противоречить, склонный к грубому препирательству фонетически соответствует к древнетюркскому корню ***дай*** 1) поварачиваться, оборачиваться; 2) обращать внимание; 3) обращаться к чему-либо, склоняться [Древнетюркский словарь, 1969, 406].

Е.В.Севортян, приводя параллели из киргизского, турецкого языков, утверждает, что более древним значением глагола ***дай*** «гнуться», «склоняться назад», «коробиться» и др. является значение «гнуться», «сгибаться назад» [Древнетюркский словарь, 1969; Севортян, 1966, 12]. Итак, якутское прилагательное ***хадьар*** “склонный грубо противоречить, склонный к грубому препирательству”, по всей вероятности, образовано от древнего причастия на –р (-ар), которое сохранилось, по утверждению исследователей, только в якутском языке (как закономерное причастие настоящего времени). Данное причастие, выражающее динамические свойства и качества предмета, восходит к отглагольным прилагательным [Севортян, 1966, 344; Гаджиева, Серебренников, 1986, 150]. Демек, келтирилген бул пикирден айкын болгондой, адамдын сырткы жана ички бөтөнчөлүктөрүнө, асыресе, мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү туюндурган айрым сын атоочтордун негизи этиш сөздөрдөн жасалгандыгы туурасындагы жыйынтыкка келүүгө болот. Андыктан адамдын сырткы келбетине байланыштуу статикалык жана динамикалык белгилерди туюндурган тилдик каражаттар түзүп турган лексика-тематикалык

топту, анын ичине кирген лексика-семантикалык топторду бир гана сөз түркүмүнө тиешелүү сөздөр түзүшү мүмкүн эмес.

Адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилерге карата казак тилинде колдонулган тилдик каражаттар М.Ержановдун “Лексико-семантическая группа слов, описывающих внешность человека в казахском языке” [Ержанов, 1988] аттуу диссертациялык ишинде каралган. Аталган изилдөө иши орус тилинде жазылгандыктан анда адамдын мүнөзүнө карата “симпатичный”, “красивый”, “уродливый”, “противный” деген өңдүү лексемалар да тиешелүү экендиги айтылат. Биздин пикирибизде, саналып өткөн лексемалар “Адам” деген глобалдык семантикалык талаага киргени менен, алар адамдын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөргө түздөн-түз тиешелүү эмес. Жыйынтыктап айтканда, жалпы лингвистикалык түркологияда адамдын сырткы келбетинин тилдик сүрөттөөсүнө байланыштуу изилдөөлөр узак мезгилден бери эле жүргүзүлүп келе жаткандыгына карабастан, сырткы келбеттин статикалык жана динамикалык белгилеринин, аларды туюндурган сөздөрдүн лексика-семантикалык топторунун чегин так ажыратуу, мындай тилдик каражаттардын семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүн, стилдик жана текст түзүүчү коммуникатидик потенциалын, лексика-семантикалык топ ичиндеги окказионалдык жана энантиосемиялык кубулуштарды комплекстүү изилдөө өңдүү бир катар маселелер бүгүнкү күндө дагы актуалдуулугун жоготпой келе жаткандыгы адамдын сырткы келбетине байланыштуу колдонулган тил каражаттарын изилдөө көп аспектилүү, татаал,масштабдуу маселе экендигин айгинелейт.

1.3. Кыргыз тил илиминде изилдениши

Кыргыз тил илиминде адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр сын атооч сөз түркүмүн изилдөөгө арналган илимий эмгекте, асыресе, нормативдүү грамматика, тарыхый грамматика ошондой эле салыштырма тектештирме багыттарында жазылган изилдөө иштеринде үзүл-кесил каралып келген. Атап айтканда, сын атооч сөздөрдү лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүдө, ошондой эле сын атооч

сөздөрдүн морфологиялык жол менен жасалышында адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу сөздөр сын атооч сөз түркүмүнүн изилдениш фонунда фрагментардуу мүнөздө иликтөөгө алынган. Аталып өткөн багыттардагы изилдөө иштери И.А.Батманов, Т.Актанов, У.Асылбеков, К.Бакеев, К.К.Сартбаев, Ы.Жакыпов, А.Жапаров, С.Кудайбергенов, Б.Орузбаева, Б.Үмөталиева өңдүү окумуштуулар тарабынан жүргүзүлгөн. Сын атоочторду ар кандай аспектилерден изилдөөнүн кийинки этабы окумуштуулар Б.Орузбаеванын, И.Абдувалиевдин, К.Саматовдун эмгектеринде улантылган. Ал эми сын атоочторду башка тилдердеги сын атоочтор менен салыштырып изилдөө багытында Т.Садыков, Б.Сагынбаева, Т.Нуриев, Н.Турганбаев өңдүү окумуштуулар изилдөө иштерин жүргүзүштү.

Жалпы тил илиминде, орус тил илиминде жана жалпы лингвистикалык түркология жааттарында сын атоочтордун семантикалык жана грамматикалык жактан көп пландуулугу, алардын синтаксистик жана стилдик табияты көптөгөн карама-каршы пикирлерди жаратып келгендиги туурасында биз мындан мурунку параграфтарда сөз кылганбыз. Кыргыз тил илими жаатында да сын атоочтор боюнча айрым такталбаган талаш маселелер бар экендиги А.Мурзалиеванын “М.Гапаровдун чыгармаларынын эстетикалык кудурети” аттуу эмгегинде төмөндөгүчө белгиленет: 1953-жылы биринчи жолу Б.Үмөталиева тарабынан, негизинен, сын атооч сөз түркүмү толук, кеңири иликтөөгө алынып, “Имя прилагательное в современном кыргызском языке” деген темада кандидаттык диссертация корголгон.

... Алгачкы кыргыз тил илиминдеги сын атооч сөз түркүмү жөнүндө кеңири изилденген иш экенин тана албайбыз, бирок ошол учурдун талабынанбы, же орус тилинин таасиринен уламбы, айтор, аталган эмгекте ийгиликтер менен кошо мүчүлүштүктөр кездешет. Алсак, сын атоочтун сөз түркүмдүк белгилерине, сүйлөмдө аткарган кызматына карата, тагыраак айтканда, сын атоочту сөз түркүмүнө бөлүштүрүүдөгү морфологиялык жана синтаксистик принциптери көз жаздымда калган учурлар да бар. Маселен, морфологиялык принципке ылайык ***–ча*** мүчөсүн кыргыз тилинде сын атоочту курай алат деп

белгилейт [Үмөталиева, 1965, 63]. Ал эми профессор И.Абдувалиев ***–ча*** мүчөсүн сын атоочту жасоочу мүчөлөрдүн катарына кошпойт [Абдувалиев, 2008, 224]. Ушул эле ***–ча*** мүчөсүн "Азыркы кыргыз адабий тили" аттуу эмгекте сын атоочтун жай даражасынан басаңдатма даражаны жасоочу мүчө дешип, *"Акча бети нурданып"; "сулууча кыз"* сыяктуу мисалдарды келтирет [Мурзалиева, 2014,27]. Демек, мындан ***–ча*** мүчөсүнүн адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган басаңдатма даражадагы сын атоочторду жасай тургандыгы туурасындагы жыйынтык чыгарууга болот.

Кыргыз тил илиминде адамдын сырткы келбетине байланыштуу лексиканы, б.а., соматикалык лексиканы структура-семантикалык, функционалдык-семантикалык ошондой эле этимологиялык аспектилерден изилдөө боюнча бир катар илимий макалалар жазылып, диссертациялык иштер корголгон. Маселен, 1991-жылы М.Толубаевдин "Название частей тела в кыргызском языке" деген эмгеги жарык көрүп, анда соматикалык атоолордун курамы, алардын метафоризацияланып, жер-суу объектилеринин аталышы катары колдонулушу иликтенген. Автордун аталган эмгегинде адамдын дене бөлүктөрүн атоого байланыштуу: "...Состав соматических названий в кыргызском и других тюркских языках весьма разнообразен. Большинство исконно тюркских соматизмов состоят из одного полнозначного слова - корневого и производного порядка. Таковыми соматическими названиями являются: бут - нога, ооз - рот, алакан - ладонь, арка - спина, баш - голова, муун- сустав и.т.д. Исконно тюркские соматизмы классифицируются как по слоговому составу их основы, так и по фонетическому облику аффиксов. Например, односложные соматизмы с окончанием на - ш: баш - голова, тиш - зубы, төш - грудь, каш - брови, ба-ш, ти-ш. Односложные соматические названия с окончанием на -т: бет -лицо,эт-мясо, өт -желчь. Из двусложных соматизмов наибольшую группу составляют слова с окончанием -ак,-өк,-ык,-ик-,- к,-ук,-ек: кул-ак, каб-ак, там-ак, кирп-ик, бил-ек, тырм-ак, колт-ук, жур-өк, ич-ек, куйр-ук, жил-ик, том-ук, сөө-к, бейр-өк, шыйр-ак, куч-ак, курс-ак и.т.д.» деген пикир айтылып, алар муундук курамы боюнча классификацияланган.

Ал эми С.Ж.Жанчарбекованын “Соматические компоненты в эпосе “Манас” [Жанчарбекова, 2017] аттуу макаласында эпикалык каармандардын сырткы келбетине байланыштуу тилдик сүрөттөөлөр келтирилип, ал сүрөттөөлөр теориялык өңүттөн классификацияланып, макалада ар бир каарманга берилген портреттик сүрөттөөлөр филологиялык өңүттөн сыпатталган. Б.а., автордун макаласында таза тилдик аспекти менен бирге адабият таануучулук аспектинин элементтери орун алгандыгы байкалат. Маселен, эпостогу аялдардын көркөм образдарына байланыштуу:

Шооруктун кызы Акылай
Короз моюн, аппак эт,
Койкоңдогон кара бет.
Карагат көздүү, кардай эт,
Кашкаңдаган кара бет.
Кыздардан чыгып бөлүнүп,
Кыргоолдой мойну бөлүнүп –деген өңдүү портреттер келтирилип, аларга талдоо жүргүзүлгөн. Дегеле, адабият теориясында “портрет” түшүнүгү кош мааниде колдонулат. Биринчи маанисинде көркөм чыгармалардагы каармандарга берилген портреттерди түшүндүрсө, экинчи маанисинде, көбүнесе, замандаш акын-жазуучулардын бири-бирине берген мүнөздөмө-баасын, эскерүүлөрүн түшүндүрөт. Адабий персонаждардын портретттерине байланыштуу изилдөөлөр кыргыз адабияты жаатында А.Акматалиев [Акматалиев, 2002; 2010], М.Мамыров [Мамыров, 1980], К.Артыкбаев [Артыкбаев, 1966], С.Байгазиев [Байгазиев, 1993] ж.б. бир катар окумуштуулар тарабынан жүргүзүлсө, ал эми акын-жазуучулардын өздөрүнүн портреттерине байланыштуу изилдөөлөр катары К.Маликовдун “Замандаштарым жана каламдаштарым” [Маликов, 1964], З.Бектеновдун “Замандаштарым жөнүндө эскерүү” [Бектенов, 1992] өңдүү эмгектерин атап өтүүгө болот.

Адамдын сырткы келбетине байланыштуу соматикалык тилдик каражаттар тил илиминде вербалдык эмес каражаттардын контекстинде да

изилденип жүрөт. Анткени адамдын сырткы келбетиндеги динамикалык өзгөрүүлөрдү коммуникациялык кыймыл катары да мүнөздөө менен, аларды вербалдык эмес каражаттардын, ымдоо-жаңсоолордун катарына кошуп паралингвистиканын объектиси катары караган окумуштуулар да бар. Маселен, адамдын жүзүндөгү динамикалык өзгөрүүлөр катары эсептелген ар кандай эмоциялардын фонунда адамдын жүзүндөгү өзгөрүүлөрдү мимикалар, ал эми суюктуктардын бөлүнүп чыгуусун, маселен, оозуна кара суу келүү, көзүнө жаш тегеренүү, кара терге түшүү өңдүү динамикалык белгилерди симптоматикалык жесттер катары караган изилдөөлөр өзүнчө чоң багытты түзө тургандыгы белгилүү. Кыргыз тил илиминде ымдоо-жаңсоолор боюнча илимий-теориялык жактан негизделген, ар тараптуу изилдөө катары А.Ботобекованын “Кыргыз ымдоо-жаңсоолору” деген эмгеги белгиленип жүрөт. Ымдоо-жаңсоолордун маалымат туюндуруучу табиятынын кыргыз тил илиминде изилдениш деңгээли боюнча автор: “Ошондой болсо да, адилеттүүлүк үчүн белгилей кетүү жөн: кыргыз тил илиминин тарыхында айрым окумуштуулардын ымдоо-жаңсоо белгилеринин маалымат туюндуруу табияты, сүйлөшүүдөгү кызматы тууралуу айткан айрым пикирлерин жолуктурууга болот. Мисалы, кыргыз коомчулугунда колдонулган ымдоо-жаңсоо белгилеринин улуттук өзгөчөлүктөрү тууралуу Д.Сыдыкбекованын [Сыдыкбекова, 1982], этнографиялык жактан А.Мырзакматовдун [Мырзакматов, 2000], байыркы таш бетиндеги жазмалардагы ымдоо-жаңсоо белгилеринин чагылышы жана ал белгилердин ой туюндуруу мүмкүнчүлүгү тууралуу Л.Жусупакматовдун [Жусупакматов, 1998], жазуучулардын тилин, оозеки сүйлөө стилин изилдөөдө ымдоо-жаңсоо белгилеринин орду жөнүндө Т.Аширбаевдин [Аширбаев, 2000], тексттин лингвистикалык табиятын изилдөөдө, ымдоо-жаңсоо белгилеринен куралган “унчукпоо тексттин” Т.Маразыковдун [Маразыков, 2004] эмгектеринен кезиктирүүгө болот. Бирок аталган эмгектерде сөз болуп жаткан маселенин айрым жактары гана изилдөөчүлөрдүн максаттарына ылайык, учкай жана үстүртөн гана териштирилген. Ошол себептен азыркы кыргыз тил илиминде оозеки

сүйлөшүүдөгү ымдоо-жаңсоо белгилерин, үндүн түрдүү угумдарын уюштуруучу каражаттарды, алардын сүйлөшүүдөгү кызматтарын аныктоо илимий-теориялык тактоолорго муктаж көп өңүттүү маселелерден болуп саналат [Ботобекова, 2007]. Келтирилген пикирдин аягында белгиленип өткөндөй, сөз болуп жаткан маселе көп өңүттөн каралуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондуктан, адамдын сырткы келбетиндеги динамикалык мүнөздөгү өзгөрүүлөр, белгилер, бир жагынан, паралингвистиканын объектиси катары, экинчи жагынан, адамдын тышкы келбетинин тилдик сүрөттөмөсү катары да каралышы ыктымал. Демек, аталган эки багыт бир эле объектини изилдөөнүн эки өңүтү катары мүнөздөлүшү абзел.

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды эки тилдин материалынын негизинде изилдөө кыргыз тил илими, салыштырма, тектештирме тил илими жааттарында соңку мезгилдерде тенденциялуу мүнөзгө өткөндүгү байкалат. Буга мисал иретинде изденүүчү Южел Дурдунун “О качественных прилагательных признака лица в кыргызском и турецком языках” аттуу макаласын да кошумчалап кетүүгө болот.

Мындан тышкары аталган багытта корголгон диссертациялык иштерге О.С.Абдыкаимованын “Функционально-семантическое и структурно-семантическое исследование соматических фразеологизмов” [Абдыкаимова, 1992] жана “ Ы.А. Темиркулованын “ Языковая картина мира в Русско-Кыргызском культурно-смысловом пространстве (на материале концептов “глаз” –“көз” и “лицо –“бет” [Темиркулова, 2010] деген кандидаттык диссертацияларын атап кетүүгө болот. Ы.А.Темиркулованын аталган кандидаттык диссертациясында “көз” жана “бет” деген концептилердин эки тилдеги семантикалык катмарлануусу, ассоциациялык талаасы, семантикалык диапазону, алардын өтмө маанилери: “В кыргызском языке слово “бет” является также символом, обозначением морально-нравственных качеств человека, его совести и стыда, что реализуется в выражениях типа “бети кара”- “опозоренный”, “посрамленный”, “бесстыдный”, “нечестный”, “көк бет”- “упрямый”. Сравнительный анализ показывает, что такие ценности, как

“совесть, стыд, честь” у кыргызов соотносятся с языковой формой “лицо”, в то время объективация этих концептов в русском языковом сознании связана с “глазом”. Сравните. 1. Кайсы бетим менен барам! С какими глазами я пойду! 2. Бети жок турбайсынбы. Бесстыжие твои глаза. 3. Кайсы бетим менен аны көрөм. Глаза бы мои не глядели на него. В то же время в русском языковом сознании концепт “лицо” служит средством выражения внутреннего состояния субъекта, а в кыргызском языке данный смысл реализуется через концепт “көз”. Так, смысл пропозиции “Очевидно; и так понятно; это не требует доказательств” реализуется в дискурсивных высказываниях русского языка. Да, у тебя на лице написано. В кыргызском языке данный смысл реализуется в выражениях типа: Көзүң эле айтып турбайбы. Көздөрүңөн билинип турат” деген тилдик праллелдердин мисалында ачылып берилген.

Когнитивдик лингвистикадагы концептология багытындагы мындай мазмундагы изилдөөлөрдө соматикалык лексиканы изилдөөнүн жаңы өңүттөрү ачылып, тактап айтканда, адамдын дене мүчөлөрүнө байланыштуу метафоризацияланган, өтмө маанилердин семантикалык диапазону, коммуникативдик потенциалы комплекстүү мүнөздө изилденип жаткандыгы байкалат. Ошондой болсо дагы, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу тил каражаттарын изилдөөнүн бир катар өңүттөрү актуалдуу маселелердин катарында калууда. Атап айтканда, мындай тил каражаттарынын семантика-структуралык, функционалдык-семантикалык өзгөчөлүктөрү, өтмө маанилери, метафоризацияланышы, текст түзүүчү коммуникативдик потенциалы, синонимимдик катар менен антонимдик жуптарды түзүшү, лексика-семантикалык топ ичиндеги окказионалдык жана энантиосемиялык кубулуштар келечектеги изилдөөлөрдүн объектиси бойдон калууда.

Биринчи бап боюнча кыскача жыйынтык

1.Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата пайдаланылган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүдө жалпы тил илиминде ар кайсы окумуштуулар тарабынан ар кандай критерийлер

пайдаланылган. Атап айтканда, адамдын тышкы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды таза тилдик өңүттөн изилдөөгө алган окумуштуулардын катарына Н.Н.Кузнецованы [Кузнецова, 1997], Р.Н.Мононду [Менон,1985], Г.А.Путягинди [Путягин, 1975], О.В.Коротунду [Коротун, 2002], С.В.Овчинниковаты [Овчинникова, 2001] киргизүүгө болот. Ал эми адамдын сырткы келбетин мүнөздөөчү орус тилиндеги тилдик каражаттар функционалдык-семантикалык аспектиден Т.В.Гамалейдин [Гамалей, 1989], Т.Н. Федотованын [Федотова, 1999] эмгектеринде иликтөөгө алынган.

Чет тилдүү аудиторияга адамдын келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган орус тилиндеги тилдик каражаттарды окутуу багытында негизги эмгектер катары О.И.Глазунованын [Глазунова, 1997], И.В.Одинцованын [Одинцова, 2000], Е.Е.Юрковдун [Юрков, 2004] эмгектерин атап өтүүгө болот.

2.Алтай уясына кирген тилдердин мисалында компоративистикалык багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөр катары С.Д.Егинованын [Егинова,1994], А.Чумакаевдин [Чумакаев, 2002], О.М.Альчикованын [Альчикова, 2004], Б.Б.Саналованын [Саналова, 2004], М.Ержановдун [Ержанов,1988], Н.В.Ерленбаеванын [Ерланбаева, 2005], А.Н.Майзинанын [Майзина, 2006], Н.З.Гаджиеванын [Гаджиева, 1986], У-Ж.Ш. Дондуковдун [Дондуков, 1964], Е.З.Кажибековдун [Кажибеков, 1985],С.Калужинскийдин [Калужинский, 1981], В.И.Лихановдун [Лиханов, 1990], Э.В. Севортяндын [Севортян,1966] илимий эмгектери белгилүү.

3.Динамикалык белгилер, жөнөкөйлөштүрүп айтканда, адамдын сырткы келбетиндеги өзгөрүүлөр адамдын биологиялык организм жана инсан катары өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу келип чыгып, аларды туюндурууда, негизинен, этиш сөздөр басымдуулук кылат. Динамикалык мүнөздөгү өзгөрүүлөр төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүп жүрөт:

1) адамдын тулку-боюнун же анын бөлүктөрүнүн физиологиялык реакциялары же андай реакциялардын, б.а., кыймылдын жоктугу (денени титирек басты, селейип катып калды ж.б.); адамдын терисинин түсүнүн

өзгөрүшү (кызарып кетүү, бозоруп кетүү, жүзүнөн кан качуу ж.б.); суюктуктун бөлүнүп чыгуусу (тердеп кетүү, көздөн жаш агуу ж.б.);

2) мимикалык кыймылдар (жылмаюу, оозду ачуу, кабак түйүү, көздөрдүн алайышы ж.б.);

3) дененин жана дене бөлүктөрүнүн кыймылы (жүгүнүү, ийин куушуруу, колун жаңсоо,башты ылдый салуу ж.б.);

4) адамдын тулку-боюнун мейкиндиктеги абалы (какайып туруу, бүкүрөйүү, кыйшаюу ж.б.);

5) адамдын жүзүндөгү жана көздөрүндөгү өзгөрүүлөр (кубануу, кайгыруу, көздөрдүн жадырашы, жайнашы ж.б.).

4. Келтирилген жалпы мүнөздөгү бөлүштүрүүдөн көрүнүп тургандай, адамдын сырткы келбетиндеги динамикалык белгилерди, ал гана эмес анын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү туюндурууга байланыштуу колдонулган түрк тилдериндеги бир катар орток сөздөрдү изилдөөгө алышкан Э.В.Севортян, Е.З.Кажибеков, У-Ж.Ш.Дондуков, Н.З.Гаджиева өңдүү окумуштуулар алардын этимологиясына токтолуп, адамдын мүнөзүнө карата айтылган айрым сөздөр алгач динамикалык, процессуалдык түшүнүктөрдү, б.а., кыймыл-аракеттерди билдирген этиш сөздөр болгондугун далилдөөгө аракет кылышкан.

5. Кыргыз тил илиминде соматикалык лексиканы структура-семантикалык, функционалдык-семантикалык ошондой эле этимологиялык аспектилерден изилдөө боюнча бир катар илимий макалаларды, маселен, М.Толубаевдин “Название частей тела в кыргызском языке” [Толубаев, 1991], С.Ж.Жанчарбекованын “Соматические компоненты в эпосе “Манас” [Жанчарбекова, 2017] деген макалаларын атап көрсөтүүгө болот.

6. Кыргыз тил илиминде адамдын сырткы келбетине байланыштуу соматикалык тилдик каражаттарды паралингвистикалык өңүттөн караган изилдөө катары А.Ботобекованын “Кыргыз ымдоо-жаңсоолору” деген эмгеги белгилүү.

7. Кыргыз коомчулугунда колдонулган ымдоо-жаңсоо белгилеринин улуттук өзгөчөлүктөрү тууралуу Д.Сыдыкбекованын [Сыдыкбекова, 1982],

этнографиялык жактан А.Мырзакматовдун [Мырзакматов, 2000], байыркы таш бетиндеги жазмалардагы ымдоо-жаңсоо белгилеринин чагылышы жана ал белгилердин ой туюндуруу мүмкүнчүлүгү тууралуу Л.Жусупакматовдун [Жусупакматов, 1998], жазуучулардын тилин, оозеки сүйлөө стилин изилдөөдө ымдоо-жаңсоо белгилеринин орду жөнүндө Т.Аширбаевдин [Аширбаев, 2000], тексттин лингвистикалык табиятын изилдөөдө, ымдоо-жаңсоо белгилеринен куралган “унчукпоо тексттин” Т.Маразыковдун [Маразыков, 2004] эмгектеринен кезиктирүүгө болот.

II Бап. Лексикадагы системалуулук

2.1. Изилдөөнүн материалдары жана методдору.

Изилдөө ишибиздин материалдары катары 2011-жылы жарык көргөн кыргыз тилинин сөздүгүнөн адамдын жүзүндөгү айрым атрибуттарга, атап айтканда, көзүнүн, мурдунун, оозунун, эриндеринин, тиштеринин, кулактарынын, чачынын, сакал-мурутунун, каштарынын, ошондой эле дене мүчөлөрүнүн ичинен башынын, колдорунун, буттарынын өзгөчөлүктөрүнө, ал эми жалпы тулку - бойдун параметрдик белгилеринин ичинен боюнун өзгөчөлүгүнө байланыштуу колдонулган сөздөр эсептелинет. Маселен, адамдын мурдун сүрөттөөгө байланыштуу кыргыз тилинде төмөндөгүдөй сөз, сөз тизмектери активдүү лексиканын алкагында колдонулуп келет. Атап айтканда, мурундун формасына карата колдонулган төмөндөгү сын атооч сөздөрдүн катары келтирилген:

Мурундуу – мурду чоң.

Кочкор тумшук.

Жалпак тумшук.

Кыр мурун.

Кырдач мурун.

Кетирекей мурун.

Быйпыгый –быйпык, быйпыйган.

Быйпык – таноосу ич жагына тартылгансып, мурду чолок келген кичине.

Быйпыйган – быйпык.

Бырбыгый – мурду чүрүшкөн, бырбыйган.

Бытыгый – кичинекей, бытыйган.

Узун мурун.

Барбагай – барбагай, барбайып турган.

Барбайган – барбак.

Барбак – барбайган.

Барбайыңкы – бир аз барбайган, анча мынча көбүңкү.

Бучугуй – быйпыйып кетирекейинен келген, бучуйган.

Бучуйган – быпыйган, мурду кичине чолок.

Оңкогой – оңкойгон, коңкойгон.

Оңкойгон

Ормокой //оңкогой //ормойгон.

Таңырайган //таңыракай.

Чуштуйган

Шаңырайган

Эдирекей

Эңирейген

Ишибиздеги изилдөөгө алына турган материалдар төмөндөгү булактардан алынды: атап айтканда, изилдөөнүн негизги объектиси болгон адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө алган сөздөр менен сөз тизмектери “Кыргыз тилинин сөздүгү” (1-2 бөлүк), К.К.Юдахиндин “Кыргызча-орусча” сөздүгүнөн алынса, ал эми алардын көркөм текстте аткарган кызматын иллюстрациялаган үзүндүлөр, материалдар Ч.Т.Айтматовдун чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, Т. Касымбековдун “Сынган кылыч”, “Кыргыз поэзиясынын антологиясы” өндүү булактардан алынды.

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөрдү жана сөз тизмектерин изилдөөдө сыпаттама, топтоо, системалаштыруу, структуралык анализ, синтез өндүү методдор пайдаланылды.

2.2. Лексикадагы лексика-семантикалык класстардын иерархиясы

Тилдеги системалуулук окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленип жүргөн илимий жобо катары эсептелет. Системалык принцип бүгүнкү күндөгү тил илиминин, жалпы эле таанып-билүү, тааным процессинин методологиялык аспектисинин илимий принциби катары изилдөө объектисине система-структуралык мамиле кылуунун мыйзамченемдүү көрүнүшү болуп саналат. Анткени азыркы тил илими изилдөөнүн объектисин, изилдөөнүн предметин элемент-бирдиктери өз ара ырааттуу байланыштагы бүтүн бир система деп таануу менен, бул багытта натыйжалуу жыйынтыктарды, майнаптуу корутундуларды алууга боло тургандыгын далилдөө аракетинде.

Окумуштуулардын белгилөөсүндө системалык принцип бүгүнкү мезгилде илимий таанып-билүү процессин аныктоочу өзгөчө тенденция катары өнүгүүдө. Ал тилдик белгилүү бир кубулуштун, фактынын табиятын, маңыз маанисин терең, ар тараптуу аныктоо, аны бир типтеги жана ар типтеги , бир деңгээлдеги жана түрдүү деңгээлдеги башка кубулуштар, башка фактылар менен карым-катышта, өз ара ырааттуу байланыштагы бүтүндүк катары кабылдоону талап кылуу менен, лингвистикалык изилдөөлөрдүн объектисин система-структуралык бүтүндүк деп таануу мүмкүнчүлүгүн аркалайт. Демек, таанып-билүүнүн системалык принцибине негизделген изилдөө тилдик тигил же бул кубулуштун, фактынын жеке алынган өзгөчөлүгүнө эмес, анын өзүндөй гомогендик (бир типтеги) жана гетерогендик (ар типтеги) башка кубулуштар, башка фактылар менен болгон өз ара байланышка, алардагы координативдик, субординативдик өзгөчөлүктөргө, аналитика-синтетикалык касиеттерге, статикалык-динамикалык процесстерге, синтагматикалык, парадигматикалык мамилелерге, жалпы мыйзамченемдүүлүктөргө өзгөчө басым коюу менен, объектини система катары изилдейт.

Тилдик кубулуш, фактыны система катары түрдүү жагынан ар кыл багытта карап, ага ар кыл аспектиден мамиле кылуу мүмкүнчүлүгү аны иликтеп-изилдөө алгач эмнеден, кантип башталат деген мамилени шарттайт.

Системалык принципке ылайык тилдик кандай гана кубулуш, факт болбосун, биринчиден, белгилүү бир прагматикалык чөйрөдө, белгилүү бир дистрибуцияда жана алкакта өзүнүн бөлүктөрүнө, элементтерине, компоненттерине, структуралык бирдиктерине карата система катары колдонулса жана системаны уюштурган компонент-элементтер анын ички бирдиктери катары милдет аткарышса, экинчиден, ошол эле система өзүнөн чоң дагы бир башка системанын ички элементи, бөлүгү, структуралык бирдиги катары колдонулат. Маселен, жөнөкөй сүйлөм өзүнүн тутумундагы функционалдык, семантикалык, структуралык синтаксемаларга, алардын ортосундагы өз ара карым-катышка, байланышка жана бул компоненттердин ыраттуу ички бүтүндүгүнө карата система катары функцияланса, ошол эле

жөнөкөй сүйлөм белгилүү бир прагматикалык чөйрөдө, белгилүү бир дистрибуцияда жана алкакта өзүнүн синтаксемалык компоненттери жана алардын ортосундагы туруктуу өз ара байланыштары, карым-катыштары менен бирдикте башка деңгээлдеги тилдик структуранын – татаал сүйлөмдүн, кеп айтымдарынын гана бир элементи, каражат-бирдиги катары колдонулуп, сапаттык деңгээлдеги башка системанын түзүлүшүн, уюшулушун жана функцияланышын шарттайт. Ал эми татаал сүйлөм, кеп айтымдары ошол эле учурда өзүнүн синтаксемалык компоненттери жана алардын ортосундагы коррелятивдик иерархиялык карым-катыштары жана өз ара байланыштары менен дагы бир жогорку деңгээлдеги башка системанын-тексттин структуралык компоненти, элемент-бирдиги катары субординативдик функция аткарышы да кадыресе көрүнүш болуп саналат.

Демек, сүйлөм, татаал сүйлөм, кеп айтымы-текст бир эле учурда ырааттуу уюшулган бүтүн система жана системанын компоненти, элемент-бирдиги катары функцияланып, булардын элементтеринин ар бири өзүнөн мурунку жана өзүнөн кийинки элемент-бирдик менен белгилүү бир карым-катышта, байланышта болот да, ошого жараша ички жана сырткы системанын жаралышын шарттайт.

Арийне, ушундан улам системалык принципке ылайык объектини изилдөө жана ал жөнүндө белгилүү деңгээлдеги билимге ээ болуу, биздин пикирибизче, төмөнкү жагдайларды иликтөөдөн башталышы талапка ылайык:

биринчиден, тилдик кубулуштардын, фактылардын система түзүүчүлүк мүмкүнчүлүгү жана жалпы касиети аныкталышы зарыл;

экинчиден, тилдик кубулуштардын, фактылардын система түзүүчүлүк байланышы аныкталышы зарыл;

үчүнчүдөн, системалуулукту шарттоочу жалпы мыйзамченемдүүлүктөр аныкталып, алар тилдик факт-материалдардын негизинде конкреттештирилиши зарыл;

төртүнчүдөн, тилдик система ички элементтердин өз ара бирдиктүү байланышынын биримдиги катары ырааттуу уюшулган, башкалардан бөлүнгөн (дискреттик) бүтүндүк тибинде изилдениши зарыл;

бешинчиден, системалык принциптин негизги түшүнүк-туюмдары, категориялык-терминологиялык аппараты аныкталышы зарыл.

Жогортодо айтылгандардын негизинде системалык принцип төмөнкүчө аныкталышы биздин изилдөөнүн багытына шайкеш келет: Системалык принцип–бул система уюштуруучу жалпы мыйзамченемдүүлүктөргө, интегралдык касиеттерге ээ боло алуучу туруктуу түзүлгөн, объектилерди изилдөөнүн, таануунун диалектикалык ыкмасы, өзгөчө ык-амалы. Бул принциптин методологиялык жана мазмун-маңыздык маселеси: биринчиден, элементтердин система уюштуруучулук, система түзүүчүлүк мүмкүнчүлүгүн шарттай турган детерминанттары, системадагы спецификалык байланышты, негизди, карым-катышты белгилөө; экинчиден, системанын структуралык мыйзамченемдүүлүгүн аныктоо аркылуу анын система-структуралык бүтүндүк, түзүлүш катары ордун жана функцияланышын көрсөтүү. Ал эми система-структуралык бүтүндүктү түзгөн кубулуштун функцияланышы структуралык ички элементтердин ортосундагы өз ара байланыш (взаимосвязь), өз ара карым-катыш (взаимоотношение) аркылуу гана аныкталат. Андыктан системалык принциптин негизги түшүнүгү болгон өз ара байланыштын маңыз-маанисин тексттик структуранын мисалында аныктай кетүү зарылчылыгы келип чыгат [Мусаев, 2010, 488]. Демек, тил илиминде изилдөө объектисинин маңыз-маанисин аныктоо, алгач, анын түздөн-түз байкап билүүгө мүмкүн болгон жактарын, эмпирикалык мүнөздөгү касиеттерин ачуу жана объектинин өзүн материалдык субстанция катары кабыл алуу менен байланышкандыгы белгилүү, б.а. объектинин табияты анын субстанттык касиети аркылуу гана аныкталган. Фердинанд де Соссюрдун “Тил –бул форма, субстанция эмес” [Соссюр, 1977, 145-154] деген тезисинин айтылгандыгына 100 жылга жакын мезгил өтүп, методологиялык мүнөздөгү илимий-теориялык адабияттарда тил, тилдик кубулуштар структуралык касиеттери аркылуу аныкталып жүрсө дагы,

тигил же бул конкреттүү тилдин факт-материалдарына негизделген эмгектерде тил-тыбыштык материя (субстанция) катары гана белгиленип, тилдик кубулуштар, факт-материалдар субстанттык-нерселик, жеке элементтик анализ деңгээлинен өйдө көтөрүлө албаган. Тилдин, тилдик материалдардын айрым бир жеке элементтерин, фактыларын субстанциянын гана бир "үзүмү" катары кароо тилге материалдык-субстанттык мамиле кылуунун маңызын, тилдин субстанттык касиетин аныктайт.

Соссюр "тилди субстанция эмес",-деп аныктоо менен, "маанилүүлүк" (значимость, ценность) категориясын бекер сунуш кылбаган жана аны шахмат оюнундагы ат фигурасы менен түшүндүрбөгөн. Ат фигурасынын шахмат тактасынын бетинде "Г" формасында жүрө ала тургандыгы анын субстанттык табияты менен эч байланышпаган. Эмнеден жасалгандыгы, көлөмү, өлчөмү, формасы (материалдык субстанциясы) анын "Г" формасында жүрө ала тургандыгын аныктай албайт, аны башка "үчүнчү" нерсе–маанилүүлүк аныктайт (Соссюр, 1977, 154). Демек, объектини анализге алуунун денгээли элементтик-субстанттык деңгээлден алардын ортосундагы өз ара багыныңкылыкты, өз ара шарттоочулукту, б.а. структураны аныктоо деңгээлине көтөрүлөт. Эгерде жогорто белгиленгендей, субстанттык-нерселик деңгээлде изилдөө предмети катары жеке-жеке турган элемент-бирдиктер өз-өзүнчө гана алынса, структуралык деңгээлде ошол элементтердин ортосундагы өз ара карым-катыш жана өтмө катар өз ара ички байланыштар алынат. Элемент-бирдиктердин ортосундагы өз ара карым-катыштын, өтмө катар өз ара ички байланыштын жана алардын өз ара бири-бирин аныктап-шарттоодогу, өз ара багыныңкылык абалдагы өзгөчөлүктөрү изилдөөгө алынып жаткан предметтин, тилдик кубулуштун структуралык касиети, структуралык түзүлүшү катары алынууга тийиш. Демек, тилдик тигил же бул кубулуштун элементтеринин өз ара карым-катыш, байланышы анын структуралык касиети, структуралык түзүлүшү катары ички жана сырткы карым-катышка, байланышка бөлүнөт [Мусаев, 2010, 483]. Мындай парадигманы тилдин башка денгээлдериндей анын лексикасына карата да колдонууга болот. Анткени

лексикалык каражат-бирдиктер да системалуулук принцибине баш ийип, андагы мыйзамченемдүүлүктөргө ылайык жөнгө салынат.

Лексиканын системалуу мүнөзүн, атап айтканда, тилдик каражаттардын ортосундагы семантикалык байланыштардын мыйзамченемдүүлүктөрү туурасында XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында эле А.А.Потебня, М.М.Покровский, Р.Мейер, Г.Шпербер, Г.Ипсен жана башка окумуштуулар тарабынан айтыла баштаган. Ошондой болсо дагы бул түшүнүктү сенек, берилген бир аныктамага сыйып калган түшүнүк катары кабылдоого болбойт. Анткени улам өнүгүп-өзгөрүп турган татаал кубулуш катары системалуулук бир беткей аныктамага ээ болбой, сөз болуп жаткан категория ар кайсы окумуштуулар тарабынан ар башкача чечмеленип келет. Бири-биринен айырмаланган мындай аныктамалардагы орток пикир катары тилдик элементтердин ички карым-катыш, мамилеге негиздилген ырааттуулугун, байланышын эсептөө шарт [Степанов, 1975, 42]. Демек, жеке системалардагы (фонетикалык, грамматикалык, лексикалык ж.б.) бирдиктердин ошол системалардагы башка бирдиктер менен болгон “милдеттүү”, объективдүү байланыш-катышы тилдик системанын жеке системаларын, тагыраак айтканда, структурасын түзөт [Кузнецова,1963,4]. Бирок тилдердин бардык деңгээлдериндеги системалуулук бирдей мүнөздө боло бербейт. Маселен, тилдин фонетикасы жана грамматикасындагы системалуулук анын лексикасындагы системалуулук менен шайкеш келбейт. Анткени аталган деңгээлдердеги системалуулук бирдей деңгээлде уюшулбастыгы белгилүү. Бул жагынан алганда, системанын өзү максималдуу жана минималдуу деңгээлдерде уюшулушу ыктымал. Бирок системанын иштеши анын максималдуу же минималдуу деңгээлдерине эмес, анын уюшулушунун оптималдуу деңгээлине көз каранды. Анткени системанын эволюциясында максималдуулук ийкемсиздикке, сенектикке алып келүүсү ыктымал, ал эми системанын оптималдуу уюшулуусу тактык менен ырааттуулуктун системанын ичиндеги ийкемдүүлүк менен болгон диалектикалык айкашын

түшүндүрөт. Демек, системанын оптималдуулугун анын жашап кетишинин негизги шарты катары эсептөөгө болот.

Системанын уюшулушунун оптималдуулугу фонетиканын, лексиканын жана грамматиканын деңгээлдеринде бирдей боло бербейт. Мындай жагдай аталган тилдик денгээлдердин спецификалык бөтөнчөлүктөрү аркылуу түшүндүрүлөт. Анткени тил ойдун реалдуу чагылышы катары эсептелет. Ал эми ой – объективдүү реалдуулуктун чагылышы болгондуктан, ал биринчи кезекте, лексикада реализациялана тургандыгы да маалым. Андыктан сөз аркылуу туюндурулган тигил же бул кубулуштун касиет-белгилерин, мүнөздөмөсүн эске албай туруп лексиканы изилдөө мүмкүн эмес. Демек, тилдин башка деңгээлдеринен айырмаланып, лексика реалдуулук менен тыгызыраак байланыш-катышка кирген деңгээл экендиги туурасында жыйынтыкка келүүгө болот. Мындай жагдай лексикадагы системалуулуктун оптималдуулук деңгээлинин салыштырмалуу төмөн болуусун шарттайт.

Тилдин лексика-семантикалык деңгээлиндеги системалуулук сөздөрдүн маанилери боюнча ар кандай лексика-семантикалык класстарга биригүү мүмкүнчүлүгү аркылуу түшүндүрүлөт. Тилдин башка деңгээлдерине салыштырмалуу лексикадагы системалуулук жөнүндө тил илиминин тарыхында салыштырмалуу кийинки мезгилдерде гана айтыла баштады [Слесарева, 1990,13]. Бирок ошондой болсо да тилдеги сөздөрдүн бири-бири менен болгон ички маанилик карым-катыш, байланышы туурасында байыркы мезгилдерден бери эле белгилүү экендиги тил илиминин тарыхынан бизге маалым. Тилди система катары мүнөздөөдө анын лексикалык деңгээлиндеги системалуулук окумуштуулар тарабынан бир жактуу кабыл алынбастан, айрым окумуштуулар тарабынан лексикадагы системалуулукту танган көз караштар да айтылып келген [Шмелев, 1977,183]. Жыйынтыктап айтканда, лексикадагы сөздөр жана алар аркылуу туюндурулган маанилер өз алдынча жашабастан, биздин аң-сезимибизден тышкары ар кандай топторго туюндурган негизги маанилериндеги жакындыкка, же тескерисинче, карама-каршылыкка негизделип биригишет [Покровский, 1959, 82]. Демек, татаал лексикалык

системадагы бардык сөздөр бири-бири менен байланышып же каршы коюлуп, алар туюндурган маанилер, эң оболу, башка сөздөрдүн маанилери, тагыраак айтканда, алардын лексикалык системадагы орду аркылуу аныкталат.

Тилдин лексикасында адам турмушундагы түрдүү предметтер менен кубулуштардын ар кандай класстары аталышка ээ боло тургандыгы белгилүү. Предметтер менен кубулуштардын ар кандай класстарын туюндуруу менен, сөздөр реалийлер менен түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыш-катыштардын негизинде топторго биригишет. Бул жагынан алганда, сөздөр колдонулуу чөйрөлөрүнө карата топтоштурулат. Өз кезегинде, сөздөрдүн мындай класстары лексика-семантикалык топторду түзүшөт. Мындай топтордун ичинде тематикалык белгилери боюнча ар кандай лексика-семантикалык парадигмалар болушу мүмкүн. Маселен, коомдук-саясий турмуштагы түрдүү реалийлер, окуя-процесстер, кубулуштар, экономикалык, идеологиялык түшүнүктөр, маданий, тарыхый турмуштагы ар кандай категориялар, турмуш-тиричиликке байланышкан атоолор ж.б.у.с. болушу ыктымал.

Лексикадагы системалык байланыштарды изилдөө тилдин сөздүк корун илимий сыпаттоо зарылчылыгы аркылуу шартталган. Ошону менен эле бирге лексиканы окутууда сөздөрдүн ортосундагы системалуу байланыштарды аныктоого басым жасалышы керек. Атап айтканда, лексемалардын лексика-семантикалык системадагы орду парадигматикалык, синтагматикалык жана деривациялык байланыш-катыштардын негизинде аныкталып, мүнөздөлөт.

Лексикалык бирдиктердин топторго биригишинин принциптерине карата болгон көз караштардын жана аларга карата колдонулган терминдердин көптүгүнө карабай, белгилүү жалпы тенденцияларды аныктап алууга болот. Лексикалык бирикмелерде түзүлгөн семантикалык белгилердин мүнөзү сөздөрдүн классын, алардын топторунун тибин аныктайт. Тил илиминде сөздөрдүн, сөз формаларынын мындай топторуна карата лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ түшүнүктөрү колдонулуп жүрөт. Ал эми аталган түшүнүктөр, өз кезегинде, синонимдик

катарлар менен антонимдик жуптарды өзүнө камтыйт. Жогоруда аталган түшүнүктөрдүн иерархиялык тартибин төмөндөгүдөй үлгүдө көрсөтүүгө болот.

Семантикалык талаа
↓
Лексика-семантикалык талаа
↓
Лексика-тематикалык топ
↓
Лексика-семантикалык топ
↓
Антонимдик жана синонимдик блок
↙ ↘
Синонимдик катар **Антонимдик катар**

Жыйынтыктап айтканда, макро лексика-семантикалык талаа, лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ, антонимдик жана синонимдик блок, синонимдик катар, антонимимдик катар лексикалык системанын өзөгүн түзгөн категориялар катары эсептелет.

2.3. “Семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык талаа” түшүнүктөрүнүн структуралык өзгөчөлүктөрү

Кыргыз тил илиминде “семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык топ”, “тематикалык топ” өңдүү түшүнүктөрдүн чеги ажыратылбай, бир синонимдик катарга кирген түшүнүктөр катары колдонулуп жүрөт. Ал эми соңку мезгилдерде лингвомаданият таануу жаатында семантикалык талаанын, дегеле тилдик категориянын алкагына сыйбаган ары татаал жана карама-каршы табиятка ээ болгон “лингвомаданият таануучулук талаа” комплекстүү түшүнүк пайда болуп, аталган илимий тармакта активдүү колдонулууда.

Азыркы тил илиминде “семантикалык талаа”, салттуу түрдө, туюндурган түшүнүк-нерселердин предметтик жана функционалдык окшоштуктары аркылуу бир топко бириккен тилдик каражаттардын жыйындысы катары

түшүндүрүлөт. Ошондой эле объективдүүлүктүн тигил же бул тилдеги салыштырмалуу автономдуу лексикалык микросистема түрүндө чагылдырылган кичине бөлүгү деген аныктама да бар [Ахманова 1957,]. Мындан тышкары жалпы мазмун аркылуу байланышкан иерархиялык структурага ээ болгон тилдик каражаттардын жыйындысы катары да каралат. Семантикалык талаа деп орток (инварианттык) маани аркылуу бириккен, тилде белгилүү бир түшүнүк сферасын чагылдырган бир катар лексикалык бирдиктердин иерархиялык структурасын да атап жүрүшөт. Мындан тышкары изилдөөчүлөр семантикалык талаага берилген 30дан ашуун аныктаманын бар экендигин белгилешет. Семантикалык талаага ар башка сөз түркүмдөрүнө кирген сөздөр тиешелүү болушу ыктымал. Бирок тигил же бул сөздүн маанисин толук түшүнүү үчүн ошол сөз кирген семантикалык талаадагы башка сөздөрдүн маанисин билүү зарыл экендигин эске алганда, семантикалык талааны система катары мүнөздөгөн төмөндөгүдөй бир нече белгини бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Семантикалык талаа бири-бири менен ар кандай байланыш-катышта турган сөздөрдүн жалпы жыйындысынан туруп, системалуулукка ээ. Ал эми кандай гана система болбосун, ал байланыш, бүтүндүк жана алар аркылуу шартталган структурага ээ. Системада байланыштын экиден кем эмес тиби болуу керек.

2. Кандай гана системаны алып карабайлы, ал башка бир системанын бөлүгү болуп саналат, ал эми анын ар бир элементи өзүнчө бир система болуп эсептелет. Ушул өңүттөн алып караганда, семантикалык талаа тилдин семантикалык мейкиндигине кирүү менен, анын ички формасынын бир бөлүгү катары саналат. Ошол эле учурда семантикалык талаа системалардын системасын эске салат. Маселен, семантикалык талаадагы синонимдер, антонимдер, гипер-гипономикалык уялар өңдүү микросистемаларды бөлүп алууга болот.

3. Системанын өзгөрүү булагы, эреже катары, системанын өзүндө жатат. Семантикалык талаа өз алдынча уюшулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ система болуп

эсептелет. Андыктан анын эволюциясынын себептери, эң оболу, талаанын өзү менен имманенттик катышта каралышы шарт.

4. Система классификациялоочу кызмат аткарат. Тагыраак айтканда, дүйнөнүн тигил же бул фрагментин классификациялайт.

5. Система динамикалуу, ачык, ийкемдүү мүнөзгө ээ. Ушул себептүү ага жаңы элементтер тынымсыз кирип турат. Семантикалык талаанын ийкемдүүлүгү, кыймылдуулугу абстрактуу ой жүгүртүүнүн өнүгүүсү, бизди курчап турган дүйнөдөгү предметтердин табиятындагы улам жаңы белгилердин ачылышы жана өз алдынча уюшулуу жөндөмдүүлүгү аркылуу түшүндүрүлөт (Кезина, 2004, 85).

Биздин көз карашыбызда, семантикалык талаанын белгилери окумуштуу П.Н. Денисовдун эмгектеринде толугураак камтылган. Атап айтканда, окумуштуу семантикалык талаанын төмөндөгүдөй белгилерин атап көрсөтөт: 1) кеңдик (обширность); 2) бинардык каршы коюу эмес маанилик аттракция; 3) бүтүндүк; 4) ырааттуулук; 5) элементтердин өз ара байланыш-катышта аныкталышы (ар бир элемент ага жанаша жайгашкан башка элементке байланышта каралат); 6) чектерди так ажыратуунун мүмкүн эместиги; 7) үзгүлтүксүздүк [Денисов, 1993, 135].

Ал эми семантикалык талаага мүнөздүү касиеттер катары төмөндөгүлөр окумуштуулар арасында бир ооздон белгиленет:

1) семантикалык талааны түзүп турган сөздөрдүн ортосунда семантикалык мамиле-катыштын болуусу;
2) бул мамиле-катыштардын системдүү мүнөзгө ээ экендиги;
3) лексикалык бирдиктердин өз ара көз карандылыгы жана бири аркылуу экинчисинин аныкталуусу;
4) талаанын салыштырмалуу автономдуулугу;
5) анын маанилик мейкиндик чегинин үзгүлтүксүздүгү;
6) бүтүндөй лексикалык системанын чегинде семантикалык талаалардын өз ара байланыштары.

Ушул белгилерди эске алуу менен, семантикалык талааны лексика-семантикалык талаа түшүнүгү менен чаташтырбоо керек. Бирок тил илиминде, анын ичинде кыргыз тил илиминде дагы, аталган түшүнүктөр синонимдик катышта турган түшүнүктөр катары колдонулуп жүргөндүгү байкалат. Семантикалык талаадан айырмаланып, лексика-семантикалык талаа сөздөрдү жана сөз айкаштарын алар туюндурган маанилердеги жалпылык аркылуу бир вербалдык катарга бириктирип, тилдик деңгээлдеги потенциалдуу системдүү байланыштар мүнөздүү болгон тилдик системанын бир бөлүгү катары каралат. Мындан тышкары лексика-семантикалык талаага кирген бардык бирдиктерди лексема аркылуу туюндурулган жалпыланган маани (архисема) аркылуу бириктирген орток (интегралдык) семантикалык белги мүнөздүү экендиги да белгилүү. Маселен, орток семантикалык белги катары “адамдын дене мүчөлөрүн” алсак, “көз”, “кулак” “бут”, кол” өңдүү зат атоочтордун ар бири өзүнө мүнөздүү жеке белгилерге ээ болот. Тагыраак айтканда, аталган дене мүчөлөрү аткарган кызматтары, түзүлүш-формалары аркылуу биринен бири айырмаланышат.

Структуралык жактан лексика-семантикалык талаа борбордон, атап айтканда, белгилерге толук ээ болгон элементтерди камтыган “талаанын ядросунан”, ошондой эле лексика-семантикалык талаага мүнөздүү белгилердин баарына толук ээ болбогон “периферияндан” турат. Белгилей өтчү жагдай, “периферияның” элементтери коңшу талаалардын белгилерине ээ болуу менен, аларга чөйрө катары кызмат кылат.

Ю.А.Кузнецовдун пикиринде, семантикалык талаанын чегин так ажыратуунун татаалдыгы анын түшүнүк катары так эместиги аркылуу гана шартталбастан, талаанын чындыкты чагылдыруу ыкмасы катары анын табияты аркылуу да түшүндүрүлөт. Демек, талаа объективдүү чындыктын тигил же бул жагын чагылдыруунун каражаты катары тышкы дүйнөнүн өзгөрүүлөрүн чагылдыруу менен, өзү да өзгөрүү жөндөмүнө ээ болуусу шарт. Башкача айтканда, ар бир жаңы актуализациялануунда талаанын чеги кеңейип, бирок анда кайсы бир инварианттык туруктуу бөлүк сакталып калуусу керек. Мындай

өзгөчөлүгүн эске алуу менен, семантикалык талааны “семантикалык парадигма” катары да мүнөздөөгө болот. Ал эми лексика-семантикалык талаа лексикалык бирдиктердин жыйындысы катары каралуу менен, лексика-семантикалык топтордон түзүлөөрү белгилүү. Жалпысынан алганда, лексика-семантикалык талаа менен лексика-семантикалык топту жалпылык жана жекелик катары түшүндүрүүгө болот. Демек, семантикалык талаа дегенибизде парадигмалык мүнөздөгү лексика-семантикалык байланыштардын жогорку деңгээлин жана лексикалык бирдиктерди кеңири камтыган талааны түшүнүү шарт. Биздин диссертациялык ишибизде да изилдөөгө алынган лексикалык каражаттардын жыйындысы, тагыраак айтканда, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектерин бир лексика-семантикалык талаа катары каралса, ал эми адамдын конкреттүү дене мүчөлөрүнө байланышкан лексикалык бирдик-каражаттар лексика-семантикалык топтор катары иликтенди. Мындан лексика-семантикалык топтор лексика-семантикалык талаанын структуралык бирдиги экендиги туурасындагы жыйынтыкка келебиз.

Тил илиминде лексика-семантикалык топ түшүнүгүнө берилген аныктамалар бири-биринен айырмаланат. Маселен, Л.М.Васильев лексика-семантикалык топ катары сөздөрдүн (лексемалардын) жок дегенде бир семантикалык орток парадигма аркылуу бириккен каалагандай семантикалык классын атоого боло тургандыгын айтса, Ф.П.Филин бир сөз түркүмүнө тиешелүү болгон бир өңчөй, бирине экинчисин салыштырууга мүмкүн болгон сөздөрдүн парадигмалык байланышын атайт. Мындай топтордогу сөздөр, окумуштуунун пикиринде, антонимиялык, синонимиялык катышта, ошондой эле бири экинчисин тактаган, дифференциациялаган, жалпылаган мамиле-байланышта тургандыгын да кошумчалайт [Филин, 1982, 135-137]. Демек, Ф.П.Филиндин көз карашында, лексика-семантикалык топ бир сөз түркүмүнө кирген сөздөрдүн классы экендиги жана мындай сөздөрдүн маанилери орток интегралдык семантикалык компонентке, жогорку деңгээлдеги айкашуу схематизмине жана функционалдык эквиваленттүүлүккө ээ болот.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, лексика-семантикалык топко кирген лексикалык каражаттар өз ара семантика-прагматикалык мамилелер аркылуу байланышат. Башка окумуштуулар менен катар эле мындай маанилүү бөтөнчөлүктү Т.И.Вендина да эске алып, лексика-семантикалык топту бир сөз түркүмүнө кирген, бири-бири менен өз ара шартташкан жана байланышкан маанилик элементтерге негизделген тилдик ички байланыштар аркылуу бир топко бириккен сөздөрдүн жыйындысы катары аныктаган [Вендина, 2002, 152]. Ал эми З.Д.Попова менен И.А.Стернин лексика-семантикалык топту ажыратып алуунун жолу катары: 1) баштапкы сөздүн жана ага маанилик жактан жакын сөздөрдүн катарына; 2) лексика-семантикалык топко кирген сөздөр туюндурган орток мааниге; 3) атоолорго орток болгон семага таянуу аркылуу бөлүп алуу ыкмасын санашат [Стернин, 2000, 92].

Ал эми окумуштуу И.П.Слесарева лексика-семантикалык топту бирдей грамматикалык статуска жана принципиалдуу бөлүп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, синонимдик типтеги маанилик жакындыктагы сөздөрдүн жыйындысына негизделген тилдик жана психологиялык реалдуулук катары аныктаган [Слесарева, 1990, 52].

Белгилүү болгондой, лексика-семантикалык топ талаанын структурасына ээ. Анын структура-семантикалык өзгөчөлүгүнө, эң оболу, анын ядрого жана жанаша жана ыраак периферияларга ээ болушун киргизүүгө болот. Лексика-семантикалык топтун борборун стилдик жактан бейтарап, жалпы маанидеги сөздөр түзө тургандыгы маалым. Ал эми топтун перифериясын терминдер, маанисинде коннотациялык элементтери бар лексикалык бирдиктер түзүшү ыктымал.

Окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү лексика-семантикалык топту чет тилдүү аудиторияга окутулуп жаткан тигил же бул тилдин лексикасын презентациялоонун эң ыңгайлуу жолу, натыйжалуу ыкмасы катары түшүндүрүшөт. Анткени лексика-семантикалык топко кирген сөздөрдүн ортосундагы маанилик байланыш-мамилелердин мүнөзүн ачып берүү оозеки жана жазуу кебинде лексика-семантикалык топко кирген лексикалык

каражаттарды конкреттүү кептик кырдаалга ылайык шайкеш колдонууга өбөлгө түзүлөт. Демек, тигил же бул тилди окутууда лексика-семантикалык топторго басым жасоо практикалык жана методикалык жактан маанилүү экендигин белгилөөгө болот. Жыйынтыктап айтканда, “семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык топ” түшүнүктөрүнүн ортосундагы мамиле-катыштар тилдин лексикасы системалуулукка, семантикалык парадигмага негизделгендигин күбөлөндүрөт.

2.4.“Семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык топ” түшүнүктөрүнүн өз ара карым-катышы жана айырмачылыктары.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башынан тартып жалпы тил илиминде структурализм багыты пайда болгондугу маалым. Аталган багыттын пайда болуп, өнүгүүсү тил илиминин тарыхында белгилүү тилчи-окумуштуу Фердинанд де Соссюрдун илимий концепциясынан башат алат. Анткени окумуштуу тилдик белгилердин бири-бири менен өз ара мамилеге кирүүсү белгилүү ырааттуулук, система аркылуу жүзөгө ашарын ар тараптуу далилдөөгө аракет кылган. Мындай системанын эки жактуулугу синтагматика менен парадигматиканын каршы коюлушу аркылуу түшүндүрүлгөн. Тагыраак айтканда, синтагматикалык мамиледе тилдик элементтер түз сызыктуу, ырааттуу тартипте каралса, ал эми парадигматикалык мамиле кеңири парадигмадан белгилүү бир тилдик элементтин тандалып алынышы катары каралган. Демек, тил илиминдеги структурализм багытынын жактоочулары тилди структура катары, жөнөкөй тил менен айтканда, бири-бири менен шартталышкан, бири-бирине көз каранды кубулуштардын бүтүндүгү катары кабылдашып, тилдик компоненттердин өз ара мамилеге кирүүсүн изилдөөнү башкы максат катары эсептешкен. Тилди структура катары мүнөздөө менен катар, аны система катары да кароо салты бар. Тил илиминде “структура” жана “система” түшүнүктөрү айрым учурда бир эле түшүнүк катары каралса, айрым учурларда бири-бирине маанилик жактан жакын, бирок өз ара айырмаланган түшүнүктөр катары да каралат. Окумуштуу Ф.П.Филиндин көз карашында, система бири-бири менен өз ара тыгыз, органикалык байланыштагы

компоненттердин (тилдик субстанция менен тилдик байланыштардын) комплекси болсо, структура ошол компоненттердин ортосундагы байланыштын өзү катары чечмеленет [Филин, 1982, 13]. Келтирилген пикирге үндөш эле пикир окумуштуу Л.Н.Засорина тарабынан да айтылган. Анын пикиринде, система-структуралык жактан уюшулган, өз ара байланыш-катыштагы, өз ара шартташкан элементтердин жыйындысы, ал эми ошол системанын алкагындагы элементтердин өз ара байланыштарынын белгилүү тартиби, ыраттуулугу структура катары түшүндүрүлгөн [Засорина, 1974, 6]. Ушул өңүттөн алып караганда, тил татаал системаны элестетип, анын элементтеринин ортосундагы байланыштардын бир тектүү эместигинен улам, элементтердин чакан топтору же подсистемалар бөлүнүп чыгат. Кээ бир подсистемалар бири-бирине баш ийип иерархиялык катышта болсо, айрымдары параллель катышта туруп кызмат аткарат. Тилдин мындай табияты аны системалардын системасы катары мүнөздөөгө, аны деңгээлдерге жана ярустарга бөлүп кароого негиз түзөт.

Тилдин башка деңгээлдери менен катар анын лексикалык жана лексика-семантикалык деңгээлдери бар экендиги белгилүү. Лексикалык деңгээлдин бирдиги катары сөз, салттуу түрдө лексема деп аталган анын формалары менен маанилеринин жыйындысы эсептелет. Ал эми сөздүн лексика-семантикалык варианты лексика-семантикалык деңгээлдин, ошону менен бирге мазмундун эң кичине бирдиги катары семасиологиянын изилдөө предмети болуп саналат. Лексикологиянын тил илиминин өз алдынча бөлүмү катары калыптанып өнүгүүсүнө тилди система жана структура турпатында кароо жана ушундан улам анын денгээлдерге, ярустарга бөлүштүрүү аракети түздөн-түз таасир тийгизген. Тилди система катары карап изилдөө алгач фонетиканын алкагында жүргүзүлүп, андан соң системдүү изилдөө башка деңгээлдерде да колдонула баштаган. Ошондой болсо дагы лексиканы система катары кароонун тууралыгына кошулбаган көз караштар да болгондугун баса белгилөөгө болот. Мындай көз караштар, биринчи кезекте, лексиканын тилдин башка деңгээлдеринен болгон спецификалык өзгөчөлүгүнө, атап айтканда,

лексиканын кеңдигине, анын бирдиктеринин ар кылдыгына, динамизмине, лексиканын ички уюушулушунун татаалдыгына, сөздөрдүн семантикалык варианттуулугуна, көп маанилүүлүгүнө байланыштуу келип чыккан деген ойдобуз. Бирок мезгилдин өтүшү менен тилдик башка деңгээлдердей эле лексика дагы системалуулуукка ээ экендигин ар тараптуу далилдеген көз караштар пайда болуп, лексикадагы системалуулук андагы микросистемалардын өз ара ырааттуу байланышы аркылуу далилденип келет. Мындай микросистемаларга тематикалык, лексика-семантикалык топтор, синонимдик катарлар, антонимдик жуптар жана башкаларды киргизүүгө болот. Демек, лексикада бирдиктүү структуранын, жалпы иерархиянын жоктугуна карабастан, элементтердин өз ара карым-катнашка кирүү, байланышта болуу өңдүү универсалдуу принциптер бар экендиги талашсыз. Сөз болуп жаткан маселеге байланыштуу окумуштуу В.Н.Прохорованын: “Тигил же бул тилдин лексикасын, бир жагынан, бири-бири менен жарым-жартылай катыштагы, экинчи жагынан, жарым-жартылай чектешкен лексикалык микроструктуралар катары да эсептөөгө болот” – деген пикирин келтирүүгө болот. Аты аталган окумуштуу оюн жыйынтыктап келип, лексикадагы системалуулукту, иерархияны чексиз түз сызыктуу ырааттуулук катары кароого болбостугун баса белгилейт да, сөздөрдүн ортолорундагы байланыш-катыштын бир тектүү эместигин кошумчалоо менен, төмөндөгүдөй топторду болуп көрсөтөт:

1.структура-морфологиялык байланыштар;

2.структура-синтагматикалык байланыштар;

3. семантикалык байланыштар өз кезегинде төмөндөгүдөй топторду түзөт:

а) семантикалык талаа же сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору;

б) сөздөрдүн синонимдик катарлары;

в)синонимдик талаалардын курамына жана сөздөрдүн синонимдик катарларына таасирин тийгизүүчү антонимдик катыштагы сөздөр;

г) сөздөрдүн түз жана өтмө маанилеринин катыштыгын, алардын көп маанилүүлүккө ээ болушун чагылдырган байланыштар [Прохорова,1996, 63].

Мында сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгүнүн маанилик чегин аныктап, тактап алуу кызыгуу жараткан башкы маселе катары эсептелет. Анткени, биздин жеке көз карашыбызда, сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгү лексикологияда активдүү колдонулган түшүнүк экендигине карабастан, тил илиминде мындай топторду бөлүп алуунун жалпыга бирдей кабыл алынган критерийлери иштелип чыга элек. Ушундан улам сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгүн бул түшүнүккө маанилик жактан жакын "семантикалык талаа" түшүнүгүнөн айырмалап алуу зарылчылыгы туулат.

"Семантикалык талаа" термини тил илиминде Г.Ипсен тарабынан 1924-жылы киргизилген. Орус тил илиминде семантикалык талаа теориясы жалпы идеянын бири-бири менен байланышкан көз караштардын маанилүү деп саналган варианттарын камтый тургандыгына байланыштуу айтылган көз караштар арбын. "Семантикалык талаа" түшүнүгүнүн маңызын аныктоого карата окумуштуулардын төмөндөгүдөй пикирлерин да кошумчалап кетүүгө болот. Маселен, окумуштуу Й.Тридин концепциясында "семантикалык талаа" түшүнүгү иерархиялык тартиптеги ырааттуулук катары түшүндүрүлгөн. Тагыраак айтканда, окумуштуунун пикиринде, тигил же бул тилдин сөздүк курамы ири сөздүк талааларга, өз кезегинде мындай ири талаалар андан да майда талааларга бөлүнүп отуруп, акырында майда бирдиктерге же болбосо сөздөргө чейин жетип, концептуалдуу же семантикалык талаанын ар бир бөлүгү маанилик жактан бири-бири менен байланышкан сөздөр менен толукталат. Ал эми окумуштуу Г.Ипсен "семантикалык талаа" түшүнүгүн, биринчи кезекте, маанилик жана грамматикалык жалпылык аркылуу бириккен,этимологиялык жактан бири-бири менен байланышкан сөздөрдүн жыйындысы катары карайт. Окумуштуунун ою боюнча, мындай талаага кирген сөздөр образдуу айтканда, мозаиканы элестетип, б.а. ар бир сөз өз алдынча маанилик оттенокко ээ болуп турганы менен, жалпысынан маанилик биримдикке баш ийип турушат. Ал эми В.Порциг этиш жана субъект же сын атооч жана зат атооч сөздөрдүн өз ара айкашуусун "синтаксистик талаалар" деп

атоо менен, алардын лексикалык маанилерин жана синтаксистик жактан айкашуу моделдерин семантикалык биримдиктин шарты катары караган. Сөз болуп жаткан түшүнүк Ш.Балли жана А.П.Клименко өңдүү окумуштуулар тарабынан “ассоциативдик талаа” түшүнүгү катары чечмеленген. Атап айтканда, “ассоциативдик талаа” аты аталган окумуштуулар тарабынан информанттын аң-сезиминде стимул-сөздөн улам жаралган көп сандаган сөздөрдүн бүтүндөй катарлары катары аныкталган.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, лексика-семантикалык топ түшүнүгүнө карата тил илиминде бирдиктүү эреже жок. Сөздөрдүн кайсы бир лексика-семанткалык тобуна тигил же бул сөздү киргизүү ар кандай критерийлердин негизинде ишке ашырылып жүрөт. Орус тил илиминде бул маселелеге карата В.И.Кодуховдун: “Сөздөрдүн грамматикалык, сөз жасоочулук жана стилдик топтору менен катар, тигил же бул тилдин лексикасында сөздөрдүн алардын лексикалык маанилери боюнча, атап айтканда, маанилеринин бир өңчөйлүгүнө, жакындыгына карап бириккен топтору да бар. Маселен, көз, мурун, кол, бут, баш өңдүү сөздөр адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөр катары бир топко киришет. Демек, сөздөр лексикалык маанилерине карап лексика-семантикалык топторго биригишет. Ал эми сөздөрдүн лексикалык маанилерине карап топторго биригиши тигил же бул түшүнүктөрдүн байланыштарына негизделет [Кодухов, 1987, 5]. Ал эми окумуштуу Ф.П.Филин: “Эки же андан көп сөздөрдүн лексикалык маанилери боюнча биригиши лексикалык-семантикалык топту түзөт” -деген көз карашты айткан [Филин, 1957, 230]. Окумуштуу мындай топторго синонимдерди, антонимдерди сөздөрдүн семантикалык жалпылыкка, байланышка негизделген башка топторун киргизүүгө болорун белгилеген. Ошондой болсо дагы семантикалык талаа, лексика-семантикалык топ түшүнүктөрүнүн принципиалдуу айырмачылыктарын атап көрсөтүүгө келгенде, окумуштуулар ар кандай айырма, өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүшөт. Маселен, И.П.Слесарева лексика-семантикалык топ түшүнүгүн синонимдик катар менен семантикалык талаа түшүнүктөрүнүн ортосундагы түшүнүк катары мүнөздөгөн [Слесарева, 1990, 45]. Бул көз караштан аты аталган

окумуштуунун лексика-семантикалык топту семантикалык талаанын бир бөлүгү катары карагандыгын баамдоого болот. Биздин пикирибизде да, лексика-семантикалык топ семантикалык талаанын бир бөлүгү катары эсептелет. Айталы, “Адамдын сырткы келбети” семантикалык талаа болсо, ал эми кара көз, мурутчан, ак сакалдуу, кырдач мурун, шыңга бой, кең далы, келбеттүү өңдүү сөздөрдүн жыйындысы лексика-семантикалык топту түзөт.

Соңку мезгилдерде кыргыз тилиндеги ар бир сөз түркүмүнө мүнөздүү лексика-семантикалык топторду изилдөөгө болгон кызыгуунун артышы тилдин лексикалык системасын изилдөөгө ырааттуулук киргизүү аракети менен түшүндүрүлөт. Мындан тышкары лексика-семантикалык топторду түзүп чыгуу, аларды иликтөө бир катар практикалык мүнөздөгү зарылчылык-өбөлгөлөр аркылуу шартталгандыгын айтууга болот. Маселен, кыргыз тилин башка улут өкүлдөрүнө бөтөн тил катары окутууда кыргыз тилинин лексикалык системасын башка тилдердин лексикалык системаларына салыштыруу аркылуу анын спецификасын ачып көрсөтүүдө лексика-семантикалык топтордун ролу чоң экендиги айтпаса да түшүнүктүү. Себеби лексика-семантикалык топторду изилдөө бир беткей тилдик гана маселе болуп эсептелбестен, анын психологиялык өңүтү да бар экендигин эске алуу зарыл. Башкача айтканда, бири-бири менен материалдык, предметтик маанилер, ошондой эле ассоциативдик байланыштар аркылуу лексика-семантикалык топторго бириккен сөздөрдү окутууда, аларды эске тутууда сөздөрдүн лексика-семантикалык топтордогу системалуу байланыштары чоң маниге ээ. Лексика-семантикалык топторго мүнөздүү ырааттуулук, системалуу байланыштар кыргыз тилинин лексикасына байланыштуу көлөмдүү материалды өздөштүрүүдө белгилүү ырааттуулуктун, тартиптин сакталышына түздөн-түз өбөлгө түзөт.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, лексика-семантикалык топко кирген лексикалык каражаттар өз ара семантика-прагматикалык мамилелер аркылуу байланышат. Башка окумуштуулар менен катар эле мындай маанилүү бөтөнчөлүктү Т.И.Вендина да эске алып, лексика-семантикалык топту бир сөз

түркүмүнө кирген, бири-бири менен өз ара шартташкан жана байланышкан маанилик элементтерге негизделген тилдик ички байланыштар аркылуу бир топко бириккен сөздөрдүн жыйындысы катары аныктаган [Вендина, 2002, 152]. Ал эми З.Д.Попова менен И.А.Стернин лексика-семантикалык топту ажыратып алуунун жолу катары: 1) баштапкы сөздүн жана ага маанилик жактан жакын сөздөрдүн катарына; 2) лексика-семантикалык топко кирген сөздөр туюндурган орток мааниге; 3) атоолорго орток болгон семага таянуу аркылуу бөлүп алуу ыкмасын санашат [Стернин, 2000, 92]. Ал эми окумуштуу И.П.Слесарева лексика-семантикалык топту бирдей грамматикалык статуска жана принципиалдуу бөлүп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, синонимдик типтеги маанилик жакындыктагы сөздөрдүн жыйындысына негизделген тилдик жана психологиялык реалдуулук катары аныктаган [Слесарева, 1990, 52].

Жыйынтыктап айтканда, лексика-семантикалык топ жана семантикалык талаа бири-бири менен тыгыз байланыштагы категориялар катары эсептелгени менен, өздөрүнүн масштабдары боюнча айырмаланышат: семантикалык талаа лексика-семантикалык топту өзүнө камтыган кеңири түшүнүк болуп эсептелсе, эреже катары,бир сөз түркүмүнө кирген сөздөрдүн жыйындысынан турган лексика-семантикалык топ түшүнүгү, өз кезегинде синонимдик катарлардан куралат. Ал эми мындай иерархиялык тартип лексиканын микросистемаларынын белгилүү бир структурага ээ экендигинен кабар берет.

2.5. Лексика-семантикалык топтордун чегин ажыратуунун принциптери жана тилдик аң-сезим

20-кылымдын 80-жылдарынан тартып тилде адам факторунун орду туурасында айтылган пикирлер менен бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөр актуалдуу мүнөзгө ээ боло баштайт. Мындай жагдай тил илиминин психолингвистика, лингвопрагматика, коммуникациянын теориясы өңдүү багыттардын өнүгүшүнө шарт түзүп, тил, биринчи кезекте, тилдик аң-сезимдин чагылышы катары изилдене баштагандыгы маалым. Окумуштуулардын көпчүлүгү “аң-сезим жана тил” дихотомиясында аң-сезимге башкы орун таандык экендигин аргумент катары келтиришкен. Маселен,

Е.Ф.Тарасов аң-сезимди биринчи орунга чыгарып, аны “маданиятты алып жүрүүчүнүн реалдуу дүйнөнүн объектилери жөнүндөгү перцептивдик, концептуалдык жана процедуралык билимдердин жыйындысы” катары аныктайт [Тарасов 1996,7]. Бирок бул көз карашта аң-сезим менен тилдик аң-сезимдин айырмасы так көрсөтүлгөн эмес. Ал эми И.А.Зимняянын көз карашында адам фактору алдыңкы планга чыгарылат: “тилдик аң-сезим аң-сезимдүү, сүйлөшүү жана баарлашуу жөндөмүнө ээ инсан катары адамдын жеке когнитивдик аң-сезиминин жашоо формасы” катары аныкталат [Зимняя, 1991, 51].

Е.И.Горошко “тилдик аң-сезим” термини кең жана тар мааниде түшүндүрүлүп жүргөндүгүн белгилейт. Кең маанисинде тилдик аң-сезим өзүнө объективдүү дүйнөдөгү предметтер менен кубулуштар жөнүндөгү түшүнүктөрдүн эки жактуу белгидеги чагылышын камтыйт. Б.а. тилдик аң-сезим тил менен анын жашоо модустарынын ортосундагы рефлексия сыпатында мүнөздөлгөн. Ал эми тар маанисинде тилдик аң-сезим тилдин спецификалык структурасынын тилди алып жүрүүчүлөрдүн бей аң-сезиминде чагылышы катары түшүндүрүлөт. Тагыраак айтканда, тилдик каражаттарды коммуникация процессинде туура пайдалана алуу жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлиндеги тилдик мыйзамдар, эрежелер жана мыйзамченемдүүлүктөрдүн жыйындысы дагы тилдик аң-сезимдин тар маанисиндеги түшүндүрмөсү катары эсептелет [Горошко 2005,55]. Тилдик аң-сезимге байланыштуу окумуштуу И.В.Привалова: Тилдик аң-сезимдин образы тилдик инсандын (языковая личность) реалдуу дүйнөдөгү предметтер туурасындагы прецептивдүү жана концептуалдуу билимдерин чагылдырган тилдик каражаттардын жардамы аркылуу түзүлөт. Бул процесс реалдуу кырдаалдар аркылуу объективдешет [Привалова 2003, 96].

Д.Б.Гудков, Т.Н.Ушакова өңдүү бир катар орус тилчи-окумуштуулар тилдик аң-сезим коммуникация процессинде ачык байкала тургандыгын белгилешет. Анткени тилдик аң-сезим, аты аталган окумуштуулардын пикиринде, тил жөнүндөгү билим менен бирге, тышкы дүйнө менен адамдын

ички дүйнөсүнүн тил аркылуу аталып, кепте туюндурулган объектилерин өзүнө камтыйт [Гудков, 1999,22]. Б.а. тилдик аң-сезим вербалдык каражаттар аркылуу туюндурулуп, ошол эле учурда өзүнө тилдик таасирлерди кабыл алат. Бул жагынан алганда, тилдин маңызы вербалдык каражаттар аркылуу, тагыраагы кеп аркылуу ачыкталып, туюндурулат [Ушакова, 2000, 15]. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, күнүмдүк турмушта өз ара байланышкан процесс жүрөт: биринчиден, адамдын аң-сезиминин абалы вербалдык жактан туюндурулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, экинчи жагынан, ал тилдик каражаттардын таасиринин алдында болот. Демек, тилдик аң-сезим адамдын аң-сезими менен ой жана анын тилдик туюндурулушунун үзгүлтүксүз өз ара аракетке кирүүсүнүн негизинде гана жашайт.

Тилдик аң-сезимдин образдарынын сырткы формага ээ болушун соңку мезгилдерде тил илиминде колдонулуп жүргөн эксперименталдык методдордун жардамы аркылуу байкоого болот. Сөз болуп жаткан максатта натыйжалуу методдор катары эркин ассоциативдик жана когнитивдик эксперимент методдорун атоого болот.

Окумуштуулар ассоциативдик эксперименттти индивиддин мурунку тажырыйбасынан улам пайда болгон ассоциацияларды аныктоого багытталган ыкма катары аныкташат. Аталган ыкманын жөнөкөйлүгү жана натыйжалуулугу аны психология, тил илими, психиатрия жаатындагы активдүү колдонулушун шарттап, натыйжада бир катар теориялык жана практикалык мүнөздөгү маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Окумуштуу И.П.Привалованын пикиринде, ассоциативдик эксперименттин соңку жылдарда тил илиминде активдүү колдонула баштагандыгы анын тилдик аң-сезимдин структурасын аныктоого өбөлгө түзө тургандыгы аркылуу түшүндүрүлөт [Привалова, 2005,320].

Ассоциативдик эксперименттин түрлөрү боюнча окумуштуулардын пикири ар түрдүү болгондугуна карабастан, жалпысынан, бул жаатта орток пикирлер бар экендигин байкоого болот. Окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү сөз болуп жаткан ыкманын үч түргө: эркин, багытталган

(направленный) жана чынжырча түрүндөгү (цепной) ассоциативдик эксперименттерге ажыратып карап жүрүшөт.

Окумуштуу Е.Н.Алымова эркин ассоциациялар ыкмасынын төмөндөгү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөткөн:

1) ассоциативдик эксперименттин аталып өткөн бардык түрлөрүнүн артыкчылыгы катары алардын бир эле учурда сурамжылоо жүргүзүлүп жаткан адамдардын чоң тобу менен иш алып баруунун мүмкүнчүлүгү эсептелет;

2) ассоциативдик эксперименттерден алынган жыйынтыктардын негизинде ассоциативдик талааларды иликтөөнүн ыкмаларынын жеткиликтүү деңгээлде иштелип чыккандыгы [Белов 1988; Горошко 1996; Попова, Стернин 2002; Леонтьев 1977; Караулов, 2000 ж.б.];

3) тилдик аң-сезимдин башка методдор аркылуу изилдөөгө мүмкүн болбогон кайсы бир фрагментин изилдөөгө негиз болгондугу;

4) аталган эксперимент аркылуу тилдик багыттагы изилдөөлөрдө сөздөрдүн маанилерине байланыштуу түрдүү аспектилерине - “сөздөрдүн мазмундук структурасынын компоненттерине” байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү;

5) эркин ассоциативдик эксперимент информанттар туурасында тилдик жана психологиялык маалымат алууга мүмкүнчүлүк түзөт;

6) эркин ассоциативдик эксперимент информанттардын ассоциативдик аракеттерин чектебегендиктен, вербалдык терең ассоциативдик байланыштардын ачылышына өбөлгө түзөт.

Эркин ассоциативдик эксперименттин методологиялык моделинин маңызын жазуу же оозеки жол менен берилген стимул-сөзгө карата экспериментке катышкан ар бир информанттын оюна келген алгачкы сөздү жана ага байланышкан реакцияны же реакциялардын жыйындысын иликтөө аракети түзөт. Аталган экспериментти өткөрүүгө кыйынчылык түзгөн жагдайлар катары окумуштуулар экспериментти өткөрүү формасын, шартын тандап алууну, стимул-сөздөрдүн тизмесин түзүүнү, экспериментатор менен информанттын инсан катары өзгөчөлүктөрүн,тигил же бул стимул-сөзгө карата пайда болгон реакцияны эсепке алуу жана сыпаттоонун өзүн дагы атап

көрсөтүшөт. Аталып өткөн эксперименттер менен катар когнитивдик тесттердин жардамы аркылуу түшүнүктөрдү семантизациялоо аракети менен түздөн-түз байланышкан когнитивдик эксперимент дагы практикаланып жүргөндүгү маалым. Окумуштуу А.Р.Лурия бул экспериментти “түшүнүктөрдү аныктоо методу” деп атаган [Лурия, 1998, 81]. Аталган методдун жүрүшүндө балага тигил же бул сөздүн маанисин аныктап, чечмелеп берүү тапшырмасы берилет. Маселен, “ит” же “стол” деген сөздөрдүн маанисин аныктоо талабына информанттардын аталган сөздөр туюндурган маанини аныктоо аракети көрүлбөстөн, алардын аткарган кызматына, белгисине же адамдын турмушундагы ордуна байланыштуу жооптор берилет. Маселен, “Ит үрөт”, “короо кайтарат”, “ит тиштейт” өңдүү жооптор кайтарылса, ал эми экинчи учурда информанттар конкреттүү кырдаалдар туурасында айтпастан, предметти тигил же бул түшүнүктөр системасына, белгилүү бир категорияг киргизип түшүндүрүү аракетин көрүшөт. Демек, сурамжылоого катышкандардын айрымдары предметтерге байланыштуу түшүнүктөрдү аныктабастан, предметтердин белгилери менен алар катышкан конкреттүү кырдаалдарды эстешсе, айрым катышуучулар категорялык мүнөздөгү белгилерге таянуу менен, түшүнүктөрдү байланыштардын системаларынын алкагында аныктоого аракеттенишет. Сөз болуп жаткан методдун жардамы аркылуу сөздүн аркасында кандай формалар катылып жаткандыгы, ошондой эле сөздүн маанисин аныктоо кандай психологиялык операциялардын системасынын негизинде ишке аша тургандыгын түшүнүүгө болот.

Иликтөөгө алынып жактан вербалдык бирдиктердин тилдик аң-сезимде жашоо шарттарынын бири болуп, тилдик аң-сезимге прецеденттик феномендердин кирүүсү эсептелет.

Д.Б.Гудковдун пикиринде, жамааттык тилдик аң-сезимдин биримдиги, жалпылыгы маалыматтын, билимдердин жана түшүнүктөрдүн орток, жалпы фондуна, орток когнитивдик базага ылайык аныкталат [Гудков, 1999, 21]. Демек, мындан прецеденттик феномендердин өзүнүн тулкусунда көлөмдүү маалыматты камтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги туурасындагы бүтүмгө

келүүгө болот. Мындай маалыматтын терендиги реципиенттин когнитивдик базасы, ошондой эле ассоциативдик маалыматты кабылдоого болгон даярдыгы аркылуу аныкталышы ыктымал. Андыктан ар бир прецеденттик феномендердин артында “улуттук детерминдештирилген минимизацияланган” маалымат жата тургандыгы окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленип жүрөт. Белгилей өтчү жагдай, ар башка маданияттын өкүлдөрүндө бир эле феномендин минимизациясынын ар башка алгоритмдери, анын белгилерин бөлүп көрсөтүүнүн, ал белгилерди маанилүү же маанисиз экендигин ажыратуунун принциптери ар башка болушу мүмкүн. Прецеденттик феномен түшүнүгү алгач ирет Ю.Н.Караулов тарабынан аныкталып, аты аталган окумуштуу “прецеденттик текст” терминин пайдаланган. Убакыттын өтүшү менен “прецеденттик текст” термини “прецеденттик феномен” термини менен алмаштырылган.

Окумуштуу В.В.Красных прецеденттик феномендердин төмөндөгү түрлөрүн бөлүп көрсөтөт:

1) улуттук- тилдик маданий коомчулуктун дээрлик баардык өкүлдөрүнө жакшы маалым болгон (“инсандык алкактан жогору көтөрүлгөн” –“имеющие сверхличностный характер”);

2) когнитивдик, таанып билүүчүлүк жана эмоционалдык планда актуалдуу мүнөздү алып жүргөн;

3) тигил же бул улуттук тилдик маданий коомчулуктун өкүлдөрүнүн кебинде улам жаңырып, кайталанып келген прецеденттик феномендер [Красных, 2003, 170].

Бул термин менен катар Е.М.Верещагин, В.Г.Костомаров, Д.Б.Гудков өңдүү окумуштуулар прецеденттик ысым, прецеденттик айтым, прецеденттик кырдаал, прецеденттик текст терминдерин да киргизишкен. Аты аталган окумуштуулардын пикиринде прецеденттик феномендердин жогоруда саналып өткөн түрлөрү бири-бири менен тыгыз байланыш-катышта турушуп, бири экинчисине карата символдук маанилерде да колдонулушу ыктымал. Прецеденттик феномендердин ар башка маданияттардагы аналогдору которуу

практикасында ачык байкалат. Маселен, прецеденттик ысымга байланыштуу эмоционалдык-экспрессивдик, когнитивдик, коннотациялык бөтөнчөлүктөрү котормодо сакталып берилишине байланыштуу Д.О.Кенжебаевдин “Котормонун илимий-теориялык негиздери” аттуу эмгегинен төмөндөгү үзүндүнү келтирүүгө болот: Энчилүү аттар түзгөн лексикалык топтор бардык тилдерге тиешелүү орток тилдик факт экендигин билебиз. Анткени энчилүү аттар ар бир тилде турмуш чындыгынын кубулуштарына карата адамдын мамилесинин өзгөчө катыштыгы менен шартталган лексикалык топорду түзүшөт. Андыктан энчилүү аттар, биринчи кезекте, лингвомаданий кубулуш катары ошол эле учурда жалпылап которууга мүмкүн болбогон тилдик факты катары саналуу менен, алардын которулушу, негизинен, котормо транскрипциясындагы шайкештиктер аркылуу ишке ашырылат. Айрым учурларда, айрыкча көркөм тексттердин которулушунда энчилүү аттардын жалпылоо маанисинде келген коннотациялары, сигникативдик маанилери котормо тилдеги денотаттык маанилерине ылайык да которулат. Маселен, орус жазуучусу В.Распутиндин «Акыркы мөөнөт» (Последний срок) повестиндеги бир ылакап сөздүн которулушунан энчилүү аттын которулушуна байланыштуу мисал келтирели. Аталган повесттеги бир каармандын «У Егорки всегда отговорки» деген какшык аралаш репликасын котормочу М. Төлөмүшев «Шыйкымбайдын шылтоосу да» деп которгон (Акыркы мөөнөт,1983,401.). Которуунун мындай варианты бир караган кишиге түп нускадан четтөөчүлүк, же болбосо энчилүү аттардын которулбастыгын билбөөчүлүк катары туюлушу да мүмкүн. Мындай пикирдин өзөгүндө ылакаптын стилдик табиятын, колдонулуу максат, чөйрөсүн жете түшүнбөстүк, тексттин ички маңыз табияты менен сырткы формасынын органикалык жумурулугун аңдай албаган педанттык мамиле жатат. Себеби оригиналда сөз конкреттүү “Егор” деген адам жөнүндө же анын конкреттүү кылык-жоругу, шылтоосу жөнүндө болуп жаткан жери жок. Мында шылтоосу түгөнбөгөн, эмне айтсаң да тил кайрып турган адамга карата какшык айтылып жаткандыгын түшүнүү кыйын эмес. Мындай

жагдайды,т.а., подтексттик информацияны түшүнө албаган котормочу оргиналдан четтебөөнү шылтоо тутуп, «Егордун дайыма шылтоосу бар» же ушул сыяктуу вариантта котормок беле, ким билет?... Мындан тышкары кыргызча котормодо (Шыйкымбайдын шылтоосу да) түп нускадай уйкаштык болбогону менен, угумдуулук (эвфония, аллитерация,т.а., ш тыбышынын эки ирет сөз башында келиши) сакталгандыгы көрүнүп турат. Андан калса, “Егор” деген сөздүн “Шыйкымбай” деп которулушун котормо теориясындагы динамикалык эквивалент катары түшүндүрүүгө болот. Себеби кыргыз тилиндеги “Шыйкымбай” деген сөз адамдардын айрым терс сапатттарына карата колдонулган “Кокуйбай”, “Былжыбай”, “Дарданбай”, “Калжанбай” деген өндүү образдуу персонаждарды мүнөздөө максатында алынган «энчилүү аттардын» катарында туруп, экспрессивдүүлүккө, сигникативдик маанигe, ирониялык оттенокко ээ болгон сөз эмеспи.

Демек, энчилүү аттарды котормо транскрипциясы же айрым адабияттарда берилгендей, транслитерациялык жол менен которуу талабы көркөм тексттерде келген жалпы маанидеги энчилүү аттардын которулушуна карата колдонуу дайыма эле орундуу боло бербестиги жогоруда келтирилген мисалдан ачык көрүндү. Бул мисалга үндөш эле орус классик акыны Н.Некрасовдун «Россияда ким жыргайт» (Кому на Руси жить хорошо) аттуу поэмасынын котормосунан жогоруда сөз болгон энчилүү аттардын которулуш бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу маселеге карата төмөндөгүдөй мисалды келтирүүгө болот (которгон-Э.Турсунов):

Оригинал:

В каком году-расчитывай,
В какой земле-угадывай,
На столбовой дороженьке
Сошлись семь мужиков:
Семь временнообязанных,
Подтянутой губернии,
Уезда Терпигорева,

Пустопорожней волости,

Из смежных деревень-

Заплатова, Дырявина,

Разутова, Знобишина,

Горелова, Неелова,

Неурожайка тож.

Сошлися и заспорили:

Кому живется весело,

Вольготно на Руси (оригинал толук берилген жок).

Котормо:

Болгон жылын-эсептеп,

Болгон жерин-ойлоп тап

Жети мужук кежеңдеп,

Жолугушту жолдон так.

Жети мужук тири-укмуш,

Жерлери жок, туруксуз.

Ач губерния аймагы,

Аттары бар кайдагы-

Азап көтөр уезди,

Жайдак болуш жайлары,

Кырка жаткан айылдар:

Кырк жамак менен Чалдывар,

Кокуй Алат, Коңултак,

Конушкүйүк,Желооган

Ээн кыштак-Таш жалак,

Эгин болбой эл оогон,

Кезиккенде жети чал,

Кетти талаш башталып:

«Оруста ким бактылуу?»-

Ойдон чыкты ачкалык.

Орус классик акыны Н.Некрасовдун «Россияда ким жыргайт» деген поэмасынан келтирилген жогорудагы мисалдагы “Подтянутая губерния”, “Уезд Терпигорева”, “Разутова”, “Неелова”,”Пустопорожняя волость”, “Знобишина”, “Заплатова”, “ Дырявина”, “Горелова”, “Неурожайка” деген көркөм текстттеги энчилүү аттарды бир караганда которууга мүмкүн эместей сезилет. Себеби бул сөздөрдү акындын жеке чыгармачыл фантазиясынан жаралган символдук аталыштар катары кароого болот. Ошого карабастан бул аталыштар котормодо адекваттуу котормонун эң сонун үлгүсүндө которулган десек аша чаппайбыз. Маселен, **Подтянутой губернии-Ач губерния аймагы, Пустопорожней волости-Жайдак болуш жайлары, Заплатова, Дырявина-Кырк жамак менен Чалдывар, Разутова, Знобишина-Кокуй Алат, Коңултак, Горелова, Неелова-Конушкүйүк,Желоогон, Неурожайка-Таш жалак** болуп которулган. Албетте, оригиналдан айырмаланып котормодо котормочу тарабынан киргизилген трансформациялык кошумчалоолор дагы жок эмес. Атап айтканда, **«Аттары бар кайдагы», «Ээн кыштак-Таш жалак, эгин болбой эл оогон»** деген саптарды поэманын кыргыз тилиндеги котормосун кыргыз окурманынын кабыл алуусуна ылайыктоо, адаптациялоо максатында киргизилген трансформациялар катары кабылдоо керек. Себеби кошумчалоо трансформациясы катары киригизилген ыр саптары котормонун формалдык бүтүндүгүн сактоо,т.а.,ыр саптарын байланыштыруу кызматын гана аткарбастан, мазмундук жактан компенсациялоо кызматын да аткарып жаткандыгын көрөбүз. Тагыраак айтканда, оригиналдагы **«Неурожайка»** деген кыштактын аталышы аркылуу берилип жаткан жакырчылык туурасындагы информацияны дагы тереңдетип, аны кыргыз элинин турмуш-тиричилигиндеги жагдай аркылуу-аргасыз журт которуу жөнүндөгү ойду камтыган сап аркылуу берип жатат (Эгин болбой, эл оогон) [Кенжебаев, 2014,55].

Келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй, көркөм текстттердеги энчилүү аттардын которулушу башка типтеги текстттерден өзүнүн спецификалык

жактары менен айырмаланып, бир беткей принциптерге ылайык которулбайт. Айталы, айрым учурларда биз жогоруда айтып өткөн Шыйкымбай, Кокуйбай, Былжыбай, Дарданбай, Калжанбай сыяктуу образдуу персонаждарды мүнөздөө максатында алынган аттар оригиналдагыдай эле өзгөрүлбөй да котормо текстте берилет: **Алыбек алына жараша-Алыбек должен стараться, но не надорваться** [Иптарова, Шамбаева 2008,27].

Ушул сыяктуу эле, тарыхый инсандардын аттары же кошумча, лакап аттарынын экинчи компоненти котормо тилге которулуп берилет. Маселен, **Петр великий-Улуу Петр, Карл Великий –Улуу Карл, Иван Грозный-Каардуу Иван ж.б.**

Ал эми жан-жаныбарлардын аттары, б.а., зоонимдер котормо тилге транслитерацияланып берилип тексттин ичинде же тексттин алдына чечмеленип (разяснительный перевод) да берилет. Маселен, Ч. Айтматовдун «Гүлсарат» повестинин котормосунда орус тилдүү аудиторияга Гүлсарынын элесин берүү максатында жоргонун атына түшүндүрмө берилген**:…Да и откуда он мог знать, что его старый иноходец Гульсары, прозванный так за свою необыкновенную светло-желтую масть, последний раз в своей жизни преодолел Александровский подьем и сейчас вез его последние версты?**

Гульсары-желтый светок, лютик.

Ишкана, уюм, мекемелердин аттары, негизинен, транскрипцияланып же айрым учурда башка тилдерге которулуп да жүрөт. Бирок бүгүнкү күндө кыргыз тилине мындай аталыштар ошондой эле эл аралык соода маркаларынын аттары англис, орус тилдеринде транскрипцияланбай берилип жүргөндүгү да байкалат: **Sprite**-суусоонун эркиндиги, **Nef-** үйүнүздүн жүрөгү, **Lipton** чайы. Жакшылыктан бир уурттa ж.б. (Кенжебаев, 2014,90).

Демек, келтирилген пикирден преценденттик ысымдардын ассоциациялардын бүтүндөй катарына ээ болуу менен, тигил же бул

маданияттын алкагында жашоо менен ошол маданиятты алып жүргөн адамдардын тилдик аң-сезиминдеги белгилүү бир түшүнүктөрдүн “чордонуна” айлана тургандыгын түшүнүүгө болот. Ал эми мындай ысымдардын которулушу ар тилдеги, маданияттагы аналогдук шайкештиктер аркылуу ишке ашырылуусу керектигин жогоруда келтирилген мисалдардан көрө алдык.

Ал эми преценденттик айтым менен преценденттик кырдаал бири-бирине жакын түшүнүктөр катары да каралуусу ыктымал. Анткени кандай кырдаал болбосун ал акыры келип тил каражаттары аркылуу туюндурулары белгилүү. Булар дагы тилдик аң-сезимди калыптандырган жана ал аркылуу тигил же бул лексика-семантикалык топтун түзүлүшүнө өбөлгө болгон тилдик каражаттардын экспликацияланышын камсыз кылат. Жогоруда сөз болгондой преценденттик тилдик жана тилдик эмес фактылардын кайсынысы болбосун, алардын маңызы бир тилдин алкагында синонимдик катарды, антонимдик жуптарды же болбосо лексика-семантикалык топторду түзүү аркылуу аныкталса, ал эми эки же андан ашык тилдердин алкагында преценденттик тилдик жана тилдик эмес фактылар котормого кириптер болгон тилдердин өз ара мамилеге кирүүсү аркылуу алардын баюусуна да шарт түзөт. Прецеденттик айтымдар менен кырдаалдар өзгөчө тилдин лексикасында, фразеологиялык корпусунда, макал-лакаптарында ачык байкалат. Анткени прецеденттик кырдаалдар миңдеген жылдар аралыгында электен өтүп, турмуштун тигил же бул жагдайларын таамай-таасын чагылдыруу аркылуу, кайсы бир мааниде дүйнө таанымдын парадигмасынын түзүп, элдин жамааттык тилдик аң-сезимин калыптануу процессиндеги маанилүү компонент катары эсептелет. Маселен, кыргыз элинде, баш –аягы билинбей, бүтөр-бүтпөсү күмөн жаратып, логикалык жыйынтыгы чыкпаган аракеттерге карата ***“Чубактын кунундай чубалган”*** деген прецеденттик айтым колдонулса, ал эми турмуштук тигил же бул жагдайда лидерлик ролду аткарып, жамааттагы орду, ролу маанилүү деп эсептелген инсанды унутуп койгон адамдын аракетине карата ***“Тазбаймат Манасты унуткандай”*** деген прецеденттик айтым айтылып келет. Мындай прецеденттик айтымдардын катарына Ормондун ***“Соң-Көлдү мага көрсөтпөй***

катып жүргөн турбайсыңырбы...", "Домбунун куну түшсө да..." өңдүү толуп жаткан айтымдарды, макал-лакап, фрезологизм, учкул сөздөрдү келтирүүгө болот. Ал эми Кыргызстандын соңку тарыхында саясат айдыңында жүргөн инсандардын саясий, турмуштук ар кандай жагдайларга карата айтылган сөздөрү саясий дискурстун прецеденттик тексттерине айланды. Анткени тигил же бул саясатчынын, коомдук ишмердин кайсы бир жагдайга байланыштуу айтканы массалык-маалымат каражаттарынан айтыла, жазыла калып жүргөндүгүн көп эле кездештиребиз. Айталы, Кыргыз Республикасынын качкан экинчи президенти К.С.Бакиевдин ***"Тезек тергиле...", "Бөйрөгүмдүн каерде экенин билбепмин...",*** же болбосо ***"Биягыңар бовой калды го..."*** өңдүү прецеденттик айтымдар, асыресе, саясий-экономикалык кырдаалга карата айтылган саясий ирониянын, юмордун ролун аткарса, экинчи жагынан ага карата эмоционалдык-экспрессивдик баа берүүнүн, карапайым калкка карата айтылган таасирлүү репликага айланды.

Мындай прецеденттик айтымдардын категориясына кирүүчү макал-лакап, афоризмдердин, жогоруда сөз болгондой, которуу практикасында семантикасынын берилиши, туура которулушу котормого кириптер болгон тилдердин алкагында тилдик аң-сезимди калыптандыруучу, анын экспликацияланышын шарттоочу табиятын төмөндөгү иллюстративдик материалдардын көрүүгө болот:

Аталган категориялар макал-лакаптар, фразеологизмдер, учкул сөздөр, ырлар аркылуу реализацияланып информацияны типтештирүү, жалпылоо кызматын аткарат. Б.а., образдуу лексиканы түзгөн тилдик каражаттар, өзгөчө которуу практикасында, эки элдин, эки маданияттын ортосундагы тилдик реалийлерди типтештирүү, жалпылаштыруу кызматын аткаруу менен, интертекстуализмдик тилдик каражаттардын деңгээлине өтүшөт. Маселен, төмөндө берилген достук жөнүндө кыргыз жана орус тилиндеги макалдарда тилдик баяндоонун бирдей, окшош объектилери, бир эле турмуштук кырдаалдар берилгендигин жана алардын которулушунда образдуу лексиканы которуунун макал-лакаптык аналогду колдонуу жана

чечмелеп, түшүндүрүп которуу, сөзмө-сөз которуу ыкмалары колдонулганын да көрөбүз: ***Дос балаада билинет, баатыр талаада билинет-Друг познается в беде, а герой-на поле битвы (котормо)- Друзья познаются в беде ; Друг познается на рати да при беде (макалдык аналогдор). Досуңдун көнүлү бир атым насыбайдан калат- Друга можно обидеть, один раз не угостив табаком (котормо)- Лучше не подшучивать над другом, чтобы не потерять его; Дружба как стекло: разобьешь-несложишь (макалдык аналогдор). Досуңдун бергенин тишин ачпа-Не смотри зубы скоту, что подарил друг (котормо)- Дареному коню в зубы не смотрят (макалдык аналогдор).*** Келтирилген бул макал-лакаптардын которулушунан, алардын эки тилде кездешкен аналогдорунан, жогоруда белгиленгендей, алардын интертекстуалдык мүнөзүн көрүүгө болот. Макал-лакаптар сыяктуу эле интертекстуалдык мүнөздү алып жүргөн лексикалык каражаттарга фразеологизмдерди да киргизүүгө болот. Котормо теориясында макал-лакаптар, афоризмдер, фразеологизмдердин которулушуна карата которуунун атайын теориялык метод-ыкмалары да иштелип чыккан. Маселен, В.Н. Комиссаров которуу аспектисинен фразеологизмдерди эки топко бөлүп караган: 1) котормо тилде эквиваленти бар фразеологизмдер; 2) эквивалентсиз фразеологизмдер. Ушул бөлүштүрүүдөн чыгып окумуштуу фразеологизмдерди которуунун төмөндөгүдөй ык-амалдарын сунуштайт:

а) фразеологиялык эквивалент;

б) фразеологиялык аналог;

в) сөзмө-сөз котормо;

г) чечмелеп, түшүндүрүп которуу;

д) контекстуалдык алмаштыруулар [Комиссаров, 1990,57]. Демек, жогоруда айтылгандардан эмоционалдык информациянын образдуулук касиети конкреттүү тилдик каражаттардын катмары аркылуу реализацияланып, алардын которулушу котормо теориясында атайын иштелип чыккан

теориялык ык-амал, методдор аркылуу жөнгө салынары туурасындагы бүтүмгө келебиз.

Прецеденттик феномендердин жогоруда саналып өткөн түрлөрүнөн тышкары окумуштуу В.В.Красных прецеденттик феномендердин дагы үч тибин бөлүп көрсөтөт:

1) социумдук–прецеденттик феномендер жалпы улутка белгилүү болбостон, айрым социалдык, кесиптик же башка топтордо гана жашайт;

2) улуттук–прецеденттик феномендер улуттук-маданий коомчулуктун өкүлдөрүнө маалым болуусу менен айырмаланат;

3) универсалдуу-прецеденттик феномендер жалпы адамзаттык масштабка ээ болуу менен, алар туурасындагы түшүнүктөр универсалдуу когнитивдик мейкиндиктин деңгээлине көтөрүлөт.

Мындай бөлүштүрүүнүн шарттуу мүнөзүн белгилөөгө болот. Себеби тигил же бул прецеденттик феномендин прецеденттик текст, кырдаал, ысым же айтым экендигин так ажыратуу кыйынга турат. Мындай жагдай бир прецеденттик феноменди айтылышы менен башка анда катылып жаткан башка прецеденттик бирдиктердин актуалдашуусу аркылуу түшүндүрүлөт [Красных 2002, 125]. Мындан тышкары сөз болуп жаткан бул феномендердин корпусун конкреттүү кандай бирдиктер түзө тургандыгы боюнча бирдиктүү пикир жок. Ошондой болсо дагы окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү учкул сөздөрдү прецеденттик феномендер катары эсептөө керектигин айтышса, ал эми фразеологизмдер менен паремиялар талаш жараткан маселелердин катарында калып келет. Айрым окумуштуулар фразеологизмдер менен паремияларды прецеденттик феномендер катары санашпайт. Анткени прецеденттик феномендердин типтери бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, өздөрүнүн түпкү табияты боюнча когнитивдик бирдиктер катары саналышат. Алар лингвомаданий мейкиндиктин мүчөлөрүнүн бирдиктүү когнитивдик базасын калыптандыруу кызматын аткарышат. Маселен, ***“Беш өрдөгүн учуруп”*** деген фразеологизмди уккан аң-сезимде прецеденттик текст менен прецеденттик кырдаалга байланыштуу ассоциациялар пайда болбойт. Ал эми ***“Кетсин”*** деген

бир эле сөз Кыргызстандын соңку тарыхында саясий катаклизмдер, биринин артынан бири болуп өткөн митингдер, революцияларга байланыштуу прецеденттик кырдаалдарга, прецеденттик тексттерге байланыштуу ассоциацияларды жаратышы ыктымал. Маселен, ***“Президент кетсин!”*** деген тексттен тартып, ар кайсы бийлик бутагындагы мамлекеттик кызматчыларды кетишин талап кылган ***“Бул кетсин, тигил кетсин”*** деген кыйкырыктар, элдик толкундоолорго байланышкан прецеденттик кырдаалдарды жана ага байланыштуу прецеденттик тексттерди эске салат.

Прецеденттик феномендердин негизги белгилери катары Д.Б.Гудков төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөтөт:

- кандай гана прецеденттик феномен болбосун анын маңызында ошол феномендин белгилеринин камтыган кандайдыр бир образ-элес болот . Ал образ лингвомаданий коомчулуктун мүчөлөрүнүн басымдуу көпчүлүгүнө белгилүү болуп, ошол коомчулуктун когнитивдик базасына кирет;
- лингвомаданий коомчулуктагы прецеденттик феномендердин комплекси ошол коомчулуктун түрдүү тармактардагы ишмердигине таасир тийгизип, анын баалуулуктарынын жашоо формаларынын бири катары да эсептелет;
- прецедент менталдуулуктун белгиси болуп эсептелет. Андыктан прецедент конкреттүү факт, кырдаал, адам же текст аркылуу “персонификацияланган” түрдө болот. Ошондуктан прецедент стереотиптерден айырмаланып өзүнө гана мүнөздүү маниге ээ болот;
- прецеденттик феномендерге аксиологиялуулук мүнөздүү келип, алардын ар биринде “жакшы” же “жаман” деген баалоо шкаласы берилет. Б.а. прецеденттер түрдүү аракеттерге, нерселерге берилген “туура”, “жакшы”, же “натуура”, “жаман” өңдүү баалардын үлгүсү болуп саналат [Гудков, 1999, 58-59].

Орус тил илиминде прецеденттик текстке “законченный и самодостаточный продукт речемыслительной деятельности, (поли) предикативная единица; сложный знак, сумма значений компонентов которого не равна его смыслу; прецедентный текст хорошо знаком практически любому

социализированному представителю национально-лингво-культурного сообщества, в когнитивную базу входит инвариант его восприятия, обращение к нему многократно возобновляется в процессе коммуникаци через связанные с этим текстом высказывания и символу” деген аныктама берилген [Лингвокультурологический словарь, 2004, 29]. Аныктамадан көрүнүп тургандай, прецеденттик текст тигил же бул тилдик маданий коомчулуктун дээрлик бардык мүчөлөрүнө тааныш, түшүнүктүү боло тургандыгын айтылып жатат. Бирок белгилей өтчү жагдай, улуттук тилдик маданий коомчулуктун мүчөлөрү прецеденттик текстти ар кандайча чечмелеп, ар кандайча түшүнүүсү ыктымал.

Прецеденттик текстгерге, адатта, көркөм адабий чыгармаларды, ырлардын текстгерин, анекдоттор, саясий публицистикалык текстгерди ж.б. киргизип жүрүшөт. Ал эми прецеденттик ысымдарды окумуштуулар жеке, индивидуалдуу ысымдарга байланыштырышат. Прецеденттик ысымдарга баалоого байланышкан экспрессия мүнөздүү экендиги маалым жана мындай ысымдардын дифференциалдуу 3 белгисин бөлүп көрсөтүүгө болот:

1.Тышкы келбетке байланыштуу мүнөздөмө. Аялзатынын сулуулугу кыргыз элинде Акмөөрдүн образына салыштырылса, орус элинде Василиса сулууга (Василиса прекрасная) байланыштуу айтылат.

2. Кулк-мүнөздөгү өзгөчөлүктөргө байланыштуу мүнөздөмө. Маселен, кыргыз элинде кимдир-бирөөнүн аңкоолугу үчүн Кемчонтой деп атоо салттуу болсо, орус элинде аңкоо Иван (Иванушка дурачок) деп атоо салттуу болуп эсептелет. Ал эми французлардын өздөрүнүн аңкоо Иванушкасы же Кемчонтою бар. Бул лакап ат француз тилиндеги жосунсуз жоруктарды жасаган, аңкоо, баёо Жан Жак же Грибуй сыяктуу ирониялык образдар аркылуу берилет. Аталган ысымдар лакап атка айланып, акылсыз аңкоо адам менен ассоциацияланат. Же жүрүм-туруму тыңчынын жүрүм-турумун эске салган адамдарды орус жана кыргыз элинде деле Штирлиц деп атоо салтка айланып калгандыгын билебиз.

3.Прецеденттик кырдаал аркылуу прецеденттик ысымдардын актуалдашышы. Маселен, өзүнүн тышкы келбетине бөтөнчө көңүл бөлүп, маашырланган кишини Нарцисс деп аташса, “өздөн чыккан жатка” карата кыргыз элинде Абыке, Көбөш, өз уулуна кыянаттык кылган адамды Тейитбек деп атоо салты эзелтен эле болуп келген.

“Лингвомаданият таануу сөздүгүндө” прецеденттик айтым “репродуцируемый продукт речемыслительной деятельности законченную и самодостаточную единицу, которая может быть или не быть предикативной. Это сложный знак, сумма значений компонентов которого не равна его смыслу: последний всегда “шире” простой суммы значений” деген мазмунда аныкталган [Лингвокультурологический словарь, 2004, 18].

Лингвомаданият таануу жаатында прецеденттик айтымдын үч мааниси белгиленип жүрөт:

1. Прецеденттик айтымдын мааниси катмарланбастан, ал үстүртөдөн гана айтылган учурда айтымдын функционалдык мааниси прецеденттик факты туурасындагы маалыматсыз эле түшүнүктүү болот. Маселен, академиялык чөйрөдө ***“мен окубасам дагы өз пикиримди айтып коёюн”*** деген репликанын кайдан келип чыккандыгын билбеген адамдар деле анын функционалдык маанисин, б.а. кайсыл учурда айтыла тургандыгын жакшы билишет. Бул айтымдын эл арасына жайылып кетиши, дегеле пайда болушу Б.Пастернактын “Доктор Живаго” романына байланыштуу экендигин бардык эле адамдар биле беришпейт. Тагыраак айтканда, аталган роман италия тилине которулуп, чет өлкөлөрдөн жарык көрө баштаганда Советтер Союзунда романды каралоо, бир жактуу карап жокко чыгаруу тенденциясы күч алып, аны бардык мекеме-ишканаларда, уюмдарда ал гана эмес завод, фабрикаларда эмгектенген жумушчулар арасында талкуулоо милдети коюлган. Ошол учурда романды окуп чыгып, түшүнүп гана тим болбостон, өз пикирин билдирүү бардык эле адамдардын колунан келген эмес, андан калса романды окуган адам диссиденттик адабиятты окуган адам катары мыйзам алдында жоопко тартылган. Сөз болуп жаткан чыгарма тинтүү учурунда үйлөрүнөн табылып

калган жарандар да камакка алынган. Андыктан эл арасында чыгарманы окубастан эле талкуулашып ***“мен окубасам дагы өз пикиримди айтып коёюн...”*** деген реплика көп айтылып, бара-бара бул айтым прецеденттик мүнөзгө өтүү менен, кийин ирониялык оттенокко да ээ боло баштаган. Ушул өңдүү прецеденттик айтымдардын келип чыгышы туурасында маалыматсыз эле алардын колдонулуп жүрүшү, биринчи кезекте, ирониялык оттенок менен конкреттүү кептик кырдаалга шайкеш келгендиктери аркылуу түшүндүрүлөт.

2. Түз жана өтмө мааниде айтылган прецеденттик айтымдар. Маселен, ***“Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйнап журт кылдым”*** деген айтымда түз жана өтмө маани бар: түз мааниси куш таптоо менен журт топтоо болсо, өтмө мааниси мамлекет, дөөлөт куруу дегенди туюндурат. Же болбосо Кыргызстандын биринчи президенти А.Акаевдин ***“Коррупция ак үйдүн жетинчи кабатына жетти”*** деген репликасы кош мааниде айтылганды сөз болуп жаткан прецеденттик айтымдарга мисал боло алат.

3. Өтмө мааниде гана айтылган прецеденттик айтымдар. Маселен, ***“Кайың барбы кыргыз балта чаппаган, ой-кыр барбы кыргыз сөөгү жатпаган”*** деген айтымда конкреттүү кайың же ой-кыр туурасында сөз болбостон, кыргыз элинин айтылбай, жазылбай калган тарых барактары, эл катары башынан кечирген кыйчалыш кырдаалдары туурасында өтмө маани берилип жатат.

Прецеденттик кырдаал изилдөөчүлөр тарабынан ар кандайча аныкталып жүргөндүгү маалым. Ал эми жогоруда сөз болгон “Лингвомаданият таануу сөздүгүндө аталган түшүнүккө: “некая “эталонная”, “идеальная” ситуация, связанная с набором определенных коннотаций, дифференциальные признаки которой входят в когнитивную базу; озночающим прецедентую ситуацию могут быть прецедентное высказывание или прецедентное имя” деген аныктама берилген [Лингвокультурологический словарь 2004, 17]

Демек, прецеденттик феномендер тигил же бул элдин жашоосундагы кандайдыр бир тарыхый этаптагы тенденциялар, өзгөчөлүктөр, кырдаал-шарт, жагдайлар туурасында маалымат берсе, экинчи жагынан, алар ар кайсы

тарыхый доорлордо пайда болгон окшош жагдай-шарт, кырдаалдар параллелдер аркылуу элдин тилдик аң-сезиминин калыптануу жолун, бирдиктүү маданий континуумун көрсөтөт.

Экинчи бап боюнча кыскача жыйынтык

1.Тилдин лексика-семантикалык деңгээлиндеги системалуулук сөздөрдүн маанилери боюнча ар кандай лексика-семантикалык класстарга биригүү мүмкүнчүлүгү аркылуу түшүндүрүлөт. Тилдин башка деңгээлдерине салыштырмалуу лексикадагы системалуулук жөнүндө тил илиминин тарыхында салыштырмалуу кийинки мезгилдерде гана айтыла баштады [Слесарева, 1990,13].

2. Лексикадагы сөздөр жана алар аркылуу туюндурулган маанилер өз алдынча жашабастан, негизги маанилериндеги жакындыкка, же тескерисинче, карама-каршылыкка негизделип биригишет [Покровский, 1959, 82]. Демек, татаал лексикалык системадагы бардык сөздөр бири-бири менен байланышып же каршы коюлуп, алар туюндурган маанилер, эң оболу, башка сөздөрдүн маанилери, тагыраак айтканда, алардын лексикалык системадагы орду аркылуу аныкталат.

3. Лексикадагы системалык байланыштарды изилдөө тилдин сөздүк корун илимий сыпаттоо зарылчылыгы аркылуу шартталган. Ошону менен эле бирге лексиканы окутууда сөздөрдүн ортосундагы системалуу байланыштарды аныктоого басым жасалышы керек. Атап айтканда, лексемалардын лексика-семантикалык системадагы орду парадигматикалык, синтагматикалык жана деривациялык байланыш-катыштардын негизинде аныкталып, мүнөздөлөт.

4. Лексикалык бирдиктердин топторго биригишинин принциптерине карата болгон көз караштардын жана аларга карата колдонулган терминдердин көптүгүнө карабай, белгилүү жалпы тенденцияларды аныктап алууга болот. Лексикалык бирикмелерде түзүлгөн семантикалык белгилердин мүнөзү сөздөрдүн классын, алардын топторунун тибин аныктайт. Тил илиминде сөздөрдүн, сөз формаларынын мындай топторуна карата лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ түшүнүктөрү

колдонулуп жүрөт. Ал эми аталган түшүнүктөр, өз кезегинде, синонимдик катарлар менен антонимдик жуптарды өзүнө камтыйт.

5. Семантикалык талаага ар башка сөз түркүмдөрүнө кирген сөздөр тиешелүү болушу ыктымал. Бирок тигил же бул сөздүн маанисин толук түшүнүү үчүн ошол сөз кирген семантикалык талаадагы башка сөздөрдүн маанисин билүү зарыл экендигин эске алганда, семантикалык талааны система катары мүнөздөгөн төмөндөгүдөй бир нече белгини бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Семантикалык талаа бири-бири менен ар кандай байланыш-катышта турган сөздөрдүн жалпы жыйындысынан туруп, системалуулукка ээ. Ал эми кандай гана система болбосун ал байланыш, бүтүндүк жана алар аркылуу шартталган структурага ээ. Системада байланыштын экиден кем эмес тиби болуу керек.

2. Кандай гана системаны алып карабайлы, ал башка бир системанын бөлүгү болуп саналат, ал эми анын ар бир элементи өзүнчө бир система болуп эсептелет. Ушул өңүттөн алып караганда, семантикалык талаа тилдин семантикалык мейкиндигине кирүү менен, анын ички формасынын бир бөлүгү катары саналат. Ошол эле учурда семантикалык талаа системалардын системасын эске салат. Маселен, семантикалык талаадагы синонимдер, антонимдер, гипер-гипономикалык уялар өңдүү микросистемаларды бөлүп алууга болот.

3. Системанын өзгөрүү булагы, эреже катары, системанын өзүндө жатат. Семантикалык талаа өз алдынча уюшулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ система болуп эсептелет. Андыктан анын эволюциясынын себептери, эң оболу, талаанын өзү менен имманенттик катышта каралышы шарт.

4. Система классификациялоочу кызмат аткарат. Тагыраак айтканда, дүйнөнүн тигил же бул фрагментин классификациялайт.

5. Система динамикалуу, ачык, ийкемдүү мүнөзгө ээ. Ушул себептүү ага жаңы элементтер тынымсыз кирип турат. Семантикалык талаанын ийкемдүүлүгү, кыймылдуулугу абстрактуу ой жүгүртүүнүн өнүгүүсү, бизди

курчап турган дүйнөдөгү предметтердин табиятындагы улам жаңы белгилердин ачылышы жана өз алдынча уюшулуу жөндөмдүүлүгү аркылуу түшүндүрүлөт.

6. Лексика-семантикалык топту бирдей грамматикалык статуска жана принципиалдуу бөлүп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, синонимдик типтеги маанилик жакындыктагы сөздөрдүн жыйындысына негизделген тилдик жана психологиялык реалдуулук катары мүнөздөөгө болот.

7. Лексика-семантикалык топ талаанын структурасына ээ. Анын структура-семантикалык өзгөчөлүгүнө, эң оболу, анын ядрого жана жанаша жана ыраак периферияларга ээ болушун киргизүүгө болот. Лексика-семантикалык топтун борборун стилдик жактан бейтарап, жалпы маанидеги сөздөр түзө тургандыгы маалым. Ал эми топтун перифериясын терминдер, маанисинде коннотациялык элементтер бар лексикалык бирдиктер түзүшү ыктымал.

8. Лексика-семантикалык топ жана семантикалык талаа бири-бири менен тыгыз байланыштагы категориялар катары эсептелгени менен, өздөрүнүн масштабдары боюнча айырмаланышат: семантикалык талаа лексика-семантикалык топту өзүнө камтыган кеңири түшүнүк болуп эсептелсе, эреже катары,бир сөз түркүмүнө кирген сөздөрдүн жыйындысынан турган лексика-семантикалык топ түшүнүгү, өз кезегинде синонимдик катарлардан куралат. Ал эми мындай иерархиялык тартип лексиканын микросистемаларынын белгилүү бир структурага ээ экендигинен кабар берет.

9. Прецеденттик феномендер, прецеденттик тексттер, прецеденттик айтымдар жана ысымдар тигил же бул элдин жашоосундагы кандайдыр бир тарыхый этаптагы тенденциялар, өзгөчөлүктөр, кырдаал-шарт, жагдайлар туурасында маалымат берсе, экинчи жагынан алар ар кайсы тарыхый доорлордо пайда болгон окшош жагдай-шарт, кырдаалдар, параллелдер аркылуу элдин тилдик аң-сезиминин калыптануу жолун, бирдиктүү маданий континуумун көрсөтөт.

III Бап. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-тематикалык топторго кирген тилдик каражаттар жана алардын семантика-функционалдык табияты

3.1. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттарды изилдөөнүн көз караш-аспектилери

Ишибиздин биринчи бөлүмүндө орус тил илиминде адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тил каражаттары түрдүү өңүттөгү изилдөөлөрдүн объектиси болуп келгендиги айтылган. Маселен, адабий портреттер багытындагы изилдөөлөргө байланышкан эмгектерге В.С.Бараховдун (1985), Г.В.Старикованын (1985), К.Л.Сизованын (1995), Т.Г.Симонованын (2002), Н.А.Николинанын (2003), М.Г.Уртминцеванын (2005), Л.Я.Мачковскаянын (2009), Н.И.Линин (2012) изилдөөлөрүн киргизип, окумуштуу Р.Н.Менондун эмгектерине өзүнчө токтолгонбуз. Анда айтылгандай, Р.Н.Менондун изилдөөлөрүндө адамдын тышкы келбетин мүнөздөгөн орус тилиндеги сын атоочтор сөздүктөрдөгү материалдардын негизинде талдоого алынган. Окумуштуу орус тилинин 4 жана 17 томдук түшүндүрмө сөздүгүнө кирген адамдын тышкы келбетин мүнөздөөгө байланыштуу сөздөрдү изилдеген. Сын атоочторду тандап алуунун критерийи катары алардын зат атооч сөздөр менен болгон айкашуу мүмкүнчүлүгү жана зат атоочтордогу “адам” семасынын болушу эсептелген [Менон, 1985, 8].

Адамдын тышкы келбетин сүрөттөөгө байланышкан сын атоочтордун лексика-семантикалык тобун окумуштуу эки топчого бөлүп карайт:

1) Биринчи топко адамды анын тышкы келбетинин тигил же бул атрибуттарына байланыштуу мүнөздөгөн сын атоочтор кирет. Тагыраагы, адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрү, дене мүчөлөрү, тышкы белгилери аркылуу аны мүнөздөгөн сын атооч сөздөр: *узун бойлуу* жигит, *кызыл жүздүү* кыз, *кылый көз* киши ж.б.ус.

2) Экинчи топко адамды анын тышкы келбетинин айрым бир белгилери боюнча эмес, анын турпатынын жалпы көрүнүшүнө карап мүнөздөгөн сын

атоочтор кирген: *сулуу* аял, *албеттүү* жигит, *кары* киши, *кичине* бала, *ак сакалдуу* карыя ж.б.у.с.

Экинчи топтогу сын атоочтордо оң же терс эмоционалдык-эстетикалык баа кошо берилет. Көркөм чыгармаларда мындай сын атоочтор каармандардын портретин берүүдө активдүү пайдаланылып, тигил же бул персонажга карата болгон автордук позицияны туюндуруунун каражаттарынын бири катары эсептелет: ***Көгала чокчо сакалдуу, маңдайы жарык, эки көзү жаштыкындай балбалдаган, жүзү кызылдуу*** *адам экен... Эшим Айзааданы сүйөп түшүрдү. Боз үйдөн* ***орто жашап калган, келбеттүү, саамай чачын эми ак чалган, кара каш, кара көз*** *зайып чыкты...(Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Адамдын абстрактуу оң мүнөздөмөсүн билдирген сын атоочторго ***сулуу, чырайлуу, укмуштуу, келбеттүү, жагымдуу, жакшынакай, татынакай, өзүнө тарткан*** өңдүү ж.б. сын атоочторду киргизүүгө болот. Жогоруда келтирилген үзүндүнүн контекстинде да ***көгала чокчо сакалдуу, маңдайы жарык, эки көзү жаштыкындай балбалдаган, жүзү кызылдуу, орто жашап калган, келбеттүү, саамай чачын эми ак чалган, кара каш, кара көз*** өңдүү сын атоочтордун катары аркылуу сүрөттөөгө алынып жаткан каармандарга карата автордук оң позицияны чагылдырып тургандыгын түшүнүү кыйын эмес.

Адамдын абстрактуу оң мүнөздөмөсүнө байланыштуу сөздөр тигил же бул конкреттүү дене мүчөсүнүн аталышы менен айкашып, конкреттүү маниге ээ болушу мүмкүн: ***жакшынакай көздөр, татынакай манжалар, жагымдуу үн, мээримдүү жүз, нур чачкан карек*** ж.б.,бирок белгилей кетчү жагдай, жогоруда келтирилген бардык сын атоочтор дене мүчөлөрүн атаган бардык эле сөздөр менен айкаша бербейт.

Демек, сын атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнө кирген сөздөр менен айкашуу валенттүүлүктөрүн жана алардын синтагматикалык бөтөнчөлүктөрүн эске алуу менен, синонимдик катарларга мүнөздүү төмөндөгүдөй бир катар өзгөчөлүктөрдү белгилөөгө болот:

1. Биринчи топтогу сын атоочтор адамдын сырткы келбетинин тигил же бул атрибуттарын билдирген зат атоочтор менен айкаша келип, өз кезегинде ал

атрибуттардын мүнөздөмөсүнө карай өзүнчө микротопторго ажырайт. Адамдын сырткы келбетинин атрибуттары катары төмөндөгү маркерлер эсептелет. Атап айтканда, адамдын сырткы келбетинин атрибуттарынын бар же жок экендиги, формасы, көлөмү, түсү, саны ж.б. өзгөчөлүктөр кирет.

Сулууча келген кара тору иреңи, сурмалуу алагар көзү, ак пейили менен бакырайып тиктеши, баштатан таанышка эрксизден атасын эстетет. Бар болгон өзгөчөлүгү, апасына окшоп бети жайыгыраак. Мамырбай аке ушундай ***көзү сурмалуу, чукчуйган кара киши*** *болучу. Тели –теңтушу* ***"Мамырбай кара"*** *дешсе, жеңелери* ***"Шиш кара"*** *деп тергешкен экен. Жоболоңдуу жеңелердин жолоюна түшүп, келиндери* ***"Шиш кара акем"*** *дешээр эле (Т.Касымбеков, "Туулган жер").*

2. Экинчи топко адамдын сырткы келбетин мүнөздөөнүн аспектисине карата микрогруппаларга бөлүштүрүлгөн сын атоочтор кирет. Мындай аспектилердин катарына адамдын боюнун узун же кыскалыгы, саламаттыгынын абалы, жашы, физикалык жактан алсыздыгы же чымырлыгы өңдүү жана башка эстетикалык бөтөнчөлүктөр кириши ыктымал. Бул топтогу сын атоочтордо адамдын сырткы келбетине карата субъективдүү баа берилет:

Эки буту тең тизеден жогорооктон жок*...Бутуна кошо батыш жакка* ***бетинин кызылын, этинин ысыгын*** *да калтырып келген окшобойбу,* ***жашы отуз бештердин алды-артында*** *гана турганына карабастан,* ***көзү оңурайып, жаагы калжайып, өз курагынан алда канча кары*** *(Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").*

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттар өз ара синонимдик катышта келүү менен, синонимдик катарларды түзүшү ыктымал. Ошондой болсо дагы адамдын сырткы келбетин сүрөттөө үчүн пайдаланылган тилдик каражаттардын курамы дайыма эле туруктуу мүнөздү алып жүрбөйт. Сөз болуп жаткан тилдик каражаттардын өз ара айкашуу мүмкүнчүлүгү, валенттүүлүк даражалары да ар кандай болот.

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгө карата пайдаланылган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүү ар кайсы

окумуштуулар тарабынан ар кандайча жүргүзүлөт. Маселен, орус окумуштуусу Г.А.Путягин адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды төмөндөгүдөй лексика-семантикалык топторго ажыратып карайт: адамдын курагына (бала, абышка ж.б), бой-келбетине (алп, кичине ж.б.), адамдын келбетинин келишимдүүлүгүнө, тышкы сулуугуна жана күч –кубатына (балбан, алсыз ж.б.) карата пайдаланылган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго ажыратат [Путягин, 1975, 1-3]. Мындай бөлүштүрүү аркылуу окумуштуу адамдын тышкы келбетин сүрөттөө өзгөчөлүгүнүн бардык жактарын, атап айтканда, биологиялык, социалдык, аксиологиялык, семиотикалык өңүттөрүн ачып көрсөтүүгө аракет кылган. Изилдөөнүн материалын адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган 45000ге жакын айтымдар түзөт. Бул кептик фрагменттер элдик оозеки чыгармачылыктын ар кандай үлгүлөрүнөн, XIX жана XX кылымдардагы орус адабиятынан, мезгилдүү басылмалардан (гезит, журналдардан) анын ичинде таанышуу жарыяларынан, илимий-популярдуу тексттерден, турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү диалогдорунан, кинолордон, теле жана радиоберүүлөрдөн ошондой эле макал-лакаптар менен фразеологиялык бирдиктерден алынган. Мындан тышкары түшүндүрмө сөздүктөрдөн, антонимдер менен синонимдер ошондой эле тематикалык сөздүктөрдөгү адамдын сырткы келбетине карата айтылган номинациялар дагы алынган. Анализге алынган контексттер да стилдик жактан ар кандай болуп, жаргондук жана диалектилик, көркөм, илимий популярдуу, расмий-иштиктүү жана публицистикалык стиль чөйрөлөрүндөгү тил каражаттары кирген. Аталган чөйрөлөрдөгү тилдик бардык материалдар синхрондук аспектиден каралган [Коротун 2002, 13-14].

Окумуштуулар адамдын сырткы келбетине тиешелүү атрибуттарга адам өзүнүн сырткы келбетине объективдүү, субъективдүү, прагматикалык жана эстетикалык жактан мүнөздүү деп тапкан бардык белги-бетелерди киргизип жүрүшөт. Маселен, мындай атрибуттарга адамдын келбетин шөкөттөгөн предметтер, кийим-кечек, сырткы келбеттин динамикалык белгилерин(дененин кыймылы, мимика, позалар, манералар, адамдын басыгы) оозеки кептин тышкы

белгилерин (үн, кыраат, кеп) ошондой эле адамдын сырткы келбетине карата берилген эстетикалык, этикалык, социалдык, психологиялык бааларды да киргизүүгө болот. Бирок адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттардын семантикалык мейкиндиги жана кепте колдонулуу жыштыгы ар кандай экендигин белгилөөгө болот. Негизинен, адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө, биринчи кезекте, сын атоочтор катышып, ал эми алардын субстантиваттары же болбосо зат атооч сөздөр экинчи планга өтүп номинативдик кызмат аткарышат: *Мейман* ***тараз бойлуу, төшү чыгыңкы, тууралжын келген, чийкил*** *киши.* ***Түктүйгөн сары кашты чарт-чарт тике бөлгөн эки бырыш, койкойгон мурун, бекем кымтылган эрин, тикирейген көк көз*** *– анын айтканынан кайтпаган зарделүү адам экенине бир баштан күбө. Бир тиктешинде* ***көзүнөн кандайдыр бир азапты көп көргөндөй туюлат, анткен менен тикийип сергек****, кандай жерде турам дегендей* ***тирмеңдеп*** *оропараны тегерене чабат, авазкөй. Чекесиндеги, бери болгондо,* ***жарым кылымды ичине каткан майда бырыштардын*** *бир жагын бүт басып,* ***коёндун куйругундай чимирилген буурул чач*** *чыгып турат.* ***Алда нерсенин териси, кыркма кара тумакты желкесине баса кийиптир. Бутунда таза майланган керзо өтүк****. (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Жогоруда сөз болгондой, сын атоочтордун субстантиваттары атоо маанисинде колдонулуп, стилдик боёктуулукка ээ экендигин төмөндөгү мисалдардан көрүүгө болот: *Эр жигитке жетимиш эки өнөр эмес, миңи аздык кылчудай азыр. Муногу* ***чаардан,*** *трактор айдаганды үйрөнүп ал. Ашык акыл баш жарбайт (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Ушул сыяктуу эле кыргыз элинде **“жаман”** деген сөз бир нерсенин сапатына карата колдонулган сын атоочтук маанисинен тышкары субстантивдешкен маанисинде адамга карата да колдонулары белгилүү. “Жаман” сөзүнүн адамга карата колдонулган маанисинде адамдын бир эле терс сапатын аныктаган маани эмес, анда адамдык начар сапаттардын бүтүндөй «комплексин» генерализациялап, жалпылап турган маани бар экендигин кыргыз тилинде сүйлөгөн адам жакшы түшүнөт. **“Жаман”,**

“жакшы” түшүнүктөрүнө байланыштуу кыргыз тилинде көп сандаган макалдардын болушу да **“жаман”, “жакшы”** сөздөрүнүн жалпыланган маанисине байланыштуу. Маселен, төмөндөгү макалдардагы **“жаман”** сөзүнүн орус тилиндеги **“плохой”** эквивалентинин колдонулбай, башка лексемалар менен алмашышын карап көрөлү*: **Жаманга** айткан кайран сөз-Как жаль слов, сказанных дурному; **Жамандын** коногу билет-У никудышного домом правит гость; **Жакшы** менен жүрсөң, жетесиң муратка. **Жаман** менен жүрсөң, каласың уятка- С хорошим поведешься, цели достигнешь, с плохим поведешься, от стыда сгоришь.* (Иптарова, Шамбаева 2008, 55-57). Макалдардын орус тилиндеги варианттарында **“жаман”** деген бир эле сөз **дурной, никудышный, дурак, плохой,** контексттик маанилеринде колдонулгандыгын көрүп турабыз [Кенжебаев, 2014, 84].

Жогоруда биз адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тил каражаттарына адамдын келбетин шөкөттөгөн предметтер, кийим-кечек, сырткы келбеттин динамикалык белгилерин (дененин кыймылы, мимика, позалар, манералар, адамдын басыгы) оозеки кептин тышкы белгилерин (үн, кыраат, кеп) ошондой эле адамдын сырткы келбетине карата берилген эстетикалык, этикалык, социалдык, психологиялык бааларды киргизүүгө боло тургандыгы туурасында сөз козгодук. Албетте, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттар бир беткей статикалык, же башкача айтканда, кыймылсыз объектилер болбостон, жогоруда сөз болгондой, сүрөттөөнүн динамикалык объектилери да болуусу ыктымал. Анткени адамдын сырткы келбетинин атрибуттары менен катар, анын кыймыл-аракети, үнү, минген аты, кийген кийими, басыгы жана башка белгилери да анын сырткы келбетин, ошону менен бирге мүнөзүн эстетикалык, этикалык, социалдык, психологиялык жактан баалоонун критерийлери катары кызмат кылат. Ал эми көркөм адабиятта мындай атрибуттар көркөм образдын ар тараптуу, толук кандуу ачылып берилишинин негизги шарты болуп эсептеле тургандыгын төмөндөгүдөй иллюстрациялардан көрүүгө болот:

Намыз дегенди билбедиңер да, ***бетим-а!” –деп бызылдашы*** *бышык эле, бирок атам өзү менен өзү алек...* ***Кер быштыны алчактатып*** *таң каракчысында жүрүп кетет, эл жатарда келсе келет, келбесе кээде ошоякта түнөйт. Ошонткен менен, а жанагы секретарлык бизге артпай калгандан бери* ***сус, дайыма кабагы түйүлүү.*** *Апам экөөбүзгө сөздү* ***чорт сүйлөйт, өкүм кыла сүйлөйт...***

Атам ***кыжырланып, бизди карата аркыратып аттын башын коюп жиберди****... Айласы куруду белем, атам те марзеге чыкты да, быштыны ошерге байлап,* ***өзү ормоюп бизди карай басты.*** *Чотур* ***күлүп-күлүп тракторду токтотту да:*** *“Барчы”, -деди акырын.*

(Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).

Келтирилген үзүндүдө адамдын дене мүчөлөрүн сүрөттөп берүүгө караганда, каармандардын жүрүм-турумуна түздөн-түз байланышкан *бетим-а!*, *бызылдашы, быштыны алчактатып, сус*, *кабагы түйүлүү*, *чорт сүйлөйт*, *өкүм кыла сүйлөйт, кыжырланып, бизди карата аркыратып аттын башын коюп жиберди, өзү ормоюп бизди карай басты, күлүп-күлүп тракторду токтотту да,* өндүү динамикалык объектилер сүрөттөөгө алынып, булар өз кезегинде көркөм образдын портретинин зарыл деталдары катары кызмат кылат.

Демек, адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тил каражаттарынын лексика-семанткалык талаасынын борборунда, же башкача айтканда, ядросунда адамды тигил же бул сырткы өзгөчөлүгүнө карап мүнөздөгөн номинациялар турса, ал эми талаанын периферияcында сырткы келбетке байланыштуу айтылган функционалдык, динамикалык номинациялар турат. Өз кезегинде мындай номинациялар башка микроталаалардын ядролук топторун түзүп сөз болуп жаткан системаны “туюк” эместигинен кабар берет. Мындан “адамдын денеси” борбордук түшүнүк катары эсептелип ал динамикалык, өнүгүп турган система катары адамдын ички сапаттары менен белгилүү параметрлер аркылуу байланышып, адам туурасында толук маалымат берүүнүн негизги өбөлгөсү катары кызмат кылат. Маселен, төмөндөгү мисалда адамдын сырткы келбетинин бир белгисинин анын ички абалына байланыштуу

сүрөттөлгөндүгүн байкоого болот: *Домбу тайманбай: -тааныбасачы? Бу жалаа болсочу? –**деди атын темине, чалыр көзү кызарып, бир шумдуктуу жылтылдап –Ыя?** Ачык айт. Абил бий! Мен бул кордукка чыдай албайм, ой, Абил бий!..(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Келтирилген үзүндүдө Домбунун көзүнүн чалырлыгы анын сырткы келбетиндеги башкы өзгөчөлүк катары гана сүрөттөлбөстөн, анын кызарышы, шумдуктуу жылтылдашы аркылуу каармандын ички психологиялык абалы, асыресе, бир билгени бар кишиче Абил бийди кекетип, өзүнө ашкере ишенген абалын туюндурган деталь катары да сүрөттөлгөн. Демек, адамдын сырткы келбетинин тилдик образы көп пландуу, көп аспектилүү социалдык, маданий, психологиялык феномен экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка келебиз. Ошондой болсо дагы сөз болуп жаткан лексика-семантикалык талаага кирген лексемалардын функционалдык статусу бирдей болбойт. Маселен, бир лексема адамдын ички дүйнөсүн концептуализациялап, аны толук камтыса, экинчи бир лексема адамдын ички дүйнөсүнүн тигил же бул өңүтүн гана атап көрсөтүшү мүмкүн. Ушул жагынан алып караганда, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттардын лексика-семантикалык талаасын түзгөн иерархиянын борбордук лексемаларын таап алууга болот. Маселен, мындай статустагы лексемалардын катарына адамдын “жүзү” лексемасын киргизүүгө болот [Овчинникова 2001, 86-88].

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексикалык бирдиктер структуралык, функционалдык жана семантикалык өңүттөрдөн каралышы ыктымал. Мындан тышкары аталган лексика-семантикалык топко кирген лексикалык бирдиктердин стилистикалык, семантикалык мүмкүнчүлүктөрү, полисемия проблемасы, лексика-семантикалык топ ичиндеги окказионалдык жана энантиосемиялык кубулуштар да изилденет.

Окумуштуу О.И.Глазунов адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сын атоочтордун лексика-семантикалык топторуна сыпаттама берүү менен, аларды адамдын боюн, жүзүн, эриндерин, маңдайын, мурдун, көздөрүн, кирпиктерин, каштарын, чачын, чач жасалгасын сүрөттөгөн сын атоочторго бөлүштүргөн.

Мындай топторду андан ары дагы өзүнчө топчолорго бөлүп караган. Маселен, адамдын жүзүн сүрөттөгөн тил каражаттары катары автор тегерек, сүйрү (овальное), чап жаак, кара-тору, күнгө тотуккан (загорелое) өңдүү сөздөрдү атап көрсөтсө, адамдын көздөрүн алардын көлөмүнө карап чоң, кичине, тегерек, жылчык деп, ал эми алардын түсүнө карап көгүлтүр, көк, кара, күрөң (карие) өңдүү сын атоочторду келтирген. Мындан тышкары адамдын курагына байланыштуу жаш, улгайган, кары; боюна байланыштуу бойлуу, пас, орто бойлуу; дене түзүлүшүнө карап толук, семиз, арык, шыңга бой; сулуулугуна байланыштуу сулуу, серт, жылдыздуу сыяктуу лексемаларды да адамдын сырткы келбетине карата айтылган лексемалар катары атап көрсөтөт. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө сын атоочтор менен зат атоочтордон тышкары этиш сөздөрдүн катыштыгы бар экендиги окумуштуу тарабынан адамдын сырткы келбетине байланыштуу айтылган айрым атрибуттардын өзгөрүүгө учурашы аркылуу түшүндүрүлгөн. Атап айтканда, толуп кетүү, эткээл тартуу, семирүү, арыктоо, азып кетүү, бозоруп кетүү, карып кетүү, көзүнүн нуру өчүү, бетине бырыш түшүү өңдүү бир катар кыймыл-аракетке байланыштуу сөз жана сөз айкаштары мисал иретинде келтирилген. Чындыгында эле, адамдын сырткы келбетинин өзгөрүүгө учурашы анын тилдик бейнесинин, эгерде сөз көркөм адабият туурасында болуп жатса, каармандын адабий портретинин ажырагыс бөлүгү, динамикалык элементи катары эсептелиши шарт. Мындай категориядагы тилдик каражаттар симптоматикалык жесттер катары да аныкталып жүргөндүгү белгилүү. Адамдын сырткы келбетинин өзгөрүүсүнө байланыштуу колдонулган сөздөр көркөм чыгырмалардагы окуялардын динамикасын камсыз кылган, образдарды ар тараптуу ачып берүүгө катышкан көркөм чыгарманын архитектоникасынын ажырагыс көркөм деталдары экендигин төмөндөгү мисалдардан көрүүгө болот:

Сары шишик бетине чыгып кетиптир. Көздөрү же жумуп турганы, же тиктеп турганы билинбей, эрди кымтылбай *отурат...*

Мадыл ***ызалыгын күрмөп жутуп, буулуп эриндерин кыбыратты:***

-Домбу...

Бул атты укканда Абил бийдин ***көзү сүзүлө түштү.***

Домбу? Домбу хантагасы? Кандайдыр ою эки анжы, ***томсоруп калды.***

-Күнөөң кайсы? –деди ***көзүн ачып...***

Бийдин ***аяр көздөрү кылыйып, тереңден жылтылдап, анын ичи да ошондой алдастап жатты****. (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Келтирилген үзүндүдөн көрүнүп тургандай, адамдын сырткы келбетине байланыштуу "сары шишик бетине чыгып кетиптир", "көздөрү же жумуп турганы, же тиктеп турганы билинбей, эрди кымтылбай", "...буулуп эриндерин кыбыратты", "...көзү сүзүлө түштү", "томсоруп калды", "...көзүн ачып", "бүк түшүп", "буркурап ыйлады", "аяр көздөрү кылыйып, тереңден жылтылдап, анын ичи да ошондой алдастап жатты" өңдүү синтаксемалар аркылуу адамдын сырткы келбетиндеги динамика, өзгөрүү берилип гана тим болбостон, ал сырткы өзгөрүүлөр каармандардын психологиялык ички ал-абалы, сезимдери менен тыгыз байланышта экспликацияланган. Андыктан мындай тилдик каражаттардын семантикасында конкреттүү кептик кырдаалдарда актуалдашкан имплициттик маанилер, идеялардын лингвоспецификалык конфигурациялары катылып жатат. Ал эми мындай лексемалар менен синтаксемалар орус тил илиминдеги соңку изилдөөлөрдө улуттук-маркировкаланган лексикалык бирдиктер деп аталып жүрөт. Мындай тилдик каражаттарды изилдөөнүн биринчи кадамы катары алардын лексика-семантикалык топторун аныктоо экендиги буга чейинки параграфта айтылып өттү. Айрым көз караштар боюнча лексика-семантикалык талааны бир сөз түркүмүнө кирген сөздөр түзүшү керектиги негизги шарт экендиги айтылса, орус тил илими жаатындагы соңку изилдөөлөрдө лексика-семантикалык талаанын иерархиялык структурасына ар кайсы сөз түркүмүнө кирген лексикалык каражаттар кире тургандыгы да айтылып келет. Изилдөө ишибиздин буга чейинки параграфтарында сөз болгондой, структуралык жактан лексика-семантикалык талаа өзүнүн ядросу менен периферияcына ээ. Өз кезегинде лексика-семантикалык талаа оң жана терс баага байланышкан тилдик каражаттардын микроталааларга да бөлүнөт. Аталган

микроталаалардын алкагында лексика-семантикалык топторду өзүнчө бөлүп алууга болот. Лексика-семантикалык топторго кирген лексикалык каражаттар бири-бири менен парадигматикалык мамилелер аркылуу байланыш-катышта болушат. Жыйынтыктап айтканда, жогоруда иликтөөгө алынган жол-жоболор адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды изилдөөнүн теориялык негиздери катары кызмат кылат.

3.2. Адамдын сырткы келбетин анын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөгөн лекика-семантикалык топтогу сөздөрдүн, сөз тизмектеринин семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрү жана алардын көркөм трансформациялануу аркылуу текстте актуализацияланышы

Биз буга чейинки бапта тилдик иерархиянын башка деңгээлдериндей эле лексикадагы системалуулук туурасында кеп козгодук. Лексиканын система экендиги биздин изилдөө ишибиздин контекстинде да макро лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топтор жана антонимдик жуптар менен синонимдик катарлар аркылуу иллюстрацияланышы мүмкүн. Демек, “Адам” деген кеңири түшүнүк макро семантикалык талааны түзсө, анын сырткы келбетине байланыштуу тилдик каражаттардын баары лексика-семантикалык талаага кирет. Ал эми адамдын келбетин анын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрүнө, дене мүчөлөрүнө, параметралдык белгилерине, айрым окумуштуулар белгилегендей, ички касиеттерине, сырткы келбеттеги динамикалык өзгөрүүлөргө карап сүрөттөө лексика-семантикалык топторду түзүшөт. Мындай лексика-семантикалык топтордун ичинде майда топчолор да болот. Биз ишибизде, негизинен, адамдын сырткы келбетин анын жүзүндөгү өзгөчөлүк-белгилерге, ошондой эле анын дене мүчөлөрүнө карап сыпаттоо максатын койгонбуз. Ал эми адамдын сырткы келбетиндеги параметралдык белгилердин ичинен биз адамдын боюна байланыштуу тилдик мүнөздөөлөргө гана токтолдук.

Белгилүү болгондой, конкреттүү бир улуттун тили анын жалпы маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү катары саналат. Анткени ар бир тилдин лексикасында курчап турган объективдүү дүйнөнүн объектилери менен

кубулуштарын атап, аны чагылдырып жыйынтыгында ошол тилди алып жүргөн тилдик жамааттын тилдик аң-сезими, дүйнө таанымынын системасы, парадигмасы калыптанат. Ушул өңүттөн алып караганда, тил таанып билүүнүн табигый өбөлгөсү катары кызмат аткаруу менен, адамдын сырткы дүйнөнү, андагы өзүнүн ордун, өзүн таанууга кызмат кылары шексиз. Тилдин сөз болуп жактан кызматына, тагыраак айтканда, когнитивдик кызматынын өңүтүнөн тигил же бул объектинин изилдениши соңку мезгилдерде тенденцияга айланганын "Дүйнөнүн тилдик сүрөтү" деген түшүнүктүн алкагында жүргүзүлгөн көп сандаган изилдөөлөр айгинелеп турат. Бул багыттагы изилдөөлөрдө Дүйнөнүн тилдик сүрөтү (ДТС) "адам факторунун" тилде чагылыш өңүтүнөн каралуу менен, мында экстралингвистикалык жана лингвистикалык кубулуштардын өз ара аракетке кирүү механизмдерине өзгөчө көңүл бурулат. "Адам факторунун" таасири дегенде, биринчи кезекте, тилге маданияттын, элдик салт-санаанын, ишенимдердин тийгизген таасирин түшүнүү шарт. Ушул өңүттөн алып караганда, дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтүн изилдөө конкреттүү этнос тарабынан курчап турган дүйнөнү кабылдоонун спецификалык жактарынын ачылышына түздөн-түз өбөлгө түзөт. Тагыраак айтканда, дүйнөнүн конкреттүү бир этноско тиешелүү концептуалдуу сүрөтүнүн бөтөнчөлүктөрү, муну менен кошо ал элдин тилинин лексикалык системасынын спецификасы изилдөөнүн объектисине айланат.

Сөз болуп жаткан маселенин ар кандай өңүттөгү маселелери В.И. Карасик, В.Н. Телия (1988), Г.В.Колшанский (1990), Ю.Д. Апресян (1995), Е.С. Яковлева (1994), И.А. Стернин, З.Д. Попова (2001), О.А. Корнилов (2002) А.А.Гвоздева (2004), А.А. Зализняк (2013), И.Б. Левонтина (1994), А.Д. Шмелев (2005) өңдүү бир катар окумуштуулардын эмгектеринде изилденген.

"Адам факторунун" тилде чагылышын изилдөө жалпы эле дүйнө таанымдын, сезимдердин, көңүл туйгунун, адамдардын ортосундагы социалдык, психоэмоционалдык мамилелердин конкреттүү кептик кырдаалдарда, жалпы эле тилдик системада чагылышына байланыштуу маселелерди дыкат изилдөөнү шарттайт. Аталган факторлордун көркөм

адабияттагы ордун изилдөө дагы зарыл маселелердин катарында турарын атайын белгилөөгө болот.

Азыркы когнитивдүү лингвистиканын илим катары калыптанып, өнүгүүсүнө зор салым кошкон окумуштуулар катары Н.Н. Болдыревдин, А.Н. Вежбицкаянын, А.В. Костиндин, А.Д. Шмелевдун, А.Е. Барановдун, А. А. Кибриктин, Е. С. Кубрякованын, Н.Д. Арутюнованын, А.П. Бабушкиндин, Г.А. Волохиндин, З.Д. Поповонын, Ю.С. Степановдун, И.А. Стерниндин, В.Н. Телиянын, В.В Петровдун, М.В. Никитиндин, Р.М. Фрумкинанын, Ю.Д. Апресяндын ж.б. ысымдарын атоого болот.

Коңшулаш Казакстанда когнитивдүү лингвистика жаатында Ж.А. Джамбаева, К.Э. Жаманбаева, Г.К. Ихсангалиева, Э.Н. Оразалиева, Л.В Екшембеева. Б.К. З.К. Сабитова, З.К. Шантаева, Ж.К. Киынова, Г.Т. Жанкидирова, А.Т. Шетиева, Н.Г. Шаймердинова, А.Ж. Кульмагамбетова, К.О. Байгонысова, А.Т. Дуйсенбина, М.В. Тавлуй жана башка окумуштуулар изилдөө иштерин активдүү жүргүзүп келишет. Атап айтканда, аттары аталып өткөн окумуштуулар тарабынан бир катар кандидаттык жана докторлук иштер корголгон.

Кыргызстанда сөз болуп жаткан маселе боюнча, атап айтканда, когнитивдүү лингвистика жаатындагы орунттуу маселелер З.К. Дербишева, П.К. Кадырбекова, У.Камбаралиева жана башка окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган. Мындан тышкары бул окумуштуулардын жетекчилиги астында кандидаттык жана докторлук иштер корголгондугун да кошумчалоого болот. Маселен, Ы.А.Темиркулова тарабынан «глаз/көз», «лицо/бет» концепттери иликтенсе, Г.А.Абыканова «вода/суу» концепттин ар тараптуу изилдөөгө алган.

Аталган багытта жазылган диссертациялык иштерде дүйнөнүн тилде чагылдырылуусунун ар кандай жалпы маселелери да изилденген: “дүйнөнүн тилдик сүрөтү”, “концепт”, “жазуучунун концептосферасы” түшүнүктөрү жана булардын тилде чагылуу формалары “дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн” кайсы бир фрагменттеринин, башкача айтканда, тилди алып жүрүүчүлөрдүн билимдерине

негизделген тигил же бул концепттердин мисалында каралган. Мындай изилдөөлөрдүн актуалдуу мүнөзгө өтүшү да кокусунан болуп отурган жок. Анткени соңку мезгилдерде тил илиминин башка илимий тармактар менен ашташкан чегинде башка маселелер менен катар адам, анын лингвоменталдык дүйнөсү, анын дүйнөнүн тилдик бейнесинин борборунан алган орду өңдүү өзөктүү маселелер да күн тартибине коюлду. Анын ичинде адамдын сырткы келбетинин сүрөттөгөн сөздөр жана сөз тизмектери аркылуу туюндурулган эстетикалык, оң, терс баалар, мындай сөздөрдүн лексикадагы парадигматикалык жана синтагматикалык деңгээлдердеги системалык мамиле-катыштары өңдүү маселелер да изилдене баштады.

Дегеле адамдын тилдик портрети тил илиминен башка дагы илимий тармактарда изилдөөнүн объектиси болуп келгендиги маалым. Атап айтканда, тарых, криминалистика, антропология, этнография өңдүү илимий тармактарда ошондой эле сүрөт, театр искусствосу, сценография жана киноматография жааттарында да адамдын сырткы келбетин тил каржаттары аркылуу сүрөттөп берүү бир катар зарылдыктар аркылуу шартталып келген. Мындай зарылдык жогоруда аталган илимий тармактарда гана эмес, адамдардын ортосундагы кадыресе сүйлөшүү, баарлашуу процессинде да объективдүү мүнөздү алып жүрөт. Себеби, коммуникативдик актыга катышкан адамдын тил каражаттарынын жардамы аркылуу идентификациялоо зарылдыгы, жөнөкөй тил менен айтканда, тигил же бул адамды таануунун, эстөөнүн, эске сактап калуунун “тилдик формулаларын” жаратуу зарылдыгы экинчи тараптын индивидуализацияга болгон практикалык, ошону менен эле бирге эстетикалык керектөөсү аркылуу шартталган. Мындан тышкары адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөр менен сөз тизмектеринин антропоцентристтик пардигматиканын алкагында изилдөөнүн зарылдыгы алардын күнүмдүк сүйлөшүү чөйрөсүнөн тартып, көркөм адабият менен публицистикалык стилдердин чөйрөсүндө колдонулуш жыштыгын, маанилеринин прагматикалык компоненттерин, улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн, парадигматикалык жана синтагматикалык байланыштарын аныктоо сыяктуу маселелерди изилдөө

зарылдыгы аркылуу да өбөлгөлөнө тургандыгын белгилөө зарыл. Ал эми мындай максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөр менен сөз тизмектерин изилдөөнүн аспектилерин тактап алуу зарылдыгы келип чыгаары талашсыз.

Биз буга чейинки бапта адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды изилдөөнүн көп сандаган аспектилери, өңүттөрү жана багыттары бар экендигине жана мындай аспектилердин, өңүт-багыттардын олуттууларына учкай токтолуп өткөнбүз. Биздин жеке көз карашыбызда, адамдын сырткы келбети анын жүзүндөгү айрым атрибуттар боюнча, атап айтканда, анын көзүнүн, мурдунун, оозунун, эриндеринин, тиштеринин, жаагынын, кулактарынын, маңдайынын, чачынын, каштарынын жана сакал-мурутунун өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөө өзүнчө бир өңүттү түзөт. Ал эми адамдын дене мүчөлөрүнүн, тагыраагы, анын башынын, моюнунун, колдорунун, буттарынын, манжаларынын, төшүнүн, далысынын, курсагынын өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөө анын сырткы келбетин сүрөттөөнүн экинчи өңүтү катары эсептелет. Ошондой эле адамды анын сырткы келбетиндеги объективдүү жана субъективдүү белгилерге карап сыпаттоо үчүнчү өңүт болуп саналса, өз кезегинде обективдүү белгилерди адамдын бою, толуктугу же арыктыгы, саламаттыгынын абалы, курагы, салмагы өңдүү өзгөчөлүктөрдүн катары түзөт. Ал эми адамдын сырткы келбетиндеги тигил же бул өзгөчөлүктөргө карата оң же терс субъективдүү баанын берилиши адамдын сырткы келбетин изилдөөнүн үчүнчү өңүтүнүн бир аспектисин түзөт. Мындан тышкары басымдуу көпчүлүк окумуштуулар адамдын сырткы келбетин жан-жаныбарлардын сырткы келбетине, дене мүчөлөрүнө салыштыруу аркылуу оң же терс эмоционалдык, субъективдүү баанын берилишин өзүнчө багыт катары карашат. Мындан тышкары, өткөн параграфтарда сөз болгондой, адамдын сырткы келбетине карата колдонулган сөздөр, сөз тизмектери түзгөн лексика-семантикалык топ ичиндеги окказионалдык жана энантиосемиялык кубулуштар да изилдөөнүн өзүнчө объектилери катары эсептелет. Төмөндө биз адамдын сырткы келбетине байланыштуу кыргыз тилиндеги айрым тил каражаттарын ушул тартипте,

тагыраагы жогоруда сөз болгон негизги үч багыт аркылуу карап изилдөөгө аракет кылдык.

Адамды анын көзүнө байланыштуу мүнөздөгөн сөздөр

Кыргыз тилинде “көз” деген сөз адамдын көрүү органын билдирген түз маанисинен тышкары өтмө маниге ээ болуу менен, адамдын тирүүлүгүн же өлгөндүгүн, б.а., анын өмүрүнө карата колдонулат:

Көзү *барында кадыры жок Жаманкулга өлгөндөн кийинки ариет, урмат эмне үчүн керек болуп калды экен? Абил бий өз данкын гана* ***көздөп*** *отурат. Тултемир мукактанып, кыпкызыл болуп кетти:*

-Бий...Бий... Эмнеге Домбунун ***көзү*** *тирүүсүндө өзүнө айтпадыныз? (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Мындан тышкары көз аркылуу адамдын эмне ойлоп турганы, ниети, көңүл туйгу – маанайы да туюндурулат: *Сарыбай төрдө. Бүкчүйүп, былк этпей отурду. Эки көзүн тең көк жоолук менен таңып койгон. Баягы чатыраган мырза мүнүшкөр кайда? Жарым болуп бүрүшүп отурду. Бүркүт тыткан жерлери кара тырык болуп айыгып, өңү өтө серт көрүнүп калган.* ***Көзү*** *таанытат кишини.* ***Көз*** *көрүнбөгөн соң, же ойлонуп отурганы, же уктап отурганы белгисиз тыртык эриндери гана бир түрдүү калбыйып турду.*

-Бай, бергиңиз келсе, улак болсо да ыразы болуп алып кетем, ***көзүмдөн кан чыгып*** *турган чак, ушу арзыбаган немеге сүйкөп байым бирдеме кайрылабы деп келгеним...*

-Казый! Башыңды көтөр.

-А...А...-Казый апкарып, ***бозоргон нурсуз көздөрү диртилдеп*** *кетти, -Лаппай, хазрети...лапбай... (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Келтирилген бул мисалдарда каармандардын көзүн сүрөттөө аркылуу, жогоруда айтылгандай, алардын ички психологиялык абалдары, көңүл туйгусу, ичте катылган каймана сезимдери экспликацияланды. Ошону менен эле бирге каармандардын көздөрүн сүрөттөө аркылуу алардын мүнөздөрүндөгү бөтөнчөлүктөрү туюндурулат: ***Диртилдеген аяр, жыландай сак көздөрү*** *менен алдыртан тиктеп, Нүзүптүн оюн улап, тушмалдап, ага ыктап сүйлөп отурду.*

Анын аяр көкүрөгү бул ***тик көз*** *тоолук бийликке өтө турган жолду оттун үстүнө да, суунун үстүнө да салып кетүүгө даңдаяр экенин эч жазбай сезди.*

Коркуудан башка, өйдө карабай кулдук кылуудан башка көрүнбөгөн ***мокок көз,*** *маныроо жүз... (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Көздүн сүрөттөлүшү каармандардын ички психологиялык абалдарынын өзгөрүшүн (көзү чекирейди, көзү балбылдап жанды, көзү моймолжуду, көзү жайнап кетти, көзү бажырайды, чечекейи чеч болду, көзү күйдү ж.б.у.с) туюндуруунун, дегеле, көркөм баяндоонун динамикасын рельефтүү сүрөттөөнүн деталы болуп эсептелет:

-Бул эмне?

-Ооматтын кетиши... –деди календер ***муңдуу көзүн кылайтып****...*

Желдет кылычын тап кылды. Календер ууртун ырсайтып, же күлгөнү, же ыйлап жибере турганы белгисиз, аны ***мелтиреп тиктеди…***

–Бери кара!

Календер таң калгандай ырсайып тиктеп токтой калды. Бирок, бу сапар ***көзү тирилип кетти*** *(Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Тиги төрдөгү күржүйгөн айтылуу жолдош Бердике. Колтойгон чоң тору ат майышып араң көтөрөт. Машинага түшсө, орду кабина, шофёрдун шору: оозунан арак буркурап, ***көзү кызарып,*** *жолмо-жол үргүлөп, бурчка кысып салат(Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").*

Келтирилген экинчи үзүндүдөн көрүнүп тургандай, каармандардын сырткы келбетин сүрөттөөдө, биринчи кезекте, алардын дене түзүлүшү, салмагы, бою, саламаттыгынын абалы өңдүү параметрлер берилип, андан соң анын ошол өзгөчөлүктөрүнүн баары анын көзүнө байланыштырылып берилген. Биринчи үзүндүдө да календердин ички психологиялык абалы, бу дүйнөнүн кызыгынан кечип кеткен кайдыгерлиги менен чыгармада сүрөттөлүп жаткан кыпчактардын кыргынына болгон календерлик мамилеси анын көзүнө, тагыраак айтканда анын ***мелтиреп тиктешине,*** өзүнө карай көтөрүлүп турган кылычтын мизинен тайбай *көзүнүн* ***тирилип кетиши*** аркылуу берилип жатат. Демек, көркөм чыгарманын архитектоникасында көркөм персонаждын ички

психологиялык абалынын, көңүл туйгу-сезимдерин, маанайын, тигил же бул нерсеге карата болгон мамилесин, дегеле, каармандын сырткы келбетинде динамикалык белгилердин сүрөттөлүшү, оболу, алардын көздөрүн сүрөттөөгө байланыштуу ишке аша тургандыгы туурасындагы бүтүмгө келүүгө болот.

Көркөм чыгармаларда каармандардын көздөрүнүн сүрөттөлүшү алардын ички психологиялык абалын экспликациялоонун натыйжалуу ыкмасы катары эсептелет: *Нүзүптүн кабагы чимириле түштү, заары бетине чыгып,* ***көздөрү чакчайып****, бурулуп карады. Нүзүптүн суюк сары муруттары түктөйдү,* ***заардуу көздөрү*** *канталап, бийлерди, курбандыктын милдетин алган ак сакалдууларды жекире тиктеди. (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Өзүнүн төрүндө, элдин көзүнчө минтип жекелөө Абил бийдин этин үркүттү. ***Көзүнөн кашкөй учкундар жылтылдап****, чекеси чүрүштү. (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Көркөм адабият жаатынан тышкары адамдын көзүнө байланыштуу тилдик сүрөттөмөлөр, мүнөздөмөлөр психология, криминалистика, киноматография, анатомия өңдүү тармактарда практикаланып жүргөндүгү маалым. Аталган тармактарда адамдын көзүнө байланыштуу сүрөттөөлөр фактылык маалымат камтылган текстердин тулкусунда келгендиктен, көбүнесе, бейтарап лексикага мүнөздүү сөздөр, сөз тизмектери колдонулат. Ал эми адамдын көзүн жан-жаныбарлардын, канаттуулурдын көздөрүнө салыштыруу да, асыресе, көркөм чыгармалардын тилинде активдүү колдонулуп, каармандын портретин образдуу сүрөттөөнүн бир ыкмасы катары эсептелет:

Чекири жок ***кой көздүү,***
Сепкили жок ак жүздүү,
Чалгынга жүрсө чарчабай,
Оорукта калса орунбай,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азиз кан уулу Алмамбет.("Манас")

***Мадылдын көзүнө окшоп**, көзү тереңде ойноктойт. (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Адамдын көзү мындан тышкары башка нерселерге, маселен, жылдызга, карагатка, тузга ж.б. объектилерге салыштырылып да берилет:

Алагар көзү чолпондой,

Ай кулагы калкандай,

Бурулуп чыккан муруту,

Өтөккө чыккан чалкандай.

Адамдын көзүнө байланыштуу, көбүнесе, туюм тууранды сөздөрдөн жасалган салыштыруулар да бар экендигин кошумчалоого болот: *Ректор маңдайы жарык,* ***көзү бажырайган,*** *салабаттуу киши экен.*

Бул айтылгандардан тышкары адамдын көзүнө, анын бар же жоктугуна, түсүнө жана формасына байланыштуу төмөндөгүдөй сөздөрдүн катарын келтирүүгө болот:

Көзсүз–көзү жок, сокур, көр, азис.

Жалгыз көздүү –бир көздүү, бир көзүнөн ажыраган.

Бир көзү сокур – олуракай.

Аталган сөздөр нейтралдуу лексикага мүнөздүү тил каражаттарына кирет. Көзсүз сын атоочу башкалардан бир эле учурда адамдын бир көзүнүн жоктугун, ошондой эле эки көзүнүн тең жоктугун билдирүү менен, сокур, көр, олок сөздөрүнө синоним болуп келет. Мындан тышкары адамдын көзүнө байланыштуу төмөндөгүдөй сөздөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот.

Сокур – көрүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыраган, көр. *Сол көзүнөн ажырап, Сокур болуп калыпсың (Токтогул).*

Азис – эки көзу тең сокур, көзү кароо. *Келиним өткөн жылы өлгөн. Көзүм азис. Каралашар адамым жок (Жантөшев).*

Чала сокур – сокур чалыш, көзү жакшы көрбөгөн адам.

Көр – көрүү сезиминен ажыраган сокур, майып адам. *Боорум үшүп чер болду,көзүм көрбөс көр болду (Тоголок Молдо).*

Олок – сокур, олойгон.

Ологой – олойгон, олоюп турган, сокур, ологой көз.

Акшык – сокур, көзү кылыр, кыйшык. *“Атпа!” дедим ордуман ыргып туруп, адам экен көзү акшык, бети тулуп (Байзаков)*.

Көздүү – көзү бар, көрө алган, сокур эмес, көздөрү соо. *Көгүш көздү жаш жигит карыяга жылмая карады (Баялинов).*

Көзү кароо – көзү ачык туруп эле көрө албаган, суу карек. *Байкемдин көзү кароо. Бала күнүнөн эле ушундай экен (“Ала-Тоо”).*

Суу карек – көзү ачык туруп эле көрбөй калган, көрүү жөндөмдүүлүгүн жоготкон, сокур. *Карап туруп кабылан, Суу карек болуп калганың (“Манас”).*

Тубаса сокур – төрөлгөндө эле көрүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыраган.

Сокур, азиз, көр, олок сөздөрү көзү көрбөгөн, көзү жаздым, көрүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыраган деген маанилерди туюндурушуп, тил ичинде синонимдик катарды толуктап турушат. Демейде сокур синоними басымдуу колдонулат. Азиз сөзү тергеп, сылык айтуу үчүн, орой образды жаратуу үчүн олок синоними, ал эми одоно түрдө кемсинтип айтууда көр сөзү пайдаланылат.

Сөздүктөрдүн берген түшүндүрмөсү көрсөткөндөй, берилген сын атоочтор адамдын көзүнүн физикалык жактан бардыгын же жоктугун көрсөтпөстөн, биринчи кезекте, алардын көрүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт.Ошондуктан берилген сын атоочтор менен көрсөтүлгөн мүнөздөө адамдын сырткы келбетинде милдеттүү түрдө чагылдырылбайт.

Көзү жок, сокур, көр деген сөздөр адамдын кебете-кешпирин гана туюндурбастан, анын ички жан дүйнөлүк абалын, адамдык сапаттарын да билдирип, баатыр, эч нерседен коркпогон, эр жүрөк, эч кимди көзгө илбеген, тайманбас деген оң маанилерде да колдонулуп, көркөм текстте өтмө мааниде көп түрдүү кызмат аткарышат.

Жогорудагы сын атоочтордун кээ бирөөлөрү адамга болгон катышына карай кээде өтмө мааниде да колдонулушу мүмкүн, мисалы:

Сокур – билими жок, түшүнүгү, сезимдүүлүгү начар, сабатсыз. *Көзү сокурга жолуксаң жолук, көөдөнү сокурга жолукпа (Макал).*

Көзү бар, көзү жок.

Көздүн формасы

Азыркы кыргыз тилинде көздүн формасына байланышкан бир топ сөздөрдү көрүүгө болот.

Бакыракай – бакырайган, бакыракай. *Кызыл тоголок, бакыраң көз келин бизди тосуп алды (Бейшеналиев).*

Бото көз – бадырайган, жоодураган, балбылдаган, көзү чоң. *Оймок ооз, бото көз (“Манас”).*

Алагай // алакай – Көзү бакыракай, алайган. *Алагай көзү жумулуп, акрет көздөй жол тартып (“Манас”).*

Алагар – Көзү бакыракай, алайган чоң. *Арык чырай келген ак жүзүнө жарашкан алагар көзү айрыкча өткүр учурайт (Абдыраманов).*

Алакандай – чоң, бадырайган.

Алаң – алагай көз, бакырайган көз.

Бадыракай – бадырайган.

Бадыраң көз – бадырайган чоң көз, бакыракай көз.

Бакырайган – бадырайган, бакыракай.

Бүтүк – бүтүйгөн, бүтүгүй, жүлжүйүп кысылган кууш. *Алымбайдын үстү үлүрөйгөн бүтүк көздөрү ансайын жумулгансыйт (Даникеев).*

Бүтүгүй – жүлүлжүгүй, бүтүйгөн кууш, бүтүк. *Бүтүгүй көгүш көздөрү күлүңдөп карайт (Даникеев).*

Жүлжүгүй – Көздөрү бүтүйгөн, жүлжүйгөн. *Ысактын дайыма чылпактанып жүрүүчү жүлжүгүй кысык көздөрү жылтырай баштады (Абдукаримов).*

Жүлжүк – жүлжүгүй, жүлжүйгөн. *Тигил, чолок мурун, жүлжүк көз Жардыргыч Шаатемир (Сасыкбаев).*

Жылжымыш – көзү абдан жүлжүйгөн, көзү абдан кууш. *Жылмыштай көздөрү, коркконунан жылтылдайт (Токомбаев).*

Жылжыгый – кысыңкы, кууш, араң эле ачылып тургандай.

Тостогой – тостойгон, томпоюп чыгып турган.

Тосток – тостоюп чыгып турган, тостойгон, тостогой. *Молдо тосток көз, саар киши (Баялинов).*

Тосуракай – тосурайып турган, тосурайган, тосурайыңкы тарткан.

Тоголок – шар формасында болгон, шарга окшош.

Тосурайган – торсойгон.

Чүңкүйгөн – көзү чүнүрөйгөн. *Майрык чүңкүйгөн көздөрүн акырындатып, балдарга карады (Бейшеналиев).*

Чүңкүл – чүңүрүйүп ичине кирген. *Чап жаак, шуш мурун, чүнкүл көз Камчыбектин кийгени атасынын эски күрмөсү (“Ала-Тоо”).*

Чүңүр – ары кирип турган, чүңүрөйгөн. *Даутахун Алым менен Лиге курбалдаш. Бою нооча, көзү чүңүр (Жантөшов).*

Чүңүрөйгөн- көзү ары кирип турган, көзү чанагына карай багыңкы.

Тосток жана жылжыгый сын атоочтору орток лексикага мүнөздүү болуп, антонимдик жупту түзүшөт.

Адамдын көзүнүн формасын мүнөздөгөн сын атооч сөздөргө мүнөзү боюнча төмөндөгү сөздөр жакын келет.

Алчы көз – чалыр көз, кылыр көз. *Ошондо Кашкараалынын алактаган алчы көзү алты жакты карап, аңтарыла түшүп, а бирок түлкү тиктеш кытмырлыгынан жанбай турду (Станалиев).*

Чалыр – кыйшык, көзү түз карабаган кылыр. *Түз көзүн ача, чалыр көзүн баса карап, кышылдап Керимахун отурат (Жантөшов).*

Чалыракай – чалырайган, көзү чалыраак.

Келтирилген сөздөрдөн тышкары, көркөм чыгармаларда көздүн формасына карата бир катар башка сөздөр да пайдаланылат: *Жамийла күлгөндө, анын* ***чымкый кара сүйрүрөөк көзүндө*** *ден соолуктун, жаштыктын ашып-ташкан күчү ойт берип, ал эмнегедир өзүнчө бой каранып, секетбайдын туздуусунан ырдап жиберет.*

Көздүн өңүнө байланышкан сөздөр

Азыркы кыргыз тилинде көздүн өңүнө байланышкан сын атоочтор көп эле кездешет.

Көк көз – көзү көк түстө.

Кара көз – көзү кара түстө.

Кызыл көз – көзү кызыл түстө.

Сары көз – көзү өңү сары түстө.

Күрөң көз – көзү күрөң.

Кой көз – көздүн кара - күрөң келген өңү. *Жар кабагынын астынан кой көздөрүн жалтыратып Сапар чебеленде (Бейшеналиев).*

Карагаттай – карагат сыяктуу, карагатка окшош, капкара, мөлтүрөгөн кара көздүн түсүн,көрүнүшүн элестетүү үчүн колдонулат. *Козу карагаттай болуп, Лайлыкан кара торунун эң сулуусу (Жантөшев).*

Көгүш көз – көзү көгүш түстө. *Бүтүгүй көгүш көздөрү күлүндөп карайт (Даникеев).*

Чеңкийген – көздөрү көгөргөн, көгүш тарткан, көгөргөн.

Торпок көздүү.

Бөрү көздүү – көзү бөрүнүн көзүндөй.

Адамдын мурдун сүрөттөөгө карата колдонулган сөздөр

Адамдын мурду анын тилдик портретин түзүүдө маанилүү деталь катары саналат. Ошондой болсо дагы көркөм адабият жаатында каармандардын адабий портретинде көзгө байланыштуу сүрөттөөлөргө караганда, каармандардын мурдунун сүрөттөө активдүү колдонулган деталь катары эсептелбейт.

Албетте, адамдын жүзүндөгү өзгөрүүлөрдү сүрөттөөдө башка дене мүчөлөрү менен катар анын мурдун сүрөттөө орун алышы ыктымал. Бирок адамдын сырткы келбетинин тилдик портретинде, асыресе, көркөм чыгармалардын тулкусунда адамдын көзүнүн сүрөттөлүшүнүн берилүү жыштыгы жогору экендиги жана көздүн сүрөттөлүшүнө логикалык басым жасала тургандыгы талаш туудурбайт: *Баланын **көзү көзүнө** урунганда Бекназардын жүрөгү дагы солк дей түштү. ... “Кара каштуу, буудай ирең, чап жаак... –деп боолгоду Бекназар, -**Көзү башка... Көзү гана башка...** –деп өзү менен өзү ичинен сүйлөштү. –Жок, биздин уруктун **көзү эмес**!..” “Ыя, энесинин **көзүн** тартып жүрбөсүн?!” деген ой капилеттен баатырдын ирениин кубартып жиберди (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Ал эми адамдын мурдуна байланыштуу тилдик сүрөттөөлөр статикалык объектини, асыресе, каармандардын жүзүндө болгон өзгөрүүлөрдүн алкагынан сырткары сүрөттөөлөрдө көбүрөөк кездешет: ***Мурду чучтуйган****, ээги шиштийген, бетинин чүкөсү оркойгон, жаагы жука киши (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”). Колжойгон* ***оңкогой мурун*** *неме жүзүн үйрүп ормоңдоп опузалады. –Ич дегенде ич! Жалпайта муштай элегимде, ич дейм! (Т.Касымбеков, “Жетим”). Тиги бечаранын кейп-кебетеси да куду өзүмдөй экен: эки жаагы шимирилип,* ***мурду дөң жондуу****, чекесинде катар кеткен эки сызык бырышы бар, баарынан да сакалын айт, так эле мен кырып сала электеги сакалымдай (Ч.Айтматов, “Кыямат”).*

Ошону менен эле бирге адамдын мурдунун сүрөттөлүшү аркылуу анын ачууланууусу, жактырбоосу, оор дем алуусу, толкунануусу өңдүү динамикалык мүнөздөгү өзгөрүүлөр менен катар симптоматикалык жесттер да берелиши ыктымал: *Ичпейм, –деди ал кабагын түйө,* ***мурдун чүйрүп.*** *– Ичпеген кишини... эмне, урасыңарбы?! (Т.Касымбеков, “Жетим”).* ***Мурду тердеп,*** *лыкылдап Мыкты жетип келди (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”). Жолдош Бердике арактын артынан бозодон кере-кере жутат да, ийнинен дем ала* ***мурдун “чый-чы-ый”*** *дегизип жаны жай алып, нымшып отурат(Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Келтирилген мисалдарды адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө анын мурдуна байланыштуу берилген симптоматикалык ымдоо-жаңсоолордун катарына кошууга болот.

Мындан тышкары адамдын мурдун сүрөттөөгө байланыштуу кыргыз тилинде төмөндөгүдөй сөз, сөз тизмектери активдүү лексиканын алкагында колдонулуп келет. Атап айтканда, мурундун формасына карата колдонулган төмөндөгү сын атооч сөздөрдүн катарын келтирүүгө болот:

Мурундун формасы:

Мурундуу – мурду чоң. *Ат эриндүү келет, эр мурундуу келет (макал).*

Кочкор тумшук.

Жалпак тумшук.

Кыр мурун.

Кырдач мурун.

Кетирекей мурун.

Быйпыгый –быйпык, быйпыйган.

Быйпык – таноосу ич жагына тартылгансып, мурду чолок келген кичине.

Быйпыйган – быйпык.

Бырбыгый – мурду чүрүшкөн, бырбыйган.

Бытыгый – кичинекей, бытыйган.

Узун мурун.

Барбагай – барбагай, барбайып турган.

Барбайган – барбак.

Барбак – барбайган.

Барбайыңкы – бир аз барбайган, анча мынча көбүңкү.

Бучугуй – быйпыйып кетирекейинен келген, бучуйган.

Бучуйган – быпыйган, мурду кичине чолок.

Оңкогой – оңкойгон, коңкойгон.

Оңкойгон

Ормокой //оңкогой //ормойгон.

Таңырайган //таңыракай.

Чуштуйган

Шаңырайган

Эдирекей

Эңирейген

“Мурундуу” сын атоочу адамдын мурунунун бар экенин көрсөтпөстөн, жөн гана көлөмүн билдирет. Мурундун узундугун туюндурган “узун мурун” сын атоочу мурундуу сын атооч сөзү менен синонимдик катышты түзөт. Мындай синонимдик катыштын мүчөлөрү бири-биринен маанилеринин оттенкалары менен,б.а. “мурундуу” сөзү мурундун узундугуна карабастан анын чоң көлөмүн билдиргени менен айырмаланышат.

Азыркы кыргыз тилинде мурундун өңүн мүнөздөгөн сын атооч сөздөр жокко эсе. Анткени менен кыргыз тилинде *“кызыл тумшук”, “кара тумшук”* ж.б.сөздөрдү кезиктирүүгө болот, бирок алар, биринчи кезекте, канаттууларга карата айтылат. Мисалы: *кызыл тумшук өрдөк,кара тумшук карга ж.б.*

“Кызыл тумшук” сөз тизмеги адамды мүнөздөө маанисинде да колдонулушу мүмкүн *(“кызыл тумшук” аракеч).* Убактылуу белги болуп эсептелген адамдын мурдунун өңү кыргыз тилинде баяндалып, түшүндүрмөсү менен берилет жана эреже катары мындай учурда бул өңдүн пайда болуш себептери да көрсөтүлөт: *Сууктан мурду кызарган киши.*

Айтылгандардан тышкары адамдын сырткы келбетиндеги башка атрибуттар өңдүү эле адамдын мурду айрым учурларда жаныбарлардын, куштардын мурдуларына да салыштырылып берилет. Мындай тил каражаттарынын катарына *куш мурун, кочкор тумшук, өрдөк тумшук, уй мурун* өңдүү сөз тизмектеринин киргизүүгө болот:

Кочкор тумшук, *кош кирпик,*

Көркү калча, көзү тик. (“Манас”)

Адамдын оозун мүнөздөгөн сөздөр

Адамдын сырткы келбетиндеги атрибуттук белгилерди сүрөттөөгө карата колдонулган сөз, сөз тизмектеринин ичинен оозго байланыштуу сөз жана сөз тизмектеринин ролун атоочтуктар аткарып, алар адамдын түрдүү эмоционалдык абалдарына байланыштуу өзгөрүүлөрдүн фонунда каралат: *Кемпир нес боло түштү. Ал* ***оозун жарым ачкан бойдон****, калппы чынбы дегендей Нүзүптүн жүзүнө* ***аңкайып*** *тиктеди, нурсуз көздөрүнөн чыккан жаш жан терине аралашып, салааланып сарыгып, капкара аза көйнөгүнүн жакасынан койнуна кирип турду, кемпир эсине келе албады(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Айрым учурларда “ооз” деген сөз номинацияланбастан эле анын ордуна *“алжайып”, “жылжайып”, “аңкайып”, “ырсайып”* деген өңдүү чакчылдар адамдын жалпы эмоциналдык абалын туюндурган сөздөр катары келе берет: *Шерали туштуштан кысып келип куттук айтып турушкан ак сакалдууларды,*

бийлерди ***жылжайып*** *тиктеп, балбырап турду (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”). Ал* ***тиши жок оозун биртике ачыңкырап****, тамагынан кыркыр этип коңуруктап, былк этпей жаткан (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Азыркы кыргыз тилинде адамдын оозун мүнөздөгөн сын атооч сөздөр, негизинен, төмөнкү белгилерге: формасына, көлөмүнө жараша мүнөздөлөт.

Алжайган – алжайган, жалжайган.

Жалжайган – жалжайган, чоң болуп кымтылбай ачылып турган.

Жалжак – жалжайган, кымтылбаган чоң оозду.

Томпок – томпоюп чыгып турган.

Чүрмүйгөн – кичинекей бүрүшкөн.

Чормок – эриндерин бүйрүп, чормойтуп, алдыга жүткүнүп турган.

Жалаяк ооз – чоң ооз, оозу чоң.

Оймок ооз – оозу кичинекей.

Ооздун формасына карата “жалаяк ооз”, “оймок ооз” өңдүү салыштыруулар фольклордук чыгармаларда салттуу салыштыруулар катары кездешет:

Жалаяк ооз,*жар кабак,*

Жаагы жазы, ээги узун,

Эрди калың, көзү үңкүр,

Эр мүнөзү көрүнөт (“Манас”)

Олуята, Меркени,

Оодардым шондон беркини.

Оймок ооз, *кумар көз,*

Окшотподум көркүңдү (Элдик оозеки чыгармачылыктан).

Адамдын эриндерин сүрөттөгөн сөздөр

Адамдын эриндеринин өзөчөлүктөрүн сүрөттөгөн сөз, сөз тизмектери алардын формасына,көлөмүнө,өңүнө жараша мүнөздөлөт.

Мындан тышкары адамдын эриндери адамдын ички психологиялык абалдары менен ой-санаасын, анын саламаттыгынын абалын сүрөттөөдө

маанилүү атрибутивдик белги, көркөм деталь катары эсептелет: ***Анча-мынча түйрүгүрөөк келген эриндери*** *кымтылуу, караалжын тармал чачы сыйда таралуу (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

– *Макулмун, деп Петруха сөздү бүтүрдү да,* ***шилекейлүү эриндерин тылтыйтып****, жеңилдене жылмайды. Туураны туура деш керек(Ч.Айтматов, “Кыямат”).*

Мыкты жанымда. Оозун ***чормойтуп****, балакеттей эле тиктеген болуп отурду (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”). Көздөрү же жумуп турганы, же тиктеп турганы билинбей,* ***эрди кымтылбай*** *отурат (Т.Касымбеков,”Сынган кылыч”).*

Кээде эриндердин өзгөрүш абалын сүрөттөөдө “ооз” сөзү колдонулуп, “оозун долдойтуп, “оозун чормойуп”, “оозун түйрүйтүп” өндүү комбинациялар оозеки кепте, ошондой эле көркөм чыгармаларда да кездешет: *-Авдий, сен тамеки тартып көргөн неме эмессиң го? Чоёке айымдан бетер* ***оозуң чормоюп****, ичиңе тарткандан коркосун да? (Ч.Айтматов, “Кыямат”).*

Мындан тышкары адамдын эриндерин сүрөттөөгө байланыштуу сөздөрдүн төмөндөгүдөй катарын келтирүүгө болот:

Толтойгон – долдойгон, калың.

Түйрүйгөн –түйрүгүрөөк,түйрүк.

Түйрүгүрөөк – түйрүйгөн.

Түйрүк –эрди калың жана сыртын карай имерилген,түйрүйгөн.

Чормогой // чормойгон // чорчокой.

Шалпык – эрди шалпыйган, шалпыйып түшүп турган.

Калың эриндүү – эрини калың.

Жука эриндүү – эрини жука.

Адамдын тишине байланышкан сөздөр

Кыргыз тилинде адамдын тишине байланышкан сын аточтордун ичинде “тиши жок” деген сөз тизмеги адамга али тиш чыга электигин , же болбосо тишинен ажырап калгандыгын туюндурат: *тишсиз бала, тишсиз чал.* Ал эми тиштин бар экендигин туюндурган сөздү кыргыз тилинде кезиктирүүгө

болбойт. Эгерде орус тилинде “зубастый” деген сөз: Д.Н.Ушаковдун түшүндүрмө сөздүгүндө : “1. С зубами, а также с большими, сильными зубами. Зубастые птицы (ископаемые птицы с зубовидными выростами в челюсти). 2. Переносное значение: язвительно-насмешливый, дерзкий и острый на язык” деген түз жана өтмө чечмеленип берилген. Өтмө маанисинде чукугандай сөз тапкан, какшыкчыл, “тикенек тилдүү” адамга карата колдонулса, ал эми кыргыз тилинде “азуулуу” деген сөз өтмө мааниде “азуусун айга жанган”, “азуусун айга бүлөгөн” деген туруктуу сөз айкашынын курамында келип, бийлиги колунда болуп, каалаганын жасаган каардуу хандарга, аскер башчыларына, мансаптууларга карата айтылып келген (https://sputnik.kg/society/20160512):

Абаңдын сөзүн эп көрсөн,
Айтканына көнөлү,
***Азуусун** журтка тийгизбей,*
Ат жакшысын берели...(“Манас”).

Ал эми тиштин жоктугу көркөм чыгармаларда каармандардын улгайып калган курагын көрсөтүүнүн бир атрибутун чагылдыруунун көркөм штрихи катары колдонулуп, тиштин жоктугу “кызыл ээк” өңдүү коннотациялык тил каражаттары аркылуу да туюндурулат: *-Бекерчи болсоң, мына жакында таруум баш алат, келип таруу корушсаңчы! –деп Теңирберди абышка тамаша сөз жиберип, **кызыл ээк оозун** ачып кыкылдап күлүп калды. Кара өйдө боло, **тиши жок кызыл ээгин** кыбыратып, саламчынын колун көңүл кош алып: – Э... Сарыбайсыңбы –деди, ал ошондо тааныгандай (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Айрым учурларда “тиш” сөзү номинацияланбастан эле “ырсайып”, “арсаңдап”, “тишинин агын көрсөтүп” деген өңдүү тил каражаттары аркылуу тишке байланыштуу мүнөздөмөлөр кыйыр планда, б.а.,сигникативдик маанилер аркылуу да туюндурулат: *Бу бригадир дайым бирдеме сурап аларда ушинтип жумшактап, **тишинин агын көрсөтүп** келчү.*

– *Ой, балам... Эмне болду?.. –деп үңүлө берсе, үстүндөгү* ***ырсактап*** *аялдын жонунан түшө качыптыр, караса, Караназардын уулу баягы Чотур! (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Тиштердин сүрөттөлүшү аркылуу, мындан тышкары, каарманды мүнөздөөдө ачык айтылбаган, подтексттик, затексттик, предтексттик информациялар да берилиши мүмкүн: *А балким, көбүрөөк байкоо салган кишиге көзү гана эсте калар беле. Каралжын көзүндө шойкону бардай, улам өзгөрүп, өзү да элес албайбы, бирде жүлжүйө тиктесе, бирде олурая карайт, боз чаңгыл кашын үйрүп турганы куду коңулга камалган, атырылгысы келип, бирок ага даабай, ошондо да түс үйрүп айбат берип турган жырткычка окшоп кетет. Бу көрүнүшүнө, балким, улам оозу ачылганда көзгө түшө калып жаткан* ***кашка тишинин кетиктиги*** *ушинтип көрсөтүп тургандыр. “Элдей болуп алтын каптатып алса буга эмне, бирок антпептир, –деп ойлоду Авдий, – демек, ашыкча чек белги болбосун дегени го” (Ч.Айтматов, “Кыямат”).*

Ч.Айтматовдун “Кыямат” романынан келтирилген акыркы үзүндүдө Гришандын сырткы келбети бир караган кишиге көптүн бири катары көрүнгөн, бирок тереңинде Авдийди кооптонткон коркунуч бар экендиги “*...каралжын көзүндө шойкону бардай, улам өзгөрүп, өзү да элес албайбы, бирде жүлжүйө тиктесе, бирде олурая карайт”* өңдүү сүрөттөөлөр аркылуу берилип жаткандай ой жаратат. Анткени ал Петруха, Махач өңдүү башка чабандардан алда канча корунучтуу экендиги берилип жактан үзүндүдө ачык айтылбаса да, анда кандайдыр “катафоралык эскертүү” берилип жаткандыгын баамдоого болот. Гришандын жан дүйнөсү менен акылын арамдык менен кара ниеттик биротоло бийлеп алгандыктан, ал ар бир арам ишти жети өлчөп бир кескендей акылга салып аткарып, акыры келип Авдий жүрөгүндө аздектеп алып жүргөн адалдык менен актыкты идеялык эрөөл-эрегишке чакырган коркунучтуу адам, сыртынан анткорлонгону менен чындап келгенде азезилдин жексур желдети экендиги, анын жыркычтык натурасы туурасындагы подтексттик автордук позиция кайсы бир деңгээлде анын ***кашка тишинин кетиктиги*** аркылуу да кыйытылып жаткандай ойду пайда кылат. Башкача айтканда, жан дүйнөсүндө

катылып жаткан жырткычтык табияты *куду коңулга камалган, атырылгысы келип, бирок ага даабай, ошондо да түс үйрүп айбат берип турган жырткычка окшоп кеткендиги* анын сырткы келбетиндеги атрибутка, атап айтканда, *улам оозу ачылганда көзгө түшө калып жаткан* ***кашка тишинин кетиктигине*** байланыштырылып жатышы сөз болуп жактан контексттеги адамдын тишине байланыштуу сүрөттөөнүн символдук маңыз-маанисинен кабар берет. Адамдын жалгыз тишинин сүрөттөлүшү сейрек болсо да кездешип, жогоруда сөз болгондой, символдук маани туюндурат. Маселен, көркөм чыгармалардагы адабий түштөрдүн контекстинде жалгыз тиштен ажыроо жакынынан ажыроону, келечекте боло турган кырсыкты, мүшкүл ишти катафоралык мүнөздө символдоштурат: *Тишим!.. Тиши-им!.. деп онтоду Сарыбай. Отуз эки тиштен* ***жалгыз кашка тиши*** *калган экен. Ошол* ***жалгыз тиш*** *сыздап ооруйт. Түбү бош. Сарыбай көгөргөн көлдү көрдү. Суусу шор экен. Көл толкуйт. Күр-шар этип, Сарыбайдын башынан аша жаба берип кетет. Сарыбай кача албады, мууну жок, кубаты жок. "Тишим!.. Тиши-им!" деп онтоду Сарыбай. "Кел, сууруп таштайын!" деп, бир иреци капкара, көзү аппак бирөө пайда боло калды маңдайына. "****Жалгыз тишим****. Муну сууруп салсаң мен кантип оокат кылам?" деди Сарыбай. Тиги ак көзү чоктой кызарып, оозун чоң ачып кыжырланып келип, Сарыбайдын тишин бир сермеп сууруп салды.* ***Жалгыз тиш*** *канга жошулуп, Сарыбайдын алаканына түшө калды. (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Келтирилген үзүндүдө ***жалгыз кашка тиш*** аркылуу Сарыбайдын жалгыз иниси Мадыл, ал эми аны *иреци капкара, көзү аппак бирөөнүн* сууруп салышы Мадылдын табышмактуу өлүмүн символдоштуруп тургандыгын түшүнүү кыйын эмес. Ал эми *Сарыбайдын көгөргөн көлдү көрүшү, анын суусунун шор экедиги, көлдүн толкушу, күр-шар этип, Сарыбайдын башынан аша жаба берип кетиши* Сарыбайдын башына түшчү мүшкүлдөн, шордон, азаптан, орду толгус жоготуудан каймана кабар берген көркөм деталдар катары эсептелет.

Жогоруда айтылгандардан тышкары, адамдын тишине байланыштуу сүрөттөөлөргө карата колдонулган төмөндөгүдөй сөз, сөз тизмектерин келтирүүгө болот:

Тиштин формасы

Арсак – бөлүнүп арсайып чыгып турган,арсайган.

Орсогой – орсойгон,орсок.

Орсок – орсойгон,оркогой.

Орсойгон – орсок.

Сейрек тиштүү – тиштери сейрек кездешкен.

Майда тиштүү – тиштери майда .

Кой тиштүү – тиштери майда.

Чоң тиштүү – тиштери ирик.

Саналып өткөн сөздөр менен катар, “сары тиштүү”, “тиштери акактай ак”, “аппак тиштүү” өңдүү тилдик каражаттар тиштин өңү-түсүн туюндурууда колдонулат: *-Конок койдон жоош, кожоюндун колунда, буюрса эң эле куп болбойбу! –деп* ***саргайган күрөк тиштерин*** *шилекейленте күлдү москоол Көкөтай (Ч.Айтматов, “Ак кеме”). Иисус* ***аппак тиштерин кашкайта*** *чын пейилинен ачык күлдү (Ч.Айтматов, “Кыямат”).*

Базыл ***эскирген жездей сары тиштерин*** *арсайта күлүп:*

-Балдар! Маңдай терим... –деп, колун сунуп коон палекти жаңсады(Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).

Адамдын кулагына байланышкан сөздөр

Адамдын кулагын мүнөздөгөн сын атоочтордун негизги белгиси анын формасы болуп эсептелет. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн башка атрибуттарга салыштырмалуу кулактын сүрөттөлүшү сейрек кездешет. Албетте, эгерде адамдын кулагы өзгөчө белгиге ээ болуп калган учурда, оозеки кепте болсун же көркөм чыгармада болсун ал атайын сүрөттөөгө алынышы ыктымал. Бирок көркөм чыгармада каармандардын, көзү, мурду, кашы, сакал-муруту, тиши, чачы, бою, салмагы, дене түзүлүшү, колу, буту өңдүү атрибуттук белгилеринин ичинен анын кулагы салыштырмалуу азыраак сүрөттөөгө

алынат: *Арык чырай, бою эңгечер, ирик соккон боз таардай чаар. Үңкүйгөн турпаты, дөң кабагы, чүңүр көзү бири-бирине ойбой-бычпай куп келет.*

Желелеп калың бырыш баскан жүзү качан болсо чүрүшө күлүмсүрөп, жүлжүйгөн көздөрү:"Ыя, бир жумушуңу бүтүрүп берейинби? Айт, айта кой, мен азыр..." деп тургансыйт. Мурду салаңдап, кемирчек эмей жалаң эт өңдүү. Кудай же бойдон, же сакалдан айтпаптыр, кедейген бою бекене, чүрүшкөн ээгинде эки-үч куйкулсары кыл сербейип, маке чал десең да келишпейт. (Ч.Айтматов, "Ак кеме").

Келтирилген мисалдардагы каармандардын портретинде, жогоруда сөз болгондой, алардын кулактары сүрөттөлгөн эмес. Көркөм чыгармаларда улуу курактагы персонаждарга салыштырмалуу балдардын адабий портретинде кулактын сүрөттөлүшү көбүрөөк кездешет:

-*Ой* ***шалпаң кулак,*** *кимдин баласысың? Баланын кебетесин келиштире айтты дүкөнчү:* ***калкан кулак,*** *кабак баш, чий моюн дегендей эле бар эле.*

-*Балам зээндүү, сөзгө ынак. Улуулардын улама кебин жантыгынан жатып угат. Көрдүңөрбү, кулагы ошон үчүн* ***делдейип*** *калган (Ч.Айтматов, "Ак кеме").*

Азыркы кыргыз тилинде кездешкен "кулаксыз", "кулагы же кулактары жок" жана "бир кулактуу" , "бир кулагынан ажыраган" деген сын атоочтор адамды физикалык жактан мүнөздөөдө сейрек колдонулат.Себеби мындай учурлар адамдын жашоосунда сейрек кездешет.Ушул эле маанилерди туюндурууда мындан башка дагы "чунак" сын атоочу "кулагы жок, "бир кулагы жок" же "чолок кулак", "кулагы кыска" деген мааниде келет. "Бир кулактуу" деген сөз адамдын төрөлгөндө эле же болбосо, кандайдыр бир себептерден бир кулагынан ажырап калгандыгын көрсөтөт.Ал эми кулагы жок өтмө маанисинде "сөз укпаган, тил албаган, кыйык" дегенди туюндуруп, кыргыз тилиндеги кулагы бар сын атоочунун өтмө мааниси "акыл-эси ордунда, акылы жетик" менен антонимдик катышты түзөт:

Кулактуу – кулагы чоң.

Делдең//делдек.

Делдегей – делдейип, калдайып турган,к алдайыңкы.

Делдейген – делдегей, калдайган.

Делдек – делдегей, делдейген, калдайыңкы.

Шалпаң кулак

Узун кулак

Чоң кулак

Кичине кулак

Делдек, делдең, делдегей, делдейген сын атоочтору бир синонимдик катарды түзүшөт.Ал эми узун кулак өтмө мааниде ушак-айың сөзгө жакын адамдарга карата колдонулат.

Адамдын бетин мүнөздөгөн сөздөр

Азыркы кыргыз тилинде адамдын бет түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөгө байланышкан сөздөр өзүнчө бир лексика-семантикалык топту түзөт. Бул топко кирген сөздөр жана сөз тизмектери адамдын бетинин формасына, анын өңү-түсүнө карата колдонулат. Мындай сөздөрдүн колдонулуу жыштыгы көркөм стилде жогору экендиги талаш туудурбайт. Көркөм чыгармаларда адамдын жүзү ар кандай салыштыруулар аркылуу да сүрөттөөгө алынат:

Анан заңгыраган Арканын астында кардай аппак тогачан, караганы катаал, чоң баш, ***жайык бет,*** *дөөлөткө мас келберсиген прокуратор боюн түзөдү (Ч.Айтматов, “Кыямат”).*

Бет отунун сөөгү уркуюп, жаагы шылынган, өңү кумсарып, *калчылдаган Бекей өгөй энесине айтаар сөзү, сөөгүн какшата табалаары да балага белгилүү(Ч.Айтматов, “Ак кеме”).*

Элдин арты болуп Момун кирди. Демейде ***чүрүшкөн*** *чал бүгүн таптакыр чөгүп,* ***соолуган картөшкөдөй*** *болуп калыптыр (Ч.Айтматов, “Ак кеме”).*

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө, анын бетинин формасын мүнөздөө үчүн кызмат кылган сын атооч сөздөр төмөнкүлөр:

Багжагай – бети жайык, кең көкүрөк, бакжайган.

Балжагай – бети балжайган жайык.

Балжайган – балжагай.

Бужугур – бужугуй толмоч. *Көзү чоң, кабагы терең, бети бужугур, кара тору киши – Айдарбек (Жантөшев).*

Бултугуй – бултуйган, бултук.

Бултуйган – тултуйган, шишиген, көөгөн томпойгон.

Бултук – бултуйган, тултуюп семиз, толук.

Буртуйган – бултук, бултуйган.*Уурттары буртуйган, күлүңдөгөн кызыл киши - үй ээси Салык (Каимов).*

Былтыгый – абдан эттүү, былчыйган, былкыйган.

Былтыйган – былкыйып өтө семиз көрүнгөн.

Дулдугуй – дулдуйган, бети калың, эткел беттүү, тултуйган. *Туурасы жоон, бою пас, Дулдугуй беттүү, өңү саз, Кебирсиген чоң Жолой (Манас).*

Дулугуй – жайык беттүү,түрү суук.

Жантайыңкы – бир аз айдош келген, жантаймараак,жантагыраак.

Жантайыңкы бет.

Кууш – эни тар, ичке, энсиз.

Субагай – чаап жаак, узунча.

Талпагай – талпайган, жазы, жайык.

Талпайган – жазы жайык,

Толук – эткээл, семиз, толмоч.

Томпогой-Томпойгон, томпок.

Томпок – төмпөйгөн,томпоюп чыгып турган.

Тултугуй– тултуйган, толтогой. *Бир маалда ак саргыл, бети тултугуй,күлтүйгөн чоң киши келди (Бектенов).*

Тултуйган – калың тартып толтойгон, көөгөн шишимик тарткан.

Тултук – бетинин эти калың, бултук, бултугуй. *Баягы бака көз боз тултук бала өзү чыга берип, Шарипти ныгыра түрттү (Бейшеналиев).*

Чукчугуй – чукчуйган, чуштуйган.

Чулчугуй – чулчуйган, чулчуйган шишиги бар.

Чулчуйган – бултуйган, толук, эки уурту бултуйган. *Чүйлүсү чыгып,эки бети чулчуйган Атакан бий келди (Абдукаримов).*

Чулчук – чулчугуй, бети чулчуйган, эки уурту чулчуйган.

Чуштугуй – чуштуюп чыгып турган, ичке.

Чүртүгүй – чүрүшкөн кичинекей беттүү.

Чүтүрөкөй – чаап жаак,арык беттүү.

Талпагай – талпайган, жазы, жайык. *Анын да далысы томпогой, төбөсү шуштуюп, бети талпагай эле (Байтемиров).*

Талпайган – жазы, жайык, жалпайган.

Узун – кысканын карама-каршысы.

Шүдүгүй – курушкан, чүрүшкөн, кууш. *Шүдүгүй бетин зилдетип Иса молдо отурат (Сасыкбаев).*

Жогоруда келтирилген сөздөрдүн катарындагы “тултугуй”, “дулдугуй”, “чулчугуй” өңдүү сын атоочтор аркылуу адамдын жүзүнүн мимикалык өзгөчүлүктөр да берилет. Тагыраак айтканда, аларга чакчылдын *–ып* мүчөсү улануу менен адамдын жүзүндөгү динамикалык өзгөрүүлөр да туюндурулат:

Мыкты сугунганын жута албай ***чулчуңдап*** *жатып, күңкүлдөп, башын чайкады:*

-О-о! Пул деген сенде турбайбы, ой! (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).

Шекепасы көсөө менен тап бергенде гана ***дулдуюп*** *ордунан турду да:*

-Мыначы!.. –деп күңкүлдөп салып, Чоронун жанына барды. –Эмне? (Т.Касымбеков, “Жетим”).

Бул үзүндүлөрдөн көрүнүп тургандай, ***чулчуңдап, дулдуюп*** деген этиш сөздөр аркылуу адамдын жүзүнүн “аракеттеги” абалы, андагы өзгөрүүлөр каармандардын психо-эмоционалдык абалдары туюндурулду. Ушул сыяктуу эле адамдын жүзүндөгү позитивдүү жана негативдүү эмоциялар “кабагы жарк дей түштү”, “жүзү кирдеп калды”, “жүзүнө көлөкө түштү”, “кабагына кар жаады” сыяктуу сөз тизмектери аркылуу да берилет: *Эмне жеп семиргенин ким билсин, күндөн –күнгө* ***эки бети кара көк тартып тултуюп,*** *чүйлүсү чыгып, күпчөктөй болуп эле баратат (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Акылына бирдеме илеше баштадыбы, Шерали-хан да кабагын ***чүрүштүрүп:***
-А энеңди... –деп обдулуп калды(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).
Бала ***жадырай*** *жылмайып, баш ийкеди (Ч.Атматов “Ак кеме”).*

Адамдын бетинин терисинин өзгөчөлүктөрүнө байланышкан сөздөр

Адамдын жүзүнө байланышкан тилдик сүрөттөөлөрдө анын жүзүнүн өңү-түсүнө байланышкан сөз, сөз тизмектеринин колдонулуш жыштыгы адамдын өңү-түсү бир караганда көзгө урунган өзгөчөлүк экендиги аркылуу түшүндүрүлөт. Ушул себептүү криминалистика, киноматограф, живопись, көркөм адабият жааттарында адамдын тилдик сүрөттөөсүндө анын жүзүнүн өңү-түсү негизги чек белгилердин алдыңкы сабында турат. Эгерде криминалистика, медицина тармактарында нейтралдуу лексикага мүнөздүү тил каражаттары колдонулса, ал эми киносценарий, көркөм адабият жааттарында адамдын жүзүнүн өңүнө байланышкан салыштыруулардын бүтүндөй палитрасы колдонула тургандыгын көп сандаган мисалдар аркылуу иллюстрациялоого болот:

Унчугушпады, кемпир да экинчи бурулуп карабады. ***Бырыш желелеген жездей өңү*** *заарлуу эле.*

Жүзү коло сыяктуу. *Терең бырыштары ашык чийини жок, көзгө жылуу. Ал акылман сөөлөттүү адам эле (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Кызыл бөйрөк ак алмадай толмоч беттин *наары, көмүрдөй капкара чачтын далыдан ылдый суудай төгүлгөн майда өрүмү, кош этектүү ак шайы көйнөктү бери түртүп көкүрөк көркү –бир сөз менен айтканда, Дилде кыздын мажүрүм талдай буралган жаш келбети, наристе турманы көнүлдү арбайт,көздү улам өзүнө байлайт(Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Келтирилген салыштыруулардан тышкары *кызыл, кара, кубакай, ак маңдай, чаар, сары* өңдүү сын атоочтор адамдын жүзүнүн өңүнө карата, ал эми алардын айрымдары ошондой эле субстантивдешүү менен адамдын өзүнө карата да колдонулат:

Мыкем эчтемеден капары жок, ***кызыл келинге*** *ыржактап , анда-санда көктөн сайып ыргытып турган(Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Сасык байдын ***сары кыз,***

Эр албаган кары кыз.

Эбиребей жөнү жок,

Эртерээк эрге барыңыз (Кыргыз поэзиясынын антологиясы).

Эр жигитке жетимиш эки өнөр эмес, миңи аздык кылчудай азыр. Муногу ***чаардан,*** *трактор айдаганды үйрөнүп ал. Ашык акыл баш жарбайт(Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").*

Мындай субстантивдешкен сын атоочтор ырларда да кездешет:

Өмүрүм күлгүн көктөмдө,

Өрүкзар гүлүн төккөндө.

Өрөпкүп жүрөк кубанды,

Өзүңдү алгач өпкөндө.

Ээй, ***аппагым,***

Өкүнөм ал күн өткөнгө (М.Рыскулбеков, "Аппагым")

– ***Сапсары*** *болуп катып калыптыр...–деди, ал боору ачыпМадылга үңүлүп.*

–Карыпты ушунча кордойбу (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").

Майланган буудай *жүздөнгөн,*

Күүгүм туман көздөнгөн ("Манас").

Адамдын жүзүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу симптоматикалык жесттер, атап айтканда, анын кызарышы, томсорушу, бозорушу, кубарышы, кер сары тартышы ж.б.у.с. өзгөрүүлөр да көркөм чыгармаларда каармандардын образында берилет.

Базыл ***куду жамгыр жууган күзгү чөптөй кубарды****, долдойгон эриндери жарым ачылып, диртилдеп, "накусте" деген сөздүн артынан минтип үзүп-үзүп күбүрөдү:*

-Үкем, сен көрдүңбү менин бутумдун жоктугун, ыя? (Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").

Нүзүп утурлап бастырып чыкты:

Тыбыраба. Жаныңдан үмүт кылсаң тыбыраба! –деди, ***анын жүзү тийип туруп муз тоңдурган кышкы күн сыяктуу муздак, ырайымсыз болуп кетти****.*

Нүзүптүн чийкил сары ***ирецинде кан калбады,*** *тик көздөрү коркунучтуу диртилдей баштады.*

Нүзүптүн ***ирецине кан жүгүрө түштү*** *(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Айтылгандардан тышкары бул топтогу сөздөргө төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот.

Ак жуумал – куба, кубакай, ак куба ,агыш тарткан, акчыл. *Керилген мурут, ак жуумал, Келбети көркөм эр экен (Бөкөнбаев).*

Ак жүздүү – бети ак келген, сулуу. *Мелтиреген ак жүздүү, Айсалкын болгон нур кызы (“Эр Төштүк”).*

Акчыл – агыш, көгүлжүм ак.

Ак куба – аябай ак.

Куба – агыш, бозомук.

Кубакай – өңү кубараңкы, бозомук, куба. *Арык чырай кубакай Акийма алда немени эстегенсип улутунду (Сыдыкбеков).*

Купкуу – өтө эле агарган, апакай.

Жогоруда саналып өткөн сөздөр негизинен “ак жүздүү”деген маанини туюндуруп бири-бири менен синонимдик байланышты түзүшөт. Бирок бул катардагы сөздөр бири-биринен маанилеринин оттенкалары менен айырмаланып турушат. Ак жуумал, ак жүздүү деген сын атоочтор негизинен адамдын жүзүнүн ак экендигин билдирүү менен, беттин сулуулугуна көңүл буруп , оң эстетикалык белгилерди алып жүрөт. Булардан айырмаланып, куба, кубакай, купкуу, ак куба деген сөздөр адамдын жүзүнүн актыгы анын ден-соолугунун начарлашынын кесепетинен келип чыккандыгын жана ошондой эле бул белгилер убактылуу көрсөткүч экенин далилдеп турат.

Кара тору – өңү кара.

Ширидей кара – капкара, ышталган ширидей кара. *Бети - башынын баарын сакал баскан ширидей кара киши бадалдын арасынан чыга калды (Абдыраманов).*

Тотуккан – күнгө күйгөн.

Кызыл жүздүү – бети кызыл. *Жоломан өзү толук келип, кызыл жүздүү неме (Элебаев). Бетинде чаары бар кызыл жигит (Жантөшев).*

Анардай – бети анардын өңүндөй кызыл. *Мен дагы отурамын, жанымда Ажар, Ажардын көзү койгул, бети анар (Турусбеков).*

Кызыл чийкил – кызылдуу агыш. *Бул сөздү уккан Аксаттын кубарган өңү кызыл чийкил боло түштү (“Ала-Тоо”).*

Буудай жүздүү – өңү буудай ирەнденген.

Кер сары – убайымдан, оорудан азып, нуру өчкөн, кубарган өң. *Бет ирەңи кер сары (Сыдыкбеков).*

Бул сөздөрдүн бардыгы азыркы кыргыз тилинин орток лексикасына мүнөздүү болушат.

Мындан тышкары беттин терисинин өңүнөн башка өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн сөздөр да бар. Алар:

Бодурайган – бодур-бодур, бодуракай.

Бодуракай – жылма же тегиз эмес, бодурайган, бодур-бодур.

Буржук – буржуйган бодур-бодур, тегиз эмес.

Бырышсыз – бырыш-тырышы жок. *Жашайлы шаттанып, Бырышсыз болсун бет (Токтосушев).*

Бырыштуу – бырышы жыш, бырыш баскан. *Бырыштуу кабагы кыймылдай түштү (Сасыкбаев).*

Быткылдуу – быткылдары бар, быткылдуу.

Жулмугуй – сакал муруту жок, же жокко эсе.

Жылмакай – үстү, бети тептегиз, сыймалак, быдыр – бүдүрү жокко эсе.

Жылма

Калдуу – калы бар. Калдуу сулуу кара көз. *Тиги калдуу жеңенин жалгыз уулу Касейинби? (Сыдыкбеков).*

Сепкилдүү – сепкил баскан. Сепкили бар. *Тамар жыйырма бешке чамалаш, билинер-билинбес сепкилдүү келин (Байтемиров).*

Тастайган – тасырайган, бырышы жок.

Туурук – бети-баштын, кол буттун куудурап жарылып кеткен жарыгы, майда-майда болуп кесилип, туурулуп кеткен кат-кат тилик. *Кеберсиген эриндери кумсарып, саргыл беттер туурук-туурук тилинген (Бөкөнбаев).*

Сепкил адамдын бетинде кандайдыр бир себептердин негизинде же көбүнчө жазында пайда болгондуктан, сепкилдүү сын аточ сөзү убактылуу белгини гана көрсөтөт. Сепкил жана бырыш адамдын бетине гана эмес, анын бүт денесине түшкөндүктөн, сепкилдүү жана бырыштуу сөздөрү адамдын терисинин башка өзгөчөлүктөрүн да мүнөздөй алышат.

Адамды чачын мүнөздөгөн сын атооч сөздөр

Адамдын чачын сүрөттөгөн сөздөрдү, сөз тизмектерин кароодо, биринчи кезекте, чачтын бар же жок экендиген билдирген сөздөр алдыңкы планга чыгат. Адамдын башында чачынын жоктугу азыркы кыргыз тилинде төмөндөгү сөздөр аркылуу берилет: чачы жок, таз баш, кашка баш, кашкалуу, чачсыз, көркөм чыгармаларда стилдик максатта “таз” сөзү менен катар “кал” сөзү да колдонулуп калат: *Нүзүп кичинекейинен **таз болуп кетип, төбөсү жалтырап чачы жок болуп** айыкты.*

*...Бирок Нүзүп **таз** чыйрак чыкты.*

*Көзү жок жерде ким көрүнгөн шакебелеп, атаны жаман **калдин** тилегин көр дешип,күлүп жүрүштү(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

*Ал эки кулагынын үстү жагында,**кежиге ченинде анда-санда гана сары буурул чачы калган кашкайган башын** кыңырайтып, эки мерте тиктеди(Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Демек, “чачы жок” же “чачсыз” сөздөр адамдын башында чачтын жоктугун, кээ бирөөлөрдө али чачтын чыгы электигин, же болбосо кимдир бирөөлөрдүн чачы түшүп калганынын туюндурушу мүмкүн. Андыктан жогоруда келтирилген үзүндүлөрдөгү “таз”, “кал”, “кашка” өңдүү сөздөр, сөз айкашы адамдын чачынын жыдып түшкөндүгүн билдирет. Тагыраак айтканда, “кашка баш”, “кашкалуу” деген сын атоочтор чачы жок сөзүнөн айырмаланышып, адамдын башында кашканын пайда болушунан адамдын чачынан толук же кандайдыр бир бөлүгүнөн ажыраганын көрсөтүшөт. “Кашка”

сөзү адамдын сырткы келбетине байланыштуу айтылган айрым сөздөр өңдүү эле субстантивдешүү менен адамга карата айтылат:

Жоргону минген башкалар,

Жолдо жүрсө такшалар,

Жорудай болуп отурат

Сен окшогон ***кашкалар*** *(Кыргыз поэзиясынын антологиясы).*

Адамдын чачынын бар экендигин билдирүү үчүн кыргыз тилиндеги “чачтуу” “чачы бар”, “чач койдурган” сөзү кызмат кылат. Азыркы кыргыз тилинде жогоруда саналып өткөн адамдын башында чачынын бар же жок экендигин гана мүнөздөгөн сын атооч сөздөрдөн тышкары, бир эле учурда чачтын бардыгын жана анын ар түрдүү өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн сөздөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот. Мындай белгилердин катарына чачтын узун-кыскалыгын, коюу-суюктугун, өң-түсүн жана формасын кошуга болот:

Чачтын узундугу

Узун чачтуу

Кыска чачтуу

Коюу чачтуу

Суюк чачтуу

Сейрек чачтуу

Олоң – аялдардын жоон жана узун чачы. *Күмүш өңдүү,олоң чач, Кош каркыра, керме каш (“Манас”).*

Узун чачтуу жана кыска чачтуу сын атоочтору башкалардан чачтын узундугун мүнөздөгөнү менен айырмаланышып, бири-бири менен антонимдик жупту түзүп турушса, коюу чачтуу, суюк чачтуу, сейрек чачтуу сөздөрү чачтын коюулугун, калыңдыгын туюндурат. Ал эми олоң жана сумбул сөздөрүн көбүнчө элдик оозеки чыгармалардан кездештирүүгө болот. Ал эми көркөм чыгармаларда чач адамдын,өзгөчө аялзатынын адабий портретиндеги эң башкы атрибуттук белгилердин катарында турат: *Эки өрүмгө батпай,* ***дүркүрөп өскөн калың чачын*** *кысып туруп, бир байлам жоолукту маңдайына кыйгачтатып,*

шарт буунуп алса, кызыл торусунан келген, балкылдаган төгөрөк жүзүнө ак жоолук эп келише калат (Ч.Айтматов, “Жамийла”).

Чачтын узундугу көркөм чыгармаларда тигил же бул нерселерге да салыштырылып берилет: *Бүгүн башка, такыр башкача: эки билеги түрүлүү, үстүндө ийиндери оңуп кеткен сары гүлдүү чыт көйнөк,* ***чачты жылаңач билектей кылып колтойтуп жалгыз өрүп таштаптыр****, али табы кайта элек аптапта нымшыган жүзүнө чаң сиңип, иреңи чыңалган колодой жылтырайт(Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).*

Чачтын формасы кыргыз тилинде, негизинен, төмөндөгү сөздөрдүн жардамы аркылуу туюндурулат:

Тармал – тоголонуп уюлгуп турган, быжыгыр.

Айдарлуу – айдар коюлган, айдары бар. *Айдарлуу кара калмагым,Тим турган жанды тим койбой,Тийди жаман салмагың(“Манас”).*

Аксайган – апсайган, саксайган.

Саксагай – саксайган, саксаңдаган.

Сапсагай – сапсайган, иреңсиз, үрпөйгөн.

Сапсайган – апсайган.

Сексегей – сексейген, үрпөйгөн.

Сексейген – үрпөйгөн, сербейген, иретсиз.

Сүксөйгөн – үрпөйгөн,үксөйгөн.

Үксөгөй – чачы-башы үксөйгөн,үрпөйгөй.

Үксөйгөн//үксүйгөн – чачы-башы урпөйгөн,саксайган.

Үксүгүй – үксөйгөн, саксайган, үрпөйгөн.*)*.

Үрпөгөй – үрпөйгөн,сексейген,иретсиз.

Үрпөйгөн – саксайган,үрпөйгөй,иретсиз.

Үрпөйүнкү – бир аз үрпөйүп , үксүйүп калуу.

Үрпөк – үрпөйгөн, үксөйгөн, сексейген. *Староста үрпөк чачтуу чоң башып калдаңдатып ийкеди (Бейшеналиев).*

Үлпүлдөк – үлбүрөк, жумшак, өтө назик.

Кайраттуу – катуу, жумшак эмес. *Чачы калың жана кайраттуу (Жантөшев).*

Чачтын формасы, жасалгасы дагы анын башка өзгөчөлүктөрү сыяктуу эле адамдын сырткы келбетинин эң алды болуп көзгө урунган белги экендиги талашсыз. Ошол себептүү көркөм чыгармаларда каармандардын чачынын формасына автор тарабынан субъективдүү баа берилип, ал кайсы бир деңгээлде автордук позицияны туюндуруунун деталы катары саналат: *Жылаң баш, күндө* ***ийинине араң түшүрүп жүрчү чуйтуйган куйкул чачын желкесине бурап-бурап думпуйта түйгөн*** *(Т.Касымбеков, "Жетим"). Бети-башы таптаза, баягы оркойгон тырмагы,* ***үрпүйгөн чачы*** *алыныптыр(Т.Касымбеков, "Жетим"). Нүзүп кемпирдин* ***кыроо баскан шыбактай жайылып кеткен ак чачын****, арык, алсыз ийиндерин тиктеп туруп, ал акырын эңкейип кемпирди өйдө кылды.(Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Чачтын өңү-түсү. Чачтын өңүнө байланышкан сөздөр төмөнкүлөр.

Буурул чач – ак кире баштаган сакал, мурут, чачтын түсү. *Буурул болсом мейличи, Буралган жашты жоктодум(Токтогул).*

Кубарган – агарган, ак түшкөн.

Кара – көмүргө, көөгө окшогон түс.

Каралжын – анча кара эмес, карараак, карага жакын. *Павел Семенов келбеттүү чоң киши, чачы каралжын (Жантөшев).*

Көмүрдөй – көмүр сыяктуу кара, капкара. *Эки өрүлгөн көмүрдөй чачын төгүлтүп Жийдегүл туруптур (Сасыкбаев).*

Сумбул – жоон өрүлгөн, узун сымбаттуу, кара чач, Суксур моюн, сумбул чач. *Турна моюн, сумбул чач("Манас").*

Кундуздай – кундуздун терисиндей жылтылдаган чачка карата айтылат. *Өрүлүп аркасына кундуз чачы, Чийилип тууган айдай эки кашы (Үмөталиев).*

Сары – алтын түстөнгөн өң.

Айрым учурларда чачтын жасалгасы, анын өңү-түсү адамдын курагына карата да колдонулат:

О у-у... ал кезде ***беш көкүл*** *элек...*

-Азыр деле ***беш көкүл кыздайсың****, жеңе...*

-Шылдың кыласың да (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").

Элди бөөдө дүрбөтүп эмне кыласың. ***Чачыңа ак кирди,*** *ордонун эмне кереги бар сага? (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Атакеңдин төрүндө,

Ак чач *болуп жүрө бер,*

Акыйнек айтып талаада,

Арсыз акмак үрө бер(Кыргыз поэзиясынын антологиясы).

Адамдын кашын мүнөздөгөн сөздөр

Азыркы кыргыз тилинде адамда каштын болушу же болбошу каштуу жана кашсыз деген сөздөр аркылуу туюндурулат.

Каштуу – кашын калың өскөн, кашы коюу. *Каштуу келген кара тору жигит кеп салды (“Ала-Тоо”).* Каштуу сын атооч сөзү маанилик жактан башка топтордогу чачтуу, сакалдуу, муруттуу сын атоочторуна маанилеш келет. Ал эми кашсыз сөзү адамдын жүзүндө кашынын жоктугун гана көрсөтпөстөн, билинер-билинбес каштын бар экендигин туюндурат.

Чындык турмушта адамдын кашынын өңү ар түрдүү болгондуктан, кашты мүнөздөгөн сын атооч сөздөрдө өң-түс белгиси кеңири каралбайт. Ал эми кыргыз тилинде каштын өңү-түсүнө карата “кара каш”, “каштары кара” өңдүү сөз айкаштарынын колдонулуу жыштыгы жогору экендигин көркөм чыгармалардан алынган төмөндөгүдөй үзүндүлөр аркылуу иллюстрациялоого болот: *Ылдый түшүп, сакалына жалганышып турган сыйда муруту кыроодой ак. Кылдары жоон тартып, суюлуп,* ***арбайып өсүп кеткен каштары гана али капкара****(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Мындан тышкары каштын формасына байланышкан сөздөргө кыйгач каш, кыйма каш, керме каш, калем каш, чийме каш деген өңдүү сөз айкаштары кирет. Ал эми кашка байланыштуу мимикалар көркөм чыгармаларда каармандардын ички психологиялык абалы менен бирге алардын көркөм баяндоонун объектисине карата болгон мамилесин да туюндурат:

-Таксыр... Мени тез кайт деген... Кайтпасам...–деди желдет бир аз кысынып. Нүзүп ***кашын көтөрүп****, башын акырын ийкеди :*

-Куп. Тез кайткың келсе тез кайт (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).

Келтирилген үзүндүдө башын ылдый салып, акылы талып, ойго чөмүлүп отурган Нүзүптүн оюнан “ойгонуп” желдеттин сөзүнө кылган реакциясы анын кашын көтөрүшү аркылуу берилип жатканын түшүнүүгө болот.

Каракаш айым ***кашын чимирип****, дагы ачуу бирдемедемекчи болуп келе жатканда, Абил бий башын чайкап токтотуп, анан Мадылга карап, жанагыдай эле жай, коңур сүйлөдү (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Ал эми бул үзүндүдө “каштын чимирилиши” аркылуу аял кишиге мүнөздүү мимика, атап айтканда, Мадылдын айтканын жактырбай, ага каршы ой айтууга камынып калганы вербалдык эмес каражатты сүрөттөө жолу менен туюндурулуп жатат.

Элчи Абусатар Калпа чыдай албай:

-Аталык! Динисламдын зулпукары Насрулла-батырханга бул тамсил өтө пастык кылат! –деп жиберди. Нүзүп ***кашын көтөрүп карады****:*

-Эмне?

Каштын бул контекстте “каштын көтөрүлүшү” аркылуу жогоруда келтирилген мисалдагыдай “аргасыздык”, “тагдырга моюн сунуучулук” эмес, тескерисинче, “айбат”, “ачууланyy”, “өктөмдүк” өңдүү эмоциялар экспликацияланды.

Мусулманкул ***кашын керип****:*

-Баштатан айтылганда камдап келет элек... –деди.

Келтирилген бул үзүндүдө Мусулманкулдун “кашын кериши” Нүзүпкө кылган тымызын каяшасын, ошону менен бирге кийин ага элдешпес касы болуп чыгарын алдын ала кыйытып жатканын түшүнүүгө болот. Албетте, анын Нүзүпкө душмандык кылып моюн толгоп чыгаарын келтирилген үзүндүдөн толук түшүнүүгө болбойт. Бирок бул эпизоддогу Мусулманкулдун “кашын керип” каяша айтышын Нүзүптүн ордодогу душмандарынын башында туруп, кутум уюштуруу менен акыры аны өлтүртүп тына тургандыгынын катафоралык мүнөздөгү сигнал катары да кароого болот. Анткени Нүзүптүн өлүмүн сүрөттөгөн:

-Гм. Чын экен го. Желдет...

-Лаппай, таксыр...

-Диванда Мусулманкул да бар бекен?

-Жок, таксыр. Ал киши көрүнбөдү.

-Жаңжалды баштаган ошол өзү. Карачы, жыландан сак. Ушул иш жүзөгө ашып кетсе ичинде, ашпай калса тышында калмакчы...- деген эпизоддон жогоруда сөз болгон катафоралык сигналдардын маңызы толук ачылат.

Адамдын жүзүндөгү айрым белгилер менен эле катар адамдын кашынын өзгөчөлүктөрү айрым бир предметтерге же болбосо жаныбарларга байланышкан салыштырылуулар аркылуу да берилет: *Жаш жигит өрөпкүп,* ***кундуздай кулпурган коюу кашы талпынган бүркүттүн канатындай кагылып*** *көзү жайнап:*

-Бизни йам алың, кошунга, таксыр!.. –деди Исхактын колун коё бербей(Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").

Бирөө эшикти бийик көтөрдү да, босогодон домбрасын көкүрөгүнө кыса кармаган, ачык жүздүү, карашы менсинген ойноок, мүнөзү чечкиндүүлүгүн билдирген, ***кашы жаадай ийилген,*** *кара көз, деги эле бой-турпаты, кийген кийими чебер колдон бүткөндөй жарашыктуу кыз көрүндү (Ч.Айтматов "Кылым карытар бир күн").*

Демек, адамдын кашына байланыштуу мимикалык сүрөттөөлөр көркөм чыгарманын архитектоникасынын ажырагыс компоненти, көркөм деталы катары да кызмат аткара тургандыгы туурасындагы бүтүмгө келүүгө болот.

Адамдын сакал-мурутун сүрөттөөгө карата колдонулган сөздөр жана сөз тизмектери

Адамдын сакалы: сакалдын бар же жок экендиги, анын өңү– түсү, узундугу же кыскалыгы өңдүү өзгөчөлүктөрү боюнча каралат.

Сакалсыз "сакалы жок" сын атоочу адамда сакалдын жоктугун, ал кишиде али сакал өсө электигин, же болбосо ал киши такыр сакал койбогондугун түшүндүрүшү мүмкүн.

Ал эми адамда сакалдын бар экендиги ар түрдүү мүчөлөрдөн жасалган, бирок маанилери бирдей болгон эки сын атооч сөз менен берилет.

Сакалчан – сакалы бар, сакалы өскөн адам.

Сакалдуу – сакалы бар. Ушундай эле өзгөчөлүктөр адамдын мурутун сүрөттөөгө карата да колдонулат. Жогоруда сөз болуп өткөн башка белгилер сыяктуу эле, адамдын сакалынын жана мурутунун тилдик сүрөттөлүшү анын курагына, социалдык абалына, айрым учурда тутунган көз караштарына (маселен, диний), тигил же бул тарыхый доорго тиешелүү экендигине байланышкан жана башка бир катар бөтөнчөлүктөрдү символдоштуруунун каражаты катары эсептелет: *Ошентип ырдан ырга, үлпөттөн үлпөткө, тойдон тойго алмашып, өмүр өтө берди, байкатпай карылык да жете келди.* ***Оболу мурутун күмүш аралады, анан сакалы агарды*** *(Ч.Айтматов "Кылым карытар бир күн").*

Көркөм адабияттан тышкары адамдын сакал-мурутуна байланышкан тилдик сүрөттөөлөр криминалистика, живопись, театр, кино жана башка багыттарда кеңири колдонулуп келет. Ал эми көркөм адабият жаатында адамдын сакал-мурутуна байланыштуу сүрөттөөлөр статикалык мүнөздө, тагыраак айтканда, каармандарды кандайдыр бир эмоциялардын фонунан тышкаркы абалда сүрөттөө өзгөчөлүгүнө ээ болушу ыктымал: *Сарыбай* ***сейрек сары сакалдуу****, көзүнүн үстү кабарчыктаган, эти жука киши эле (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Тиги бечаранын кейп-кебетеси да куду өзүмдөй экен: эки жаагы шимирилип, мурду дөң жондуу, чекесинде катар кеткен эки сызык бырышы бар, ***баарынан да сакалын айт, так эле мен кырып сала электеги сакалымдай*** *(Ч.Айтматов, "Кыямат").*

Же болбосо каармандардын сүрөттөлүшү динамикалык процесстердин ошондой эле алардын ички эмоционалдык абалдарынын фонунда сүрөткердин субъективдүү баасынын, башкача айтканда, автордук позициясынын призмасы аркылуу да берилиши мүмкүн:

Муслиманкулга бетмаңдай отурган ***коюу ак сакалдуу*** *бий кыңырылып:*

-Кемпирдин көңүлүнө карабай эле койгондо... –деп келе жатканда, Нүзүп чаңырып жиберди:

-Токтот! Ой, баатыр наймандын бийи, кемпирдин көңүлүнө карабай баатырлык кылып жөөлөп коё кала турган учур беле? Кемпир экөөбүздүн алдыбызга жетпесе болмок (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).

Келтирилген бул үзүндүдө наймандын бийинин “***коюу ак сакалы”*** бир караганда андай деле көзгө урунчу деталдай туюлбайт. Бирок так ушул эпизоддун контексттинде подтекстик контраст орун алган. Дааналап айтканда, наймандын бийинин тилдик портретиндеги коюу ак сакал менен анын Нүзүпкө карата кыңырылып айтып жаткан суу кечпеген акылынын, нааразылыгынын карама-каршы коюлушу эпизоддогу баяндоонун башкы объектиси болгон Нүзүптүн көркөм образын дагы бир кырын ачып берүүнүн көркөм каражаты катары кызмат кылып турат. Анткени коюу ак сакалына айткан кеби жарашпаган наймандын бийине Нүзүп: *“Күн көзүн көргөн суукка тоңбойт, хан көзүн көргөн арам өлбөйт. Бечара адам алдыңа арыз кылып жетсе, арызын жөнөтүп сураганын берип чыгарбасаң, караламан элдин оозуна жаман атың тарайт. Жаман ат суурулган кылычтан күчтүү, башыңа конгон бактыңды учурат, конгону келе жатканын чоочутат! Уктуңар беле ушуну... Өзүбүз ак тилек кылып хан көтөрүп отурсак... кандуу жолго камданып отурсак...”* деп жооп берип, ак сакалдуу бийдин айтканы адашууга гана алып барбастан, элдин көңүлүн иренжитүүгө, бийликке болгон ишеничтин жоголушуна, хан көтөргөндө алгачкы эле кадамдын жаңылыш жасалаарына алып келе тургандыгын айтышы, Нүзүптүн акылга дыйкан кеменгер адам экендигинен кабар берет. Демек, наймандын бийинин тилдик портретиндеги бир караганда өзгөчө деле маанигe ээ боло бербеген детал терең талдай келгенде өзүнчө бир маанилик жүк көтөрүп турган көркөм штрих катары терең подтексттик маңызга ээ болуп чыга келет. Албетте, адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган ушул өңдөнгөн бардык эле деталдар жогоруда биз сөз кылгандай подтексттик каймана маанигe ээ боло бербейт. Бирок көркөм тектсттин тулкусунда көркөм персонаждардын тилдик портреттериндеги бөтөнчөлүктөрдү, асыресе алардын сырткы келбетиндеги мүнөздүү белгилерди кокустан эле жазыла калган көркөм деталдар катары кароого болбойт. Анткени

ар бир штрих тигил же бул деңгээлде автордун субъективдүү баасынын призмасынан каралып, автордук позицияны реализациялоонун каражаты катары кызмат кылат. Ачык экспликацияланбаган мындай автордук позициянын башка каражаттар менен катар каармандардын сырткы келбетиндеги атрибутивдик бөтөнчөлүктөр аркылуу түюндурулушун төмөндөгү үзүндүдөн да байкоого болот:

-Абил, –деди Нүзүп эркелете, жумшак үн менен Абил обдула калды:

-Лаппай, бек ага...

Нүзүп ***эми гана муруту кылайып келаткан*** *жаш мырзаны имерип тиктеди:*

-Үкем, баштаган канча жигитиң бар?

-Жүз эле, токсон тогузу калды, бек ага...

Нүзүп башын ийкеди:

-Ыракмат, үкем! Билгиликтүү кишинин ишин кылдың. Ыракмат, үкем жүзүнчү жигитиң үчүн чоң ыракмат.

-Сиз үчүн ат токур жигитим эмес өзүмдүн башымды аябаймын, бек ага!(Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").

Жогоруда биз сөз кылып өткөн үзүндүдөгүдөй бул үзүндүдө дагы ачык байкала бербеген контрастык карама-каршылык бар. Тагыраак айтканда, биринчи үзүндүдө наймандын бийинин ***коюу ак сакалы*** (анын карылыгы) менен айткан чолок акылынын ортосунда болсо, экинчи үзүндүдө Абилдин ***эми гана муруту кылайып келаткан*** жаш мырза экендигине карабай, баш каармандардын бири Нүзүптүн баамында, билгиликтүү кишинин ишин кылып, хан көтөрүү салтын сая кетирбей сактап калышында деп ойлойбуз. Демек, бир эле эпизодду түзүп турган эки үзүндүдөгү каармандардын сакалы менен мурутуна байланыштуу тилдик сүрөттөөлөр өз ара контексттик антонимдик жуптарды түзүү менен чектелбестен, тексттик деңгээлдеги мазмундук карама-каршылыкты, контрасттык катышты түзгөндүгүн да белгилөө зарыл. Башкача айтканда, ***коюу ак сакалдуу*** наймандын бийи менен ***эми гана муруту кылайып келаткан*** жаш мырзанын курактарынын ортосундагы карама-каршылык маселенин сырткы жагы болсо, ал эми алардын эпизоддо жасаган

иштери, позициялары сөз болуп жаткан карама-каршылыктын ички өзөгүн, маңызын түзөт. Албетте, ***“коюу ак сакалдуу”*** жана ***“эми гана муруту кылайып келаткан”*** деген өңдүү сүрөттөөлөр ар бир каармандын тилдик портретине карата гана айтылгандыктан, аларды эпизоддун контекстинде карама-каршы коюунун кажети жок деген да альтернативдүү пикир жаралышы толук ыктымал. Бирок көркөм чыгарманын тилдик материалында кокус элементтердин болушу мүмкүн эмес, анткени алардын бардыгы автордун берейин деген оюнун алкагында болот да бири экинчисин өбөлгөлөп, толуктап турат. Андыктан жогоруда келтирилген сүрөттөөлөрдүн контексттик деңгээлдеги карама-каршылыгы каймана мүнөздү алып жүрөт. Сөз болуп жаткан маселеге байланыштуу окумуштуу Б.Усубалиевдин: “...көркөм өнөрдүн бир айныбас мыйзамы бар: ал-кайманалуулук, көп маанилүүлүк, б.а., ал кебез менен гана “мууздай” алат. Мына ушул касиети аркылуу ал адамга өзгөчө таасир этет, ойлонууга мажбурлап, санаага чөгөрөт...

Арийне, биз жогоруда коркөм тексттеги ар бир сөз өзүнүн тике мааниси (б.а., кадыресе тилдеги) менен катар бир нече мааниге (поэтикалык) ээ болорун көрсөттүк. Эми кадыресе тилдеги сыңар маанилүү эле сөз көркөм алкакка түшкөндө, маани жагынан кандайча тарамдалат, муну чылгый тилдик себеп менен түшүндүрүүгө болобу, же буга өзүнчө поэтикалык (эстетикалык, психологиялык, социалдык) өбөлгөлөр себепкерби деген суроону кайрадан коёлу да, тереңирээк чечмелөөгө далалаттаналы.

Бул суроого заманыбыздын залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” аттуу романынын атына конкреттүү талдоо жүргүзүү аркылуу жооп бергим келет. Адегенде бул стилдик фигураны –оксюморонду – чечмелей кетели: **Кылым карытар бир күн: Бир күн,** анткени окуя бир күндүн ичинде өтөт; бирок ушул эле маалда **бир күн кылымдан да узун, бир күн кылымдарды камтыйт,** анткени ушул бир эле күндүн ичинде кылымдарды камтыган окуялар болуп өтөт (эскертилет), келечек (демек, алдыдагы кылымдар) жөнүндө санаа чегип, ой жүгүртүлөт. Аталган оксюморондун маанисин тактап чечүүчү макроконтекст катары бүтүндөй

чыгарманы кароого туура келет, дааналап айтканда, оксюморондун мааниси качан гана романды толук окуп бүткөндөн кийин такталып чечилет. Ал эми такталып чечилүүнүн өзү көп маанилүүлүктүн жаралышы жана ушул эле маалда анын ачылышы да болуп саналат” деген пикирин келтирүүгө болот [Усубалиев,1994, 79]. Демек, адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган сөз, сөз тизмектери тексттин алкагында бири-бири менен антонимдик катышта туруу менен, баяндоонун негизги объектисинин сырткы келбетиндеги тигил же бул өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүү кызматын аткарышат: *Мурду салаңдап, кемирчек эмей жалаң эт өңдүү. Кудай же бойдон,* ***же сакалдан айтпаптыр,*** *кедейген бою бакене,* ***чүрүшкөн ээгинде эки-үч куйкул сары кыл сербейип****, маке чал десең да келишпейт.*

Момун курактуу башка карыяларды көрчү: күмүш чапкан ак каңкы ээр токунуп, жараган ат минип, кең жака ичикчен, суусар тебетейчен, ***кереге сакалы көкүрөгүнө жайкалып,*** *салабаттуу бастырып баратса, ким болсо ийилип салам айтат. Жакшы атыккан аксакал деп ошону айтат (Ч.Айтматов, “Ак кеме”).* Келтирилген эки абзацтын биринчисиндеги ***же сакалдан айтпаптыр, чүрүшкөн ээгинде эки-үч куйкул сары кыл сербейип*** деген сүрөттөөлөр экинчи абзацтагы ***кереге сакалы көкүрөгүнө жайкалып*** деген сүрөттөөгө карата антонимдик катышта келүү менен, мындай салыштыруу жогоруда айтылгандай, баяндоонун башкы объектиси, тагыраак айтканда, Ч.Айтматовдун “Ак кеме” повестиндеги Момундун тышкы келбетин контрастык планда сүрөттөө максатын көздөйт.

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган сөз, сөз тизмектеринин ичинен сакалдын, муруттун тилдик сүрөттөөлөрү адамдын социалдык статусун аныктаган атрибуттук өзгөчөлүктөр катары каралышы ыктымал: *Шерали баягы Шерали эмес.* ***Сакалы, муруту сыпаа чертилген,*** *жүзү агарып, ленеси толо баштап, кейпине сөөлөт кирип, көзү тирилип кишини көтөрүңкү тиктеп калган (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

-Ошондойбу?–Насирдин бек заардуу көз менен ата тиктеп кекетти. Ал баягы жылдардагы боз улан эмес, ***көрктүү чертилген жылтыр кара муруту*** *сулуу*

жүзүнө жарашып, картмак тартып, келбетине сүр кирген(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).

Бул үзүндүлөрдө каармандардын сакал муруттарынын сыпаа чертилиши башка өзгөрүүлөр менен катар алардын социалдык абалдарынан кабар берип турат.

Ал эми төмөндөгү үзүндүдө сакал каармандын христиан динин тутунгандыгына байланыштуу сүрөттөлөт: *Авдий Каллистратов өзү узун бойлуу, ак куба жигит. Бир катар курбулар өңдөнүп, ал да чачын ийнине түшүрүп,* ***коңур куйкул сакалын да коё берген*** *(Ч.Айтматов, “Кыямат”).*

Кыргыз тилиндеги түз маанисинде адамдын сакал-мурутунун өңүнө, формасына карата айтылган ***ак сакал, көк сакал, кер мурут*** өңдүү сөздөр өтмө мааниде адамдын курагына карата колдонулат:

Бекназар ***аксакалдардын*** *этегине келип мандаш урунду.*

-Кана, не дейсиң, Теңирберди? –деди ***аксакалдардын*** *бири(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Ал эми мойсопут (ир.ак чач, ак сакал) деген сөз өтмө маанисинде такыба, дин эрежелерин тыкыр тутунган адамга карата айтылат: *Шойкондуу көздөрү анда-санда ачык эшиктин босогосунда турган Авдийге учкун атып, ал тиктеши –болгон ишке табасы канып отурганын,* ***мойсопут*** *Авдийдин кыйналганын түшүнүп отурганын билдирет (Ч.Айтматов, “Кыямат”).*

Адамдын сырткы келбетинин башка өзгөчөлүктөрү сыяктуу эле анын сакалына жана мурутуна байланыштуу өзгөчөлүктөр тигил же бул эмоционалдык абалдын, символикалык жана симптоматикалык жесттердин, бир сөз менен айтканда, процессуалдык өзгөрүүлөрдүн фонунда да каралышы мүмкүн. *Нүзүптүн суюк* ***сары муруттары түктөйдү,*** *заардуу көздөрү канталап, бийлерди, курбандыктын милдетин алган ак сакалдууларды жекире тиктеди (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Жыйынтыктап айтканда, адамдын сырткы келбетин, тагыраагы анын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрдү сүрөттөөдө сакалдын жана муруттун бар же жок экендигин, өңү-түсүн жана формасын сүрөттөөнү көркөм чыгармаларда

окуяларды ынанымдуу, рельефтүү, образдуу жана элестүү баяндоонун шарты, зарылдыгы катары да кароого болот.

3.3. Адамдын сырткы келбетин анын дене мүчөлөрүнө карап сүрөттөгөн лекика-семантикалык топтогу тилдик каражаттар жана алардын семантика-функционалдык жана синтагматикалык өзгөчөлүктөрү

Ишибиздин буга чейинки параграфында тилдин ар башка деңгээлдериндеги, анын ичинде лексикадагы системалуулук туурасында учкай сөз козголгон. Ал эми экинча бапта системалуулуктун мүнөзү тилдин бардык деңгээлдеринде бирдей болбой тургандыгы бир катар жагдайлар аркылуу түшүндүрүлгөн. Анда айтылгандай, татаал лексикалык системада бардык сөздөр бири-бири менен тигил же бул мамилелик параметр аркылуу байланыш-катышта боло тургандыгы лексикадагы системалуулуктун негизин түзөт. Дегеле, лексикалык системанын синтагматика, парадигматика жана дериватика өңдүү негизги үч ченеми бар экендиги белгилүү. Андыктан лексикадагы системалуулукту түзүп турган сөздөр синтагматикалык, парадигматикалык жана дериватикалык өңүттөрдөн каралуусу шарт.

Сөздөрдүн ортосундагы синтагматикалык мамилелер катары алардын кеп агымында башка сөздөр менен тилдик норманын талаптарына ылайык айкашуу мүмкүнчүлүктөрү, б.а., валенттүүлүк потенциалы эсептелип жүрөт.

Окумуштуу Н.З.Котелова тигил же бул тилди изилдөөдө сөздөрдүн, сөз формаларынын өз ара айкашуу мүмкүнчүлүктөрүнө байланышкан маселелерди изилдөөнүн теориялык жана практикалык жактан маанисин, мазмунду түзүп турган тилдик элементтердин семантикалык мүмкүнчүлүктөрүн, коммуникативдик потенциалын объективдештирүү, алардын мазмундун алкагындагы өз ара катыштыгын аныктоо, бир катар лингвистикалык түшүнүктөрдү, теориялык маселелерди (сөз айкаштарын сөз тизмектеринен айырмалоо, сөз айкаштарынын компоненттеринин өз ара багыныңкы жана багындыруучу мамилелери, башкаруу ж.б.) тактоо зарылдыгы аркылуу түшүндүрөт [Котелова, 1975]. Ошондой болсо дагы сөздөрдүн өз ара

айкашуусуна байланыштуу маселе жалпы тил илиминде, орус тил илиминде, кыргыз тил илиминде деле бир жактуу чечилбеген, аз изилденген маселелердин катарында калып келет. Башкасын айтпаганда да тилчи-окумуштуулардын арасында сөздөрдүн айкашууларынын түрлөрү боюнча да бирдей пикир жок. Маселен, окумуштуу Д.Н.Шмелев айкашуунун лексикалык жана синтаксистик деген түрлөрү бар экендигин белгилейт. Анын пикиринде, сөздөрдүн синтаксистик жактан айкашуусу алардын лексика-грамматикалык мүнөздөмөсүнө, ал эми сөздөрдүн лексикалык жактан айкашуусу, алардын жеке, б.а., индивидуалдык маанилерине ылайык ишке ашат [Шмелев, 1977].

Айрым изилдөөчүлөр аталган эки түргө сөздөрдүн айкашуусунун үчүнчү түрүн, атап айтканда, семантикалык айкашууну да кошушат. Семантикалык айкашуу С.В.Чернова тарабынан белгилүү тилдик бирдиктердин өз ара биригип колдонулушунун шарттаган, же тескерисинче, алардын биригип колдонулуусуна тоскоолдук жараткан себеп-өбөлгөлөрдүн жыйындысы катары түшүндүрүлөт [Чернова, 1982]. Автордун көз карашына ылайык, сөздөрдүн, сөз формаларынын кеп агымында айкашуусу айтымдын мазмунуна жана анын структуралык жактан маанилүү компоненттерине көз каранды болот. Бир учурда “сөз маанилеринин биригүүсүн” шарттаган, экнчи учурда сөздөрдүн семантикалык жактан айкашуусуна тоскоолдук жараткан, үчүнчү учурда семантикалык жактан багындыруучу абалда турган компонентти нейтрализациялоочу факторлор жаралышы ыктымал.

Сөздөрдүн грамматикалык жактан айкашуу мүмкүнчүлүгүнө салыштырмалуу алардын лексикалык жактан айкашуусу ар бир сөздүн индивидуалдуу касиети катары эсептелет. Салыштырмалуу өз алдынчалуулукка ээ болуу менен, сөздөрдүн лексикалык айкашуусу синтаксистик айкашуу менен жана морфологиялык структура менен байланышта болот [Котелова, 1975]. Анткени сөздөр жалкы жана көп маниге ээ экендигин эске алганыбызда, алардын лексикалык жактан айкалышуусун абсолюттуу жана салыштырмалуу деп экиге бөлүп кароо керек. Бир эле мааниде колдонулган сөздөрдү эске

алганыбызда сөздөр бири-бири менен өздөрүнүн лексика-семантикалык варианттарынын негизинде айкашат.

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөрдүн дагы өз ара айкашуусу алардын лексика-семантикалык варианттарынын негизинде салыштырмалуу мүнөздө ишке ашат. Маселен, кыргыз тилинде “арык колдор”, “алсыз колдор” же “арык буттар”, “арык ийиндер”, “алсыз ийиндер” деген салыштырмалуу лексикалык айкашуулар болгону менен, “арык кулактар” же “арык мурун” деген өңдүү айкашуулардын мүмкүн эместигин белгилүү: *Сарыбай көрө тургансып, өлүккө жакын үңүлүп,* ***көк тарамыш баскан арык колу*** *калтырап, өлүктүн кан каткан бетин, көкүрөгүн сыйпалап, ыйлай албай, бул иштин чын экенине ишене да албай, апкаарып, купкуу болуп отурду (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Нүзүп кемпирдин кыроо баскан шыбактай жайылып кеткен ак чачын, ***арык, алсыз ийиндерин*** *тиктеп туруп, ал акырын эңкейип кемпирди өйдө кылды (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Күчтүү колдор *эки колун артына кайрып бек кармады (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн айрым сөздөр метонимиялык мааниде адамдын өзүнө карата колдонулса, көпчүлүгүнө мындай метонимиялык маани мүнөздүү эмес. Маселен, “баш” деген сөз көп маанилүү сөз катары адамдын өзүнө карата колдонулаары белгилүү. Бирок көркөм чыгармаларда айрым учурларда адамдын дене мүчөлөрү аркылуу салттуу эмес метонимиялык маанилер да туюндурулуп калат: *Элге базардын чоң коргону жык толуп кеткен.* ***Кулактар тийишип, баштар быкылдайт, тырышы көп коло түспөл каратору чекелер күнгө жылтырап, бирине-бири кошулгансып көлкүлдөгөнсүп турду***. Демек, бул мисалдардан көрүнүп тургандай, “***баштардын быкылдашы”*** кыргыз тилинде метонимиялык маанидеги салттуу айкашуу катары эсептелсе, ал эми **“*тырышы көп коло түспөл каратору чекелер күнгө жылтырап, бирине-бири кошулгансып көлкүлдөгөнсүп турушу”*** элдин өтө көптүгүн туюндуруу максатында көбүнесе, көркөм

чыгармаларда колдонулган сөздөрдүн салттуу эмес айкашуусу, комбинациясы катары баалоого болот. Б.а., мындай тилдик туюнтмалар стилдик жактан чектелген тилдик комбинациялар, образдуу, боёктуу тилдик туюнтмалар, көркөм штрихтер катары эсептелүүсү керек. Дегеле, адамдын дене мүчөлөрүн атаган соматикалык сөздөр түз маанисинде башка түрк тилдери сыяктуу эле кыргыз тилинин да базистик лексикасы катары эсептелсе, алардын өтмө, метонимиялык, метафоралык, табу, эвфемизмдик маанилери кыргыз элинин эл катары жашоо-шарты, дүйнө таанымы, каада-салты, үрп-адаты, диний ишенимдери, элдик философиясы менен маданий-этикалык нормалары өңдүү тышкы факторлорунун таасиринен улам калыптанган. Кыргыз тилиндеги соматикалык лексиканын мындай маанилери С.Ж.Жанчарбекованын “Соматические компоненты в эпосе “Манас” [Жанчарбекова, 2017] аттуу макасында учкай каралып кеткен: В кыргызком языке очень широко распространены эвфемизмы и табу с соматическими компонентами, которые обьясняются социально-экономическими условиями жизни, верованиями. Так, у кыргызов существует обычай: женщине нельзя называть по имени родственников мужа, а потому она прибегает к изобретенным ей самой другим именам.Например, Кара сакал - «черная борода», Ак чач - «седой волос» и.т.д. Примечательно, что соматизмы образуют так называемые усилительные повторы например: бетме-бет -«лицом к лицу», көзмө көз-«с глазу на глаз», «лично», колмо - кол - «за наличный расчет». Некоторые части соматизмов выступают как имена собственные или же входят в состав сложных собственных имен, обычных для антропонимов в кыргызском языке - об этом было сказано в работах ученого Ш.Жапарова [6]. Первоначально нарицательные анатомические названия в определенный период развития языка становятся именами собственными или же происходит обратный процесс. Появление ряда собственных имен, как известно, связано с определенными обшественно-политическими, социально-бытовыми и другими факторами и событиями. Существует целая группа собственных имен, основу которых составляют соматизмы. Например, имена собственные, в составе которых есть

слово баш -«голова»: Кашкабаш -«плешивая голова», Такырбаш- «лысая голова», Карабаш-«черная голова». Со словом чач -«волосы», как правило, образуются женские имена: Алтынчач - «золотоволосая», Карачач «черноволосая». Со словом көз - глаза: Көк көз - «синеглазая», Каракөз - «черноглазая», Ботокөз - «верблюжий глаз» - т.е. большие карие глаза. Анатомические названия широко распространены на территории Кыргызстана и как топонимы (собственные названия географических объектов): Ак-шыйрак- «белая голень», Кек-Бел- «синяя поясница», Арча-Бет -букв. «арча-лицо», Киндик- «пуповина», Сулак-Кулак- «ухо», Төө-Моюн-«верблюжья шея» и.т.д.[6]. У кыргызов широкое развитие получило устное народное творчество, где роль и значение соматизмов существенны. В последствии они переходят и в литературный язык. Например, белкуда - бел -«поясница», куда - «сват» - просватание еще не родившихся детей; оозачар- по религиозному обычаю мусульмане во время рамазана весь день не едят и только после захода солнца берут в рот пищу. Соматизмы превалируют и в названиях народных игр: кулак чоймой, - «дергать за уши», кезбайламай- букв.: «завязывать глаза», кол күрөш - «борьба руками» [13]. Без участия соматических названий не обходится ни одна из семантических групп лексики, в том числе и фразеологизмы кыргызского и других тюркских языков. Например, в составе таких идиом, как: башы бар - «умный», балтыр эти толо элек- «еще молод», катуу баш- «жадный», бели катуу - «сильный,мужественный», чын жүрөктөн куттуктоо- «поздравление от чистого сердца», ак жүрөк- «человек доброго намерения», ак кол - «белоручка», кабыргасы менен кеңешүү - букв.: «советуйся со своим ребром; советоваться с женой» и др.

Демек, келтирилген пикирден соматикалык лексиканы түзүп турган сөздөрдүн маанилик диапазону адам аттарынан тартып жер-суунун аталыштарына дейре алкакты камтып, алардын өтмө маанилери активдүү лексиканын байышынын ички булагына кире тургандыгы жөнүндө жыйынтыкка келүүгө болот.

Ишибиздин үчүнчү бөлүмүнүн экинчи параграфында адамдын сырткы келбетин анын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрүнө карап, атап айтканда, көзгө, кашка, мурунга, кулакка, тишке эриндерге байланыштуу сүрөттөгөн лекика-семантикалык топтогу сөздөрдүн, сөз тизмектеринин табияты каралса, бул параграфта адамдын дене мүчөлөрүнө карап сүрөттөгөн лекика-семантикалык топтогу тилдик каражаттар жана алардын семантика-функционалдык жана синтагматикалык табияты иликөөгө алынат. Мында адамдын башынын, колунун, бутунун жана боюнун өзгөчөлүктөрүн сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттар тандалып алынды.

Адамдын башын сүрөттөөгө карата колдонулган сөздөр

1991-жылы М.Толубаевдин “Название частей тела в кыргызском языке” [Толубаев, 1991] деген эмгегинде адамдын дене бөлүктөрүн атоого байланыштуу: “...Состав соматических названий в кыргызском и других тюркских языках весьма разнообразен. Большинство исконно тюркских соматизмов состоят из одного полнозначного слова - корневого и производного порядка. Таковыми соматическими названиями являются: бут - нога, ооз - рот, алакан - ладонь, арка - спина, баш - голова, муун- сустав и.т.д. Исконно тюркские соматизмы классифицируются как по слоговому составу их основы, так и по фонетическому облику аффиксов. Например, односложные соматизмы с окончанием на - ш: баш - голова, тиш - зубы, төш - грудь, каш – брови...” деген пикир айтылат. Б.а., “баш” деген сөз өзүнүн муундук курамы боюнча адамдын “ш” тыбышы менен аяктаган дене мүчөлөрүнүн катарына киргизилген. Бирок автордун макаласында адамдын айрым дене мүчөлөрүнүн муундук курамындагы мындай окшоштуктар этимологиялык өңүттөн түшүндүрүлгөн эмес. Адамдын башына байланыштуу статикалык же динамикалык белгилер адамдын, айталы, көзүнө, чачына, кашына, мурдуна, кулактарына, бетинин түзүлүшүнө байланышкан өзгөчөлүктөргө салыштырмалуу оозеки кепте болсун, көркөм адабиятта болсун азыраак сүрөттөлө тургандыгы белгилүү. Анткени жогоруда саналып өткөн көз, чач, каш, мурун, кулак өндүү сырткы атрибуттар көркөм чыгармаларда сүрөттөөгө

алынган дээрлик бардык эле көркөм персонаждардын адабий портреттеринде орун алса, ал эми башка байланыштуу сүрөттөөлөр, көбүнесе, баштын адаттан тышкары формага ээ болгон же анда чачтын жоктугуна байланыштуу өзгөчө белги катары сүрөттөлөт: *Ал эки кулагынын үстү жагында,кежиге ченинде анда-санда гана сары буурул чачы калган* ***кашкайган башын*** *кыңырайтып, эки мерте тиктеди (Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").*

Мыктынын чый-пыйы чыкты:

-Ие, жанагы ***аарчыган пияз баштанган*** *итиңи жин урбагандабы... пай-пай... "Хорошо" алмакмын!.. (Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").*

Өтө эле кодо окшойт, чоң столдон көкүрөгү араң чыгат. Чачын ***тасырайтып*** *кырдырып таштаптыр(Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").*

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө анын башына байланышкан динамикалык кыймылдардын туюндурган маанилери А.Т.Ботобекованын "Кыргыз ымдоо-жаңсоолору" аттуу эмгегинде паралингвистикалык өңүттөн талданган. Аталган эмгекте автор **"Баш чайкоонун":** 1) нааразы болуу, өкүнүү, кейүү; 2) "Жок", "билбейм" маанисин; 3) жактырбоо, колдобоо, пикирлешине карата карама-каршы көз карашын билдирүү; 4) таң калуу, ыраазы болуу, **"Башты ийкөөнүн":** 1) колдоп кубаттоо, макул болуу, ыраазы болуу; 2) саламдашуу, алик алуу, учурашуу; 3) нараазы болуу, өкүнүү, кейүү өңдүү маанилерин, ал эми **"Башты шылкыйтуунун":** 1) аргасыздык, моюн сунуу, капа болуу; 2) уялуу, сүрдөө өңдүү маанилерин конкреттүү мисалдар аркылуу иллюстрациялап берген. Мындан тышкары автор тарабынан **"Башы менен жаңсоо", "Башын чулгуу", "Башын бекитүү"** өңдүү жаңсоолордун да туюндурган маанилерин чечмеленген [Ботобекова, 2007].

Албетте, саналып өткөн символдук маанилер эл арасында кеңири жайылгандыгынан жана алардын туура чечмеленгендигинен күмөн саноого болбойт. Ошондой болсо дагы көркөм чыгармаларда, кино искусство жаатында, театрда башка байланышкан жаңсоо аракеттери салттуу маанисинен четтеп, айрым учурларда оксюморондук, подтексттик маанилерди туюндуруп, ал эми кээде алардын маанилерин бир жактуу чечмелөө да кыйындык жаратып калат.

Мындай учурларды эске албаганда адамдын башына байланыштуу кыймылдык белгилер, бир жагынан, сүрөттөлүп жаткан окуяга динамикалык мүнөз берип, экинчи жагынан, тигил же бул каармандын кебинде ачык айтылбаган ойду экспликациялап турат: *Бир календер нары-бери басып, элдин дуу-дуу толкуганын карап* ***башын калтылдатып чайкап****, элди аралап, кимдир бирөөнү издегендей ар кимдин алдына барып, корккондой элтейген түр менен жүзүн тиктеп, киши тиктеп калса селт этип жүзүн үйрүп нары басып кетип, өзүнчө сандалып жүрдү (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Мындан тышкары, адамдын башынын формасына, анда чачтын бар же жок экендигине, ошондой эле аны кандайдыр предметке салыштырууга байланышкан сөздөрдүн төмөндөгүдөй катарын келтирүүгө болот:

Жалпак – тоголок же кырдуу эмес жайыгынан келген, жазы, жалпагыраак.

Жалпыгый – жалпагай жалпак, былчыйган.

Казандай – чоң, көлөмдүү.

Какачтуу – какачы бар.

Кашка – чачы жок, жылмакай, тасыракай. *Саат он бир болгон учурда чап жаак, кашка баш картан адам жалгыз калды (Убукеев).*

Көкүлдүү – көкүлү бар, көкүл койгон.

Мадырайган – маашыркана тастайып караган кебетеде болуу.

Соку баш – башы чоң.

Сөлпү – бир жагына оогон, сөлпүйгөн, түзүлүшү туура эмес.

Сөлпүйгөн – сөлпү көрүнүштө, туура эмес түзүлүштө, формада болуу.

Сөлпүк – сөлпүйгөн, көрүнүшү сөлпү, түз эмес.

Сүйрүйгөн – сүйрү, кууш, учтуу, сөлпү.

Тасырайган – такыр, жыпжылма, кашкайган.

Тасыракай – тасырайган, жылмакай.

Тоголок – шар формасында болгон, шарга окшогон.

Томпогойураак маңдай.

Түймө баш – кичинекей, көркөмдүү келген баш, келбеттүү келген баш. *Алма моюн, түймө баш, азаматка ылайык («Семетей»).*

Адамдын колуна байланышкан сөздөр

“Сырткы келбеттин жалпы көрүнүшү”, “Тулку-бой жана дене бөлүктөрү”, “Сырткы келбеттин функционалдык белгилери”, “Сырткы келбеттин экспрессиясы” сыяктуу лексика-семантикалык топтор “Адам” деген макро семантикалык талаанын перифериялары катары эсептелет. Адамдын колуна байланыштуу тилдик сыпаттоолор “Тулку-бой жана дене бөлүктөрү” деген лексика-семантикалык топко кирет. Адамдын айрым дене бөлүктөрүнүн аталышы сыяктуу эле “кол” дагы өтмө мааниде “кол сунуу” –жардамдашуу, көмөктөшүү; “кол берүү” –учурашуу; саламдашуу, “кол үзүшүү” – мамиленин бузулуусу, алыстоо; “кол көтөрүү” – уруу, сабоо; “кол” –кошун өңдүү маанилерди да туюнтат: *Бул жаңы кабар жол алууга дүрдүгүп турган беш жүз* ***колдун*** *кыйырына толкун түшүрдү. Бекназар* ***колго*** *таазим кылды (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

-Ой, хан тагасына ***кол көтөргөн*** *сенсинби, Кулкиши? –деп, астейдил таң калып сурады Абил бий (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Мадыл шылкыйып, мукактанып, дөңгөчкө айласы куруп отура берди:
-Колго каппай*... Өзүңүз билесиз...Бар болсо...(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Мындан тышкары адамдын сырткы келбетиндеги колдун өзгөчөлүктөрү статикалык ошондой эле динамикалык, б.а., манжа, алакан, колдун кыймыл аракетине байланышкан ымдоо-жаңсоолордун туюндурулушу өңүттөрүнөн каралышы ыктымал: *Баланын мойну-башын кокочодой кир баскан,* ***колдору чыканагына чейин эле кычы****, тырмактары көгөрүп, түлөгөн кирпинин жүнүндөй түктүйүп чачы кабагынан өтүптүр, үрпөйүп кулагынын кырын жаап кетиптир (Т.Касымбеков, “Жетим”).* Бул мисалда колдордун кир экендиги статикалык, б.а., колго мүнөздүү функционалдык кыймыл-аракетине байланышпаган номинативдик-фактылык маалымат туюндурулду.

Ымдоо-жаңсоолордун басымдуу көпчүлүгү колдун жардамы аркасында жасалгандыктан, колдун динамикалык белгилеринин сүрөттөлүүсү башка дене мүчөлөрүнө салыштырмалуу басымдуулук кылат да, алардын маанилик дипазону алда канча кеңири: *Башын сылаган* ***туурук колду*** *сезип туруп,*

баланын каңырыгы түтөп кетти (Ч.Айтматов, “Ак кеме”). Кара ошол бүк түшкөн бойдон баш көтөрбөй безгектей калчылдап, ***арык колдорун арбайтып****, бетин басып, озондоп жиберди (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Абил бий жер ***муштап жиберди****:*

-Караламандын көзүнө даражасын көтөрүп ***колумду боорума алып койсом****, коркуп калды деп отурат жанагы кичинекей катынпозуң! (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Адамдын колдорунун абалы адамдын сырткы келбетинин жалпы көрүнүшүнүн же болбосо адамдын тулкусунун ээлеген абалынын фонунда да сүрөттөлүшү мүмкүн: *Аттын ээси камчысын бүктөй кармап,* ***колдорун артына алып,*** *суу жакты карап турган экен(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Адамдын колуна байланыштуу динамикалык белгилер, сүрөттөөлөр кеп агымында, сүйлөмдүн курамында, чакчыл, атоочтук түрмөктөрү, туруктуу сөз тизмектери, аналитика-номинативдик тилдик бирдиктер түрүндө болуусу ыктымал.

Колдун өзгөчөлүктөрүн сүрөттөөдө, т.а., көлөмүнө, узун/кыскалыгына, алдуу/алсыздыгына, жоон/ичкелигине карата төмөндөгү сөздөр активдүү колдонулат:

Барсагай – барсайган, бадырайган.

Барсайган – толуп турган, бартайган.

Бартайган – барсайып жоон-жолпу көрүнүштө болуу.

Бартыйган – колу-буту бартайып турат.

Ботогой – бойтойгон кичинекей.

Булчуңдуу – булчундуу кол.

Бүкүр – түз эмес, ийилген. *Калканбай эти качкан, бүкүр манжаларын сунуп, кармоого умтулду (Бейшеналиев).*

Быйтыйган – бойтойгон кичинекей, сүйкүмдүү .

Быртыгый – быртыйып кыска, кичине көрүнгөн, мыртыйган.

Быртыйган – кыска, жоон. *Кайназар чаначтай дырдыйган, колдору быртыйып турат (Жантөшев).*

Бытыгый – кичинекей, бытыйган.

Жумшак – үлпүлдөгөн, кармоого назик, катуу эмес.

Илмийген – абдан арык, ичке, чабал .

Ичке – *Уруя ичке манжаларын кырсылдатты (Байтемиров)*.

Кебездей – өтө жумшак, назик. *Чоң эне кебездей жумшак алакандарын тып-тып чапкыласа, анын алсыз дабышы селдей толкуган күчтүү жаңырыкка жетти (Сыдыкбеков).*

Кыска// Узун өтмө мааниде

Күчтүү – күчү бар, алдуу, кубаттуу. *Сенин күчтүү, чордуу баатыр колундан, кара зоолор калтырады кулады (Токомбаев).*

Кичинекей

Мыйтыйган – абдан кичинекей. *Жылдызкан мыйтыйган колдорун катуу түйдү да, кескин шилтеп алды (Байтемиров).*

Мыртыгый – толугураак, толмоч келген, мыртыйган.

Мыртыйган – толук, жоон, кыска, быртыйган. *Элебестин мыртыйган күчтүү колдорун Акил бек-бек кыса кармайт (Сыдыкбеков).*

Сологой – оң колуна караганда сол колу менен жакшы иштөөгө көнгөн, сол колу оң колдой иштөөгө маш, ийкемдүү.

Тарбагай – тарбайган, тарбайып чыгып турган. *Андрей Ашырды көздөй тарбагай колун жайып, кучакташа коштошту (Сасыкбаев).*

Туурук

Туурулган – кесилген, жарылган, туурук. *Эшкул Сапардын бети-башын туурулагн алаканы менен сылады (Бейшеналиев).*

Тырмактуу – тырмагы бар.

Чилмийген – өтө арык, ичке, катыңкы. *Адамдын боору ооругандай чилмийген колун калтыратып, жаман мата көйнөгүнүн этеги менен эңкейип, жашын сүртүп жатты (Элебаев).*

Чымыр – чың, бышык, чыйрак. *Барпы мыртыйган чымыр колдору менен Ышкынаалынын жакасын камтый кармады (Байтемиров).*

Шадылуу – узун манжалуу, шадылары узун. *Тенти шадылуу колун Кычандын тизесине койду (Бейшеналиев).*

Адамдын бутуна байланышкан сөздөр

Адамдын сырткы келбетин анын бутуна карап сүрөттөгөн сөз, сөз тизмектери жөнүндө сөз болгондо, биринчи кезекте, алардын узундугун/кыскалыгын, жоондугун/ичкелигин, майыптыгын/майып эместигин, бардыгын/жоктугун туюндурган сын атоочтор алдыңкы планган чыгат. Адамдын бутунун майыптыгы айрым учурларда анын басыгы аркылуу да туюндурулат. Ал эми эпикалык чыгармаларда, көркөм чыгармаларда адамдын бутуна байланыштуу мүнөздөмөлөр түз айтылбаса да, анын тулку-бою жаныбарларга же канаттууларга салыштырылып берилип, буттар жөнүндө көмүскө (имплициттүү) маалымат туюндурулат: ***Көк кытандай ийрейген*** *шүмшүк боюна карап ичсе го... Тигиндейрек барып арка-мойну алдында калса,мындайга иттин ичи ачышабы? (Т.Касымбеков, “Адам болгум келет”).* ***Тартайган,*** *москоол боюна жараша Даниярдын бет түзүлүшү шылынып чап жаак, кабагы дайым чарчаңкы жыйрылып, көзү бир калыпта салмактуу тиктейт (Ч.Айтматов, “Жамийла”).*

Жоон бут менен ичке бут, ал эми көркөм стилге мүнөздүү болгон буура сан менен куурай сан өз ара антонимдик катышты түзүшсө, төкөр, аксак, сылтып баскан өңдүү сөздөр синонимдик катышта турушат.

Көркөм чыгармаларда каармандарды алардын буттарына карап мүнөздөө алардын сырткы келбетиндеги кандайдыр бир өзгөчөлүк катары же болбосо кайсы бир окуяга байланыштуу буттун майып болуусу, каармандардын сылтып басышы же буттарынан айрылып калышы өңдүү окуяларга байланыштуу келип чыгат. Анткени көздөрдүн, кабактын, эриндердин, тиштердин сүрөттөлүүсү аркылуу каармандардын тигил же бул психо-эмоционалдык абалын, ички дүйнөсүн, көңүл туйгусун, көмүскө ойлорун чагылдыруу максаты коюлса, ал эми буттарга байланыштуу сүрөттөөлөргө мындай каймана ойду кош пландуу туюндруучу көркөм каражаттын милдети коюлбайт. Ошондой болсо дагы каармандардын бутуна байланыштуу сүрөттөөлөрдүн текст түзүүчү

мүмкүнчүлүгү, коммуникативдик потенциалы жок деп айтууга болбойт. Маселен, Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестинде Даниярдын бүгүлбөгөн жараты жакшы айыга элек бутуна чыгармадагы окуялардын бүтүндөй катары байланышып, “себеп-натыйжа” катышында окуяларды өнүктүрөт. Маселен, Даниярдын бутунун бүгүлбөгөндүгүнөн улам чалгыга жарабай, балдар менен чөп чапкыч машина айдашы, Сейит менен Жамийланын Даниярдын арабасына таштап койгон жети пуддук кара ала капты Даниярдын бутунун жарадар экендигине карабай трап менен өйдө көтөрүп чыгышы сыяктуу окуяларды айтууга болот: *Данияр анын астына бүгүлө ийилип, трап менен өйдө чыгып бара жатат.* ***Жарадар бутун*** *ал сүйрөй сылтып, ага канча күч келтирбөөгө аракеттенгени менен, улам жаңыдан кадам шилтегенде, ооруганына чыдай албай тиштене калып, башын чулгуйт (Ч.Айтматов, “Жамийла”).*

Так ушундай парадигмада Т.Касымбековдун “Адам болгум келет” повесиндеги Базылдын тизеден жогору бутунун жоктугуна байланыштуу сүрөттөөгө да илик жүргүзүүгө болот. Анткени Базылдын бутунун жоктугуна карабай, көңүлүнүн дайым шаттыгы, мээнеткечтиги баш каарман Асылбекти ойлондурса, экинчи жагынан Мыктынын адам катары пастыгын, наадандыгын ачып берет: “***Эки буту тең тизеден жогорооктон жок***. *Мултуйтуп кайыштан кеп кийгизип коюптур.*

...Баш-аягы аптадан бери гана сырдана болуп жүрсөм да, бул адамдын ***бир жолу кабак чытып, жарым жанмын дегенин укпадым***.

...Зайыбынан да ушул ***Базылдын өзүнүн жер түрткөн кара доңуздай мөңкөңдөп, жөөктө жүргөнүн*** *көп көргөм”* деген сүйлөмдөрдөн Базылдын бутунун жоктугуна байланыштуу сүрөттөөлөрдүн коммуникативдик потенциалын көрүүгө болот. Ал эми Мыктынын Базылдан аракка акча талап кылып, аны “тепкилем коём” деп коркутушу, бул кылыгы үчүн Базылдын иниси Садырдан муш жеши өңдүү эпизоддор да Базылдын майыптыгына түз же кыйыр байланышат. Демек, айтылгандардан адамдын бутуна байланыштуу статикалык жана динамикалык белгилердин тилдик сүрөттөөлөрү текст түзүүчү

коммунмкативдик потенциалга ээ экендиги туурасында жыйынтыкка келүүгө болот.

Кыргыз тилинде адамдын бутуна байланыштуу өзгөчөлүктөрдү туюндурууда төмөндөгү сөздөрдүн катары активдүү колдонулат:

Аксак – аксап баскан, төкөр, бутунда майыбы бар, чолок.

Олчойгон – чоң, бараандуу, эби сыны жок. *Ошого карабай Манаптын бетинен каны качып, кызуулана балтыр этин эзе кармап, олчойгон бутун солбуй, кеги кетпөөчүдөй көшөрдү (Бейшеналиев*).

Булчуңдуу – булчуңдары чың, булчуңдуу бут.

Буура сан – булчуңдуу, чоң, жоон сан.

Жампыгый – жампайган, бир жагына жантайган майрык. *Жампыгый Орозматтын жанында тиги узун бойлуу аскер унчукпастан келе жатты (Айтматов).*

Ийрийген // ийрейген– ийилген, ийри-буйру, кыйшык, ийри.

Ийри – кыйшык, түз эмес, ийрейген

Илмейген

Ичке

Куурай сан – буттары арык, илийген, ичке. *Кумурска бел, куурай сан. Ева куурай сан болгон менен тыным албай иштеп, ал куйган кыш да көрктүү түшүп жатты. (Ашымбаев).*

Талпайган //талпыйган – жазы, жайык.

Тарбагай – тарбайган.

Тарбайган – тарбагай.

Тартагай – узун бут.

Тойтойгон – бир аз майрыйган, кыска.

Төкөр – аксак, салтып баскан. *Адам болду деп тигил Абдылда төкөрдүн баласын айткыла (Сыдыкбеков).*

Тайтайган

Тайтак

Чойтойгон – мыртыйган, кыска (көбүнчө толугураак келген кыска бутка карата айтылат) *Бутту чойтое сунуп жыргалын көрөбүз (Бейшеналиев).*

Адамдын боюна байланышкан сөздөр

Адамдын сырткы келбетине байланыштуу сөз жана сөз тизмектерин, негизинен, эки чоң топко бөлүп кароого болот: 1. Адамдын сырткы келбетин андагы айрым атрибуттарга байланыштуу сүрөттөгөн тил каражаттары өз ара экиге бөлүнөт: а) адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөргө карап аны мүнөздөгөн тил каражаттары; б) адамдын дене мүчөлөрүнө байланыштуу аны мүнөздөөгө карата колдонулган тил каражаттары. 2. Адамдын сырткы келбетин анын тулку-боюна карап сүрөттөгөн тил каражаттары да экиге бөлүнөт: а) адамдын андагы объективдүү белгилердин негизинде сүрөттөгөн тил каражаттары; б) адамдын андагы субъективдүү белгилерге карап сүрөттөгөн тил каражаттары. Албетте, саналып өткөн ар бир лексика-семантикалык топ дагы майда топточолорго бөлүнөт. Маселен, биринчи топтогу адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөргө карап аны мүнөздөө адамдын көздөрүнө, мурдуна, оозуна, эриндерине, тиштерине, жаагына, кулактарына, чачтарына, терисинин өңүнө карап сүрөттөгөн тил каражаттарынын топчолоруна бөлүнсө, ал эми экинчи чоң топтогу адамды андагы объективдүү белгилердин негизинде сүрөттөө бойдун узун/кыскалыгына, дененин толук/арыктыгына, дененин физикалык абалына, адамдын саламаттыгынын абалына жана салмагына байланыштуу тил каражаттарынын топчолоруна бөлүнүшү мүмкүн.

Биз саналып өткөн объективдүү белгилердин ичинен адамды анын боюна карап сүрөттөгөн тил каражаттарынын семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүнө токтолуу менен чектелмекчибиз.

Адамдын тулку-бою аны бир караганда эле көзгө көрүнгөн объективдүү белги болуп саналгандыктан, оозеки кепте, көркөм адабиятта, криминалистикада, киносценарий, театр тармактарында адамдын тилдик портретин негизги компоненттеринин катарында турат. Ошол себептүү адамдын тулку-боюна байланыштуу сүрөттөөлөр, көпчүлүк учурларда, сырткы келбеттин айрым атрибуттарына байланыштуу сүрөттөөлөрдөн мурун келет:

***Арык чырай, бою эңчер**, ирик соккон боз таардай чаар. **Үңкүйгөн турпаты,** дөң кабагы, чүңүр көзү бирине-бири ойбой-бычпай куп келет. Мадылдын көзүнө окшоп, көзү тереңде ойноктойт (Т.Касымбеков, "Адам болгум келет"). **Өтө эле кодо окшойт,** чоң столдон көкүрөгү араң чыгат. Чачын тасырайтып кырдырып таштаптыр (Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").*

***Жамийла өзү шыңга бойлуураак,** белдүү келин (Ч.Айтматов, "Жамийла").*

Көркөм адабията адамдын боюна байланышкан объективдүү белгилерге карата автордук субъективдүү мүнөздөмөлөр жанаша берилип калган учурлар да көп кезедешет: *Жаш жигит, **шыңга бойлуу, келбеттүү** (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

*Бири ирединде саал чаары бар, **узун бойлуу, каңгаал,** бүркүт кабак киши. Ал азыраак кара сакалы бар эрдин бек кымтып, көзүнөн от жанып, тешип тиктеди. **Бири орто бойлуу,** буудай өң, мурду саал кочкор тумшуктанган, өңдөгөн теридей сыпаа чалыш киши (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").*

Айрым сөздөр адамдын боюнун узундугу же кыскалыгы менен кошо анын денесинин толуктугун, же тескерисинче, арыктыгын да туюндурат. Мындай сөздөр илимий адабияттарда бой+дене түзүлүшү деген топчого бөлүштүрүлүп жүрөт. Мындай сөздөр адамдын тулку-боюнун жалпы көрүнүшүн сүрөттөөдө оозеки кепте болсун, көркөм адабиятта болсун жыш колдонулат: *Султанмурат бектин ирени купкуу, **көлтөйгөн боюн** кайда жашырарын билбей эби жок бүжүрөп, боору титиреп, кызарып эти өсүп кеткен көзүн үлдүрөтүп, ичинен тымызын келме келтирип, босогону араң аттады (Т.Касымбеков, "Сынган кылыч").* Келтирилген бул мисалда **"*көлтөйгөн*"** деген сөз аркылуу бойдун узундугу менен дененин толмочтугу жөнүндөгү кош маани берилип жатат.

*Тиги төрдөгү **күржүйгөн** айтылуу жолдош Бердике. Анын сол жагындагы **эпейген** өзүнүн эсепчиси (Т.Касымбеков, "Адам болгум келет").* Мында **"*күржүйгөн*"** деген сөз бойлуу, ошону менен эле бирге нык, семиз адамды сүрөттөөгө карата колдонулса, ал эми **"*эпейген*"** деген сөз каармандын боюнун жапыстыгы менен анын арыктыгын туюндуруп турат. Ал эми бойлуу

денеси чың адамдарга карата “лакыйган”, “лөкүйгөн”, “калдайган” деген өңдүү жана башка сөздөр да колдонулат: *Алмамбет сөзгө аралаша албай* ***калдайып****, алар көк шиберге отура беришкенде, унчукпай келип, төөчө колжоюп тизе бүктү (Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”). Мына жашы улгайды, айыл аксакалы болуп, эттүү жерде чарабашылык кылып,* ***лөкүйүп*** *отуруп алып эт бөлгөндөн башка менен иши жок, момундун күнүн кечирип келет(Т.Касымбеков, “Сынган кылыч”).*

Бойдун узундугу менен бирге дененин олбурлуугун, толуктугун туюндурган, кош маниге ээ, көбүнесе, негативдүү эстетикалык баанын семантикасы камтылган сөздөрдүн катарына төмөндөгү сөздөрдү да кошууга болот:

Далдагай – далдайган, калдайган, эби-сыны жок чоң.

Далдайган // далдыйган – калдайып жазы көрүнгөн, эби-сыны жок чоң. *Эшим дайым күлүңдөп турган, бакыракай көздүү, далдайган чоң киши (Байтемиров*).

Дардайдан//дардыйган – көлөмү, көрүнүшү чоң.

Денелүү – кабелтең, алибеттүү, бойлуу.

Дүңкүйгөн – чоң, алибеттүү.

Заңкайган //заңкыйган Заңкайган жигит.

Калдайган – өтө чоң, көлөмдүү, далдайган. *Калдайган жаным сен дедим, калгандай сүйүү адашып (Култегин).*

Калдак – калдагай тарткан, эби-сыны жок далдайган.

Далбагай – калдайган чон, далдайган жазы, кең.

Далбайган

Далбардай – эби-сыны жок чоң, далдайган, калдайган. *Жолдош алибеттүү, далбардай чоң киши (Таштемиров).*

Денелүү – дене түзүлүшү чоң, алибеттүү, москоол, кабелтең. *Москоол денелүү, узун бойлуу кара киши Сансыздын досу Карып (Жантөшев).*

Дөбөдөй – даңкайган чоң, зор. *Ай атаңдын көрү, дөбөдөй болгон коркок Толтойдун күйүтү өттү (Бейшеналиев).*

Коржойгон – коржогой, коркойгон, каржайган.

Күлжүйгөн – чоң, күрсүйгөн. *Чайпала басып күлжүйгөн Капсалан Жакыптыкына келди (Бейшеналиев).*

Лакыйган – денеси чың, узун бойлуу.

Одурайган – дордойгон, борбойгон. *Одурайган чоң Коңур, Сайышмак үчүн аяндап («Манас»).*

Олбурлуу – зор, келбети чоң. *Асанбек олбурлуу, мурду коңкойгон, көзү чүңүрөйгөн, маңдайы жазы сары киши (Жантөшев).*

Очойгон – чоң, колтойгон.

Бойдун узундугу менен бирге дененин арыктыгын туюндурган, ошол эле учурда терс эстетикалык баанын семантикасы камтылган сөздөрдүн катарына төмөндөгү сөздөр кирет:

Коржогой – сөөк-саактуу, арык жана узун бойлуу.

Коркогой//корогой – бою, мойну узун, арык.

Коркойгон – соройгон, узун. *Тышка чыксам тамынын эшигинен коркоюп Чотур корунду (Касымбеков).*

Коройгон – соройгон, коркойгон.

Куркуйган – ичке, арык, бою узун. *Кочкун куркуйган узун бойлуу сары неме (Элебаев).*

Куркугуй – куркуйган, куркуюп турган.

Соксойгон – соройгон, бийик, узун.

Солдогой – солдойгон, узун бойлуу.

Солдойгон – узун, колдогой, эби-сыны жок.

Сорогой – соройгон, сороюп чыгып турган.

Тартагай – колу-буту узун, келбети чоң, тарбайып көрүнгөн. *Алдыңкы киргени кара сакал, чап жаак, тартагай киши экен (Убукеев).*

Тартайган – колу-буту узун, тартагай. *Чаргын тартайып тура калды (Сыдыкбеков).*

Бойдун узундугу менен бирге дененин сымбаттулугун туюндурган, оң эстетикалык баанын семантикасы камтылган сөздөр:

Залкайган

Залкыйган – чоң көрүнүштө болуу, залкар, алибеттүү. *Буурул бээнин да таманы кызып, залкыйган Андрейди жүк ордуна көрбөй учуп келүүдө (Сасыкбаев).*

Заңкайган//заңкыйган – бийик, чоң, зор.

Золкойгон – бийик, өтө чоң, алибеттүү.

Зоңкогой – зоңкогой жигит.

Зоңкойгон – бою узун, москоол, чоң, алибеттүү.

Мүчөлүү – денелүү, дене түзүлүшү келишимдүү.

Шыңга – келбеттүү, узун, сымбаттүү.

Шынкыйган – ичке, сыйда, узун, сындуу, сымбаттуу.

Зыңкыйган// зыңкыгый.

Шыңга бой.

Бакыйган – зор, чоң, бакыйган, залкайган, чоң келбетинен келген.

Бойдун кыскалыгы менен бирге дененин чакандыгын туюндурган, терс эстетикалык, айрымдарында ирониялык баанын семантикасы камтылган сөздөр:

Биттей абдан кичине, тырмактай кичине. *Бул жигитти биттей кезинде көргөн элем, азыр азамат болгон тура.*

Корто – кичине бойлуу, кодоо. *Семиз корто тетигил, бечел окшойт акылга (Токомбаев).*

Кортогой – кортойгон, кодогой, корто.

Кортойгон

Куйтуйган – тепейген, кичинекей. *Байболот кырк чамасындагы куйтуйган чымыр киши (Элебаев).*

Кыдыгый – жапыз бойлуу, кичине бойлуу, кыдык. *Окуучулар көрсөк деп самаган адам анча деле кыдыгый эмес экен (Таштемиров).*

Кыдыйган – жапыз, кичине бойлуу.

Кыдык – кыдыйган, кичине бойлуу, кыдыгый.

Марчайган – кыска бойлуу, борпоң толук адам.

Кодогой кичине бойлуу, бою жапыз, кодогой.

Кодойгон – бою кыска, кичине. *Татыбек четте турган чекир көздүү кодойгон кишиге түптүз баратат (Байтемиров).*

Кодоо – бою жапыз, кыска, кичине, кодогой. *Бироо арык чырай кодоо адам, экинчиси толмоочунан келген узун бойлуу («Ала-Тоо»).*

Тойтойгон – кыска, кичине.

Быгжыгый – бети чоң, толук, бою пас. *Колхоздун ошол кездеги парторгу жапалдаш бойлуу, кара торусунан келген быгжыгый киши эле (Кыргыз Туусу).*

Былчыгый – жапалдашынан келген, толмоч, былчыйган.

Букчугуй – жапалдашынан келген толук, букчугуй, семиз, толук.

Чүтүрөйгөн – кичинекей, арык, чүкчүйгөн. *Бул бадачы чүтүрөйгөн сары чал кудуңдады, кармалады колумду (Токомбаев).*

Чыйбыттай – тыптырмактай, кичинекей.

Бойдун кыскалыгы менен бирге дененин чакандыгын туюндурган, оң эстетикалык баанын семантикасы камтылган сөздөр:

Сакадай – тула бою жыйнак, тыгырчыгынан келген чымыр. *Кишимжан келди буралып, сакадай бою чыңалып (Олжобай менен Кишимжан).*

Топойгон – кичинекей, бойтойгон, томпойгон, томпойгон бала.

Тыкчыгый – кичинекейинен келген чымыр, тырсыйган, тыкчыгый киши.

Тыкыйган – жапалдаш, тыкчыгый, жыйнактуу.

Тыпыйган – кичинекей, чакан, жыйнактуу.

Тырмактай – кичинекей, кенедей.

Чикчийген – кичинеккей жана тыкан,бышык.

Чукчуйган – чуштуйган ичке. *Мамырбай аке ушундай көзү сурмалуу, чукчуйган кара киши болучу (Касымбеков).*

Чыканактай – кичинекей, тыпыйган. *Чыканактай чыкчыйган келин Шариптин жанына олтуруп, чай куя баштады (Бейшеналиев).*

Чыкчыйган – тыпыйып кичинекей, тыкан.

Чыкчыгый – чыкчыйып турган, чыкчырылган.

Бармактай – кичинекей, көлөмү жагынан кичине. *Бармактай балдар, көрдүңөр, кат жазып, окуп турганды (Осмонкул).*

Бойтогой – бойтойуп жакшынакай көрүнгөн.

Бойтойгон – мойтойгон, татынакай көрүнүү, тоголок тартуу.

Бокчогой – бокчойгон, кебетеси, көрүнүшү бокчоюңку, бокчогой.

Ботойгон – бойтойгон, мотурайган, мойтойгон. *Экөө кол кармашып ботоюп, кулач уруп баратат (Ашубаев).*

Бойпойгон – бойпойгон, кичинекей.

Бойтойгон – бойтойгон, кичинекей, борсойгон, татынакай. *Бодоно баш бойтойгон, бөбөктөр эсен турсуңбу (Элебаев).*

Ботогой – бойтойгон, кичнекей.

Быртыйган – кол-бут, бой кыска келип, жоон көрүнүштө болуу.

Бытыйган – кичинекей, сүйкүмдүү .

Жудурактай (диал.) – муштумдай, кичинекей.

Каргадай (өтмө) – кичинекей, бою, көрүнүшү кичине. *Ушул каргадай болгон байкуш чалды атка танып кечке кой кайтартайын деген ою бар го? («Ала-Too»).*

Бөкчөйгөн – бою кичинекей, тууралжын келип, бүкүрөйгөн көрүнүштө болуу.

Борсогой – борсойгон, бою кичирээк келген, тоголок, толук.

Борсойгон – болтойгон, томолок. *Мурду боорсоктой борсойгон кичинекей кызыл тоголок бала (Сыдыкбеков).*

Бойпойгон – бойпойгон, кичинекей.

Бойтогой – борсойгон, бою кичирээк келген тоголок.

Бойтогой – бойтойуп турган, бойтойгон кичинекей.

Буржугуй – жапалдашынан келген, мойну кыска, толук. *Багжайыңкы тарткан. Буржугуй карыя балбанга түшчүдөй болуп жеңдерин өйдө чыканакка чейин түрүнүп алган (Баялинов).*

Бурсуйган – борсойгон, толук, буртуйган.

Кенедей – тырмактай, кичинекей.

Кидигий//кидик – бою абдан кыска, кичине. *Балким, ата-энеден жетим калып, эрте ажырап тоголок жетимдиктин саатынан кидигий болуп калган чыгар (Бейшеналиев).*

Кидийген – кидигий, кипкичине, тыптырнактай, кыдыйган. *Кидийген бечара, сенин алын жетээр иш эмес. Куру бекер тырмаңдаба («Ала-Тоо»).*

Бойтойгон – бою кыска, кичинекей.

Бойдун узундугун/кыскалыгын жана ортолугун нейтралдуу туюндурган сөздөр:

Аласа – кыска, жапыз, кичирээк.

Бойлуу – бою узун. *Анын бироо арык чырай, бойлуу келген жаш аял (Жантөшев).*

Жапалдаш – жапызыраак, кичине, боюнун узундугу ортодон кыскараак. *Муслимахун бою жапалдаш, анчалык эткээл эмес (Жантөшев).*

Кичине – бою кичине киши.

Кичинекей – өтө кичинекей, майда.

Пас – туурасы жоон, бою пас. *Келберсиген чоң Жолой («Манас»).*

Орто бой – *Орто бой, кырдач мурун, кара тору, келишкен сулуу жигит (Үмөталиев).*

Чарчы бойлуу – бою анчалык бийик эмес. *Чарчы бойлуу жаш келин, чырактай көзү жайнаган (Маликов).*

Үчүнчү бап боюнча кыскача жыйынтык

1.Лексикалык системанын синтагматика, парадигматика жана дериватика өңдүү негизги үч ченеми бар экендиги белгилүү. Андыктан лексикадагы системалуулукту түзүп турган сөздөр синтагматикалык, парадигматикалык жана дериватикалык өңүттөрдөн каралуусу шарт. Сөздөрдүн ортосундагы синтагматикалык мамилелер катары алардын кеп агымында башка сөздөр менен тилдик норманын талаптарына ылайык айкашуу мүмкүнчүлүктөрү, б.а., валенттүүлүк потенциалы эсептелет.

2.Адамдын сырткы келбети анын жүзүндөгү айрым атрибуттар боюнча, атап айтканда, анын көзүнүн, мурдунун, оозунун, эриндеринин, тиштеринин, жаагынын, кулактарынын, маңдайынын, чачынын, каштарынын жана сакал-мурутунун өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөө өзүнчө бир өңүттү түзөт. Ал эми адамдын дене мүчөлөрүнүн, тагыраагы, анын башынын, моюнунун

колдорунун, буттарынын, манжаларынын, төшүнүн, далысынын, курсагынын өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөө анын сырткы келбетин сүрөттөөнүн экинчи өңүтү катары эсептелет. Адамды анын сырткы келбетиндеги объективдүү жана субъективдүү белгилерге карап сыпаттоо үчүнчү өңүт болуп саналса, өз кезегинде обективдүү белгилерди адамдын бою, толуктугу же арыктыгы, саламаттыгынын абалы, курагы, салмагы өңдүү өзгөчөлүктөрдүн катары түзөт. Ал эми адамдын сырткы келбетиндеги тигил же бул өзгөчөлүктөргө карата оң же терс субъективдүү баанын берилиши адамдын сырткы келбетин изилдөөнүн үчүнчү өңүтүнүн бир аспектиси катары эсептелет. Мындан тышкары басымдуу көпчүлүк окумуштуулар адамдын сырткы келбетин жан-жаныбарлардын сырткы келбетине, дене мүчөлөрүнө салыштыруу аркылуу оң же терс эмоционалдык, субъективдүү баанын берилишин өзүнчө багыт катары карашат. Ал эми адамдын сырткы келбетине карата колдонулган сөздөр, сөз тизмектери түзгөн лексика-семантикалык топ ичиндеги окказионалдык жана энантиосемиялык кубулуштар да изилдөөнүн өзүнчө объектилери катары эсептелет.

3.Көркөм текстин тулкусунда көркөм персонаждардын тилдик портретиндеги бөтөнчөлүктөрдү, асыресе алардын сырткы келбетиндеги мүнөздүү белгилерди кокустан эле жазыла калган көркөм деталдар катары кароого болбойт.Анткени ар бир штрих тигил же бул деңгээлде автордун субъективдүү баасынын призмасынан каралып, автордук позицияны реализациялоонун каражаты катары кызмат кылат.

4. Окумуштуулар адамдын сырткы келбетине тиешелүү атрибуттарга адам өзүнүн сырткы келбетине объективдүү, субъективдүү, прагматикалык жана эстетикалык жактан мүнөздүү деп тапкан бардык белги-бетелерди киргизип жүрүшөт. Маселен, мындай атрибуттарга адамдын келбетин шөкөттөгөн предметтер, кийим-кечек, сырткы келбеттин динамикалык белгилерин (дененин кыймылы, мимика, позалар, манералар, адамдын басыгы) оозеки кептин тышкы белгилерин (үн, кыраат, кеп) ошондой эле адамдын сырткы келбетине карата берилген эстетикалык, этикалык, социалдык,

психологиялык бааларды да киргизүүгө болот. Бирок адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттардын семантикалык мейкиндиги жана кепте колдонулуу жыштыгы ар кандай экендигин белгилөөгө болот. Негизинен, адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө биринчи кезекте сын атоочтор катышып, ал эми алардын субстантиваттары же болбосо зат атооч сөздөр экинчи планга өтүп номинативдик кызмат аткарышат.

5. Адамдын дене мүчөлөрүн атаган соматикалык сөздөр түз маанисинде башка түрк тилдери сыяктуу эле кыргыз тилинин да базистик лексикасы катары эсептелсе, алардын өтмө, метонимиялык, метафоралык, табу, эвфемизмдик маанилери кыргыз элинин эл катары жашоо-шарты, дүйнө таанымы, каада-салты, үрп-адаты, диний ишенимдери, элдик философиясы менен маданий-этикалык нормалары өңдүү тышкы факторлордун таасиринен улам калыптанган.

6. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн айрым сөздөр метонимиялык мааниде адамдын өзүнө карата колдонулса, көпчүлүгүнө мындай метонимиялык маани мүнөздүү эмес.

7.Көркөм тексттин архитектоникасында адамдын сырткы келбетине байланыштуу тилдик сүрөттөөлөрдүн подтексттик, катафоралык мүнөздөгү маалыматтарды туюндуруу мүмкүнчүлүгү алардын мазмун түзүүчү компонент катары коммуникативдик потенциалга ээ экендигин айгинелейт.

Жалпы корутунду

Киришүү бөлүмүндө айтылгандай, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөр жана сөз тизмектери, дегеле адамдын тилдик портрети тил илиминен башка дагы илимий тармактарда изилдөө зарылдыгы аркылуу шартталып келген. Маселен, мындай тармактар катары тарых, криминалистика, антропология, этнография өңдүү илимий тармактарды ошондой эле сүрөт, театр искусствосу, сценография жана киноматография жааттарын айтсак жетиштүү. Адамды таануунун, эстөөнүн, эске сактап калуунун “тилдик формулаларын” жаратуу зарылдыгы оозеки кептешүү актысы үчүн ар качан актуалдуу экендиги да талаш жаратпайт. Ушул өңдүү зарылчылыктар аркылуу

өбөлгөлөнгөн маселе катары адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган тилдик каражаттар кыргыз тилинин базистик лексикасына киргендигине, активдүү колдонулган тил каражаттары катары эсептелгенине карабастан, бүгүнкү күнгө чейин таза тилдик өңүттөн толук изилде элек. Албетте, сөз болуп жаткан тилдик каражаттар кыргыз тил илиминде соматикалык лексиканы изилдөөнүн айрым аспектилеринен каралып келгендиги белгилүү. Ишибизде адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган кыргыз тилиндеги тилдик каражаттардын функционалдык-семантикалык мүмкүнчүлүктөрүн, тексттик алкактагы коммуникативдик потенциалын изилдөөдөн соң төмөндөгүдөй жыйынтыктар, натыйжа-тыянактар алынды:

1.Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата пайдаланылган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүдө жалпы тил илиминде ар кайсы окумуштуулар тарабынан ар кандай критерийлер пайдаланылган. Атап айтканда, адамдын тышкы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды таза тилдик өңүттөн изилдөөгө алган окумуштуулардын катарына Н.Н.Кузнецованы [Кузнецова, 1997], Р.Н.Мононду [Менон,1985], Г.А.Путягинди [Путягин, 1975], О.В.Коротунду [Коротун, 2002], С.В.Овчинниковаты [Овчинникова, 2001] киргизүүгө болот. Ал эми адамдын сырткы келбетин мүнөздөөчү орус тилиндеги тилдик каражаттар функционалдык-семантикалык аспектиден Т.В.Гамалейдин [Гамалей, 1989], Т.Н. Федотованын [Федотова, 1999] эмгектеринде иликтөөгө алынган.

2. Алтай уясына кирген тилдердин мисалында компоративистикалык багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөр катары С.Д.Егинованын (1994), А.Чумакаевдин (2002), О.М.Альчикованын (2004), Б.Б.Саналованын (2004), М.Ержановдун (1988), Н.В.Ерленбаеванын (2005), А.Н.Майзинанын (2006), Н.З.Гаджиеванын (1986), У-Ж.Ш. Дондуковдун (1964), Е.З.Кажибековдун (1985), С.Калужинскийдин (1981), В.И.Лихановдун(1990), Э.В. Севортяндын (1966) илимий эмгектери белгилүү.

3. Кыргыз тил илиминде соматикалык лексиканы структура-семантикалык, функционалдык-семантикалык ошондой эле этимологиялык аспектилерден изилдөө боюнча М.Толубаевдин “Название частей тела в кыргызском языке” [Толубаев, 1991], С.Ж.Жанчарбекованын “Соматические компоненты в эпосе “Манас” [Жанчарбекова, 2017] деген макалаларын атап көрсөтүүгө болот.

4. Кыргыз коомчулугунда колдонулган ымдоо-жаңсоо белгилеринин улуттук өзгөчөлүктөрү тууралуу Д.Сыдыкбекованын [Сыдыкбекова, 1982], этнографиялык жактан А.Мырзакматовдун [Мырзакматов, 2000], байыркы таш бетиндеги жазмалардагы ымдоо-жаңсоо белгилеринин чагылышы жана ал белгилердин ой туюндуруу мүмкүнчүлүгү тууралуу Л.Жусупакматовдун [Жусупакматов, 1998], жазуучулардын тилин, оозеки сүйлөө стилин изилдөөдө ымдоо-жаңсоо белгилеринин орду жөнүндө Т.Аширбаевдин [Аширбаев, 2000], тексттин лингвистикалык табиятын изилдөөдө, ымдоо-жаңсоо белгилеринен куралган “унчукпоо тексттин” Т.Маразыковдун [Маразыков, 2004] эмгектеринен кезиктирүүгө болот.

5. Лексикадагы системалык байланыштарды изилдөө тилдин сөздүк корун илимий сыпаттоо зарылчылыгы аркылуу шартталган. Ошону менен эле бирге лексиканы окутууда сөздөрдүн ортосундагы системалуу байланыштарды аныктоого басым жасалышы керек. Атап айтканда, лексемалардын лексика-семантикалык системадагы орду парадигматикалык, синтагматикалык жана деривациялык байланыш-катыштардын негизинде аныкталып, мүнөздөлөт.

6. Лексикалык бирдиктердин топторго биригишинин принциптерине карата болгон көз караштардын жана аларга карата колдонулган терминдердин көптүгүнө карабай, жалпы тенденцияларды аныктап алууга болот. Лексикалык бирикмелерде түзүлгөн семантикалык белгилердин мүнөзү сөздөрдүн классын, алардын топторунун тибин аныктайт. Тил илиминде сөздөрдүн, сөз формаларынын мындай топторуна карата семантикалык талаа, лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ

түшүнүктөрү колдонулуп жүрөт. Ал эми аталган түшүнүктөр, өз кезегинде, синонимдик катарлар менен антонимдик жуптарды өзүнө камтыйт.

7.Семантикалык талаага ар башка сөз түркүмдөрүнө кирген сөздөр тиешелүү болушу ыктымал. Бирок тигил же бул сөздүн маанисин толук түшүнүү үчүн ошол сөз кирген семантикалык талаадагы башка сөздөрдүн маанисин билүү зарыл экендигин эске алганда, семантикалык талааны система катары мүнөздөгөн төмөндөгүдөй бир нече белгини бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Семантикалык талаа бири-бири менен ар кандай байланыш-катышта турган сөздөрдүн жалпы жыйындысынан туруп, системалуулукка ээ. Ал эми кандай гана система болбосун ал байланыш, бүтүндүк жана алар аркылуу шартталган структурага ээ. Системада байланыштын экиден кем эмес тиби болуу керек.

2. Кандай гана системаны алып карабайлы, ал башка бир системанын бөлүгү болуп саналат, ал эми анын ар бир элементи өзүнчө бир система болуп эсептелет. Ушул өңүттөн алып караганда, семантикалык талаа тилдин семантикалык мейкиндигине кирүү менен, анын ички формасынын бир бөлүгү катары саналат. Ошол эле учурда семантикалык талаа системалардын системасын эске салат. Маселен, семантикалык талаадагы синонимдер, антонимдер, гипер-гипономикалык уялар өңдүү микросистемаларды бөлүп алууга болот.

3. Системанын өзгөрүү булагы, эреже катары, системанын өзүндө жатат. Семантикалык талаа өз алдынча уюшулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ система болуп эсептелет. Андыктан анын эволюциясынын себептери, эң оболу, талаанын өзү менен имманенттик катышта каралышы шарт.

4. Система классификациялоочу кызмат аткарат. Тагыраак айтканда, дүйнөнүн тигил же бул фрагментин классификациялайт.

8.Система динамикалуу, ачык, ийкемдүү мүнөзгө ээ. Ушул себептүү ага жаңы элементтер тынымсыз кирип турат. Семантикалык талаанын ийкемдүүлүгү, кыймылдуулугу абстрактуу ой жүгүртүүнүн өнүгүүсү, бизди

курчап турган дүйнөдөгү предметтердин табиятындагы улам жаңы белгилердин ачылышы жана өз алдынча уюшулуу жөндөмдүүлүгү аркылуу түшүндүрүлөт.

9. Лексика-семантикалык топту бирдей грамматикалык статуска жана принципиалдуу бөлүп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, синонимдик типтеги маанилик жакындыктагы сөздөрдүн жыйындысына негизделген тилдик жана психологиялык реалдуулук катары мүнөздөөгө болот.

10.Лексика-семантикалык топ талаанын структурасына ээ. Анын структура-семантикалык өзгөчөлүгүнө, эң оболу, анын ядрого жана жанаша жана ыраак периферияларга ээ болушун киргизүүгө болот. Лексика-семантикалык топтун борборун стилдик жактан бейтарап, жалпы маанидеги сөздөр түзө тургандыгы маалым. Ал эми топтун перифериясын терминдер, маанисинде коннотациялык элементтер бар лексикалык бирдиктер түзүшү ыктымал.

11.Лексика-семантикалык топ жана семантикалык талаа бири-бири менен тыгыз байланыштагы категориялар катары эсептелгени менен, өздөрүнүн масштабдары боюнча айырмаланышат: семантикалык талаа лексика-семантикалык топту өзүнө камтыган кеңири түшүнүк болуп эсептелсе, эреже катары,бир сөз түркүмүнө кирген сөздөрдүн жыйындысынан турган лексика-семантикалык топ түшүнүгү, өз кезегинде синонимдик катарлардан куралат. Ал эми мындай иерархиялык тартип лексиканын микросистемаларынын белгилүү бир структурага ээ экендигинен кабар берет.

12. Прецеденттик феномендер, прецеденттик тексттер, прецеденттик айтымдар жана ысымдар тигил же бул элдин жашоосундагы кандайдыр бир тарыхый этаптагы тенденциялар, өзгөчөлүктөр, кырдаал-шарт, жагдайлар туурасында маалымат берсе, экинчи жагынан, алар ар кайсы тарыхый доорлордо пайда болгон окшош жагдай-шарт, кырдаалдар параллелдер аркылуу элдин тилдик аң-сезиминин калыптануу жолун, бирдиктүү маданий континиумун көрсөтөт.

13.Лексикалык системанын синтагматика, парадигматика жана дериватика өңдүү негизги үч ченеми бар экендиги белгилүү. Андыктан

лексикадагы системалуулукту түзүп турган сөздөр синтагматикалык, парадигматикалык жана дериватикалык өңүттөрдөн каралуусу шарт.Сөздөрдүн ортосундагы синтагматикалык мамилелер катары алардын кеп агымында башка сөздөр менен тилдик норманын талаптарына ылайык айкашуу мүмкүнчүлүктөрү, б.а., валенттүүлүк потенциалы эсептелет.

14.Адамдын сырткы келбети анын жүзүндөгү айрым атрибуттар боюнча, атап айтканда, анын көзүнүн, мурдунун, оозунун, эриндеринин, тиштеринин, жаагынын, кулактарынын, маңдайынын, чачынын, каштарынын жана сакал-мурутунун өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөө өзүнчө бир өңүттү түзөт. Ал эми адамдын дене мүчөлөрүнүн, тагыраагы, анын башынын, моюнунун колдорунун, буттарынын, манжаларынын, төшүнүн, далысынын өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөө анын сырткы келбетин сүрөттөөнүн экинчи өңүтү катары эсептелет. Адамды анын сырткы келбетиндеги объективдүү жана субъективдүү белгилерге карап сыпаттоо үчүнчү өңүт болуп саналса, өз кезегинде обективдүү белгилерди адамдын бою, толуктугу же арыктыгы, саламаттыгынын абалы, курагы, салмагы өңдүү өзгөчөлүктөрдүн катары түзөт. Ал эми адамдын сырткы келбетиндеги тигил же бул өзгөчөлүктөргө карата оң же терс субъективдүү баанын берилиши адамдын сырткы келбетин изилдөөнүн үчүнчү өңүтүнүн бир аспектиси катары эсептелет. Мындан тышкары басымдуу көпчүлүк окумуштуулар адамдын сырткы келбетин жан-жаныбарлардын сырткы келбетине, дене мүчөлөрүнө салыштыруу аркылуу оң же терс эмоционалдык, субъективдүү баанын берилишин өзүнчө багыт катары каралат. Ал эми адамдын сырткы келбетине карата колдонулган сөздөр, сөз тизмектери түзгөн лексика-семантикалык топ ичиндеги окказионалдык жана энантиосемиялык кубулуштар да изилдөөнүн өзүнчө объектилери катары эсептелет.

15. Адамдын дене мүчөлөрүн атаган соматикалык сөздөр түз маанисинде башка түрк тилдери сыяктуу эле кыргыз тилинин да базистик лексикасы катары эсептелсе, алардын өтмө, метонимиялык, метафоралык, табу, эвфемизмдик маанилери кыргыз элинин эл катары жашоо-шарты, дүйнө таанымы, каада-

салты, үрп-адаты, диний ишенимдери, элдик философиясы менен маданий-этикалык нормалары өңдүү тышкы факторлорунун таасиринен улам калыптанган.

16. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөрдүн жасалышында грамматикалык формаларга, атап айтканда, мүчөлөргө активдүү роль таандык. Изилдөө ишибизде каралган сөздөрдүн жана сөз тизмектеринин жасалышында мүчөлөрдүн өнүмдүүлүгүнө, аз өнүмдүүлүгүнө жана өнүмсүздүгүнө карата төмөндөгүдөй тартипте бөлүштүрдүк. Диссертациялык ишибизде каралган сөздөрдүн ичинен – ган мүчөсүнүн жардамы менен 185; - гай мүчөсүнүн жардамы менен 104, - дай мүчөсүнүн жардамы менен 21; - луу мүчөсүнүн жардамы менен 28, – ыңкы мүчөсүнүн жардамы менен 4; – сыз мүчөсүнүн жардамы менен 4; – чан мүчөсүнүн жардамы менен 2 сөз жасалгандыгы аныкталды. Демек –ган, – гай мүчөлөрү өнүмдүү, – дай, – луу аз өнүмдүү,
– ынкы, – ыраак, – чан өнүмсүз мүчөлөр экендиги туурасындагы жыйынтыкка келүүгө болот.

17.Көркөм тексттин архитектоникасында адамдын сырткы келбетине байланыштуу тилдик сүрөттөөлөрдүн подтексттик, катафоралык мүнөздөгү маалыматтарды туюндуруу мүмкүнчүлүгү алардын мазмун түзүүчү компонент катары коммуникативдик потенциалга ээ экендигин айгинелейт.

Пайдаланылган адабияттар

1. Абдразакова, Г. «Когнитивдик лингвистика: концепт жана негизги түшүнүктөр». [Текст] окуу куралы / Абдразакова, Г. – Бишкек: 2015.
2. Абдувалиев, И. Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / И. Абдувалиев. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 284 б.
3. Абдыкаимова, О. С. Функционально-семантическое и структурно-семантическое исследование соматических фразеологизмов (на материале кыргызского и немецкого языков) [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук: 10.02.02; 10.02.04 / О. Абдыкаимова. – Бишкек, 1992. – 20 с.
4. Агеева, Ю. В. Семантическая деривация в русском языке новейшего периода (на материале адъективной лексики) [Текст]: дис. ... канд. филол. наук: 10.02.01 / Ю. В. Агеева. – Казань, 1997. – 16 с.
5. Акматалиев, А. А. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Евразия, 2010. – 939 б.
6. Акматалиев, А. А. Тандалмалар [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: [б.и.], 2002. – Т. 3: Фольклористика. Литературоведение. – 608 с.
7. Алексеев, Д. А. Части речи бурят-монгольском языке [Текст] / Д. А. Алексеев // Зап. Бурят.-монгол. гос. ин-та яз., лит. и истории. – Улан-Уде, 1941. – Вып. 5/6. – С. 152-190.
8. Альчикова, О. М. Лексико-семантическая группа параметрических имен прилагательных зрительного восприятия в алтайском языке (в сопоставлении с киргизским языком) [Текст] / О. М. Альчикова. – Горно-Алтайск: НИИ алтаистики, 2010. – 173 с.
9. Апресян, Ю. Д. Лексическая семантика. Синонимические средства языка [Текст] / Ю. Д. Апресян. – М.: Наука, 1974. – 251 с.
10. Апресян, Ю. Д. Экспериментальные исследование семантики русского глагола [Текст] / Ю. Д. Апресян. – М.: Наука, 1967. – 256 с.
11. Арнольд, И. В. Стилистика современного английского языка [Текст] / И. В. Арнольд. – Л.: Просвещение, 1976. – 302 с.

12. Артыкбаев, К. Изденүүлөр жана табылгалар (Аалы Токомбаевдин акындык утаты жөнүндө) [Текст] / К. Артыкбаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1996. – 308 б.
13. Арутюнова, Н. Д. Языковая метафора: Синтаксис и лексика [Текст] / Н. Д. Арутюнова // Лингвистика и поэтика. – М., 1979. – С. 147-173.
14. Арутюнова, Н. Д. К проблеме функциональных типов лексических значений [Текст] / Н. Д. Арутюнова // Аспекты семантических исследований. – М., 1980. – С. 156-249.
15. Ахманова, О. С. Очерки по общей и русской лексикологии [Текст] / О. С. Ахманова. – М.: Учпедгиз, 1957. – 296 с.
16. Аширбаев, Т. Тилдин фонетикалык жана лексикалык бирдиктеринин стилистикалык табияты [Текст]: филол. илим. д-ру … автореф. / Т. Аширбаев. – Бишкек, 2000. – 27 б.
17. Бабенко, Л. Г. Лексические средства обозначения эмоций в русском языке [Текст] / Л. Г. Бабенко. – Свердловск: Изд-во Урал. ун-та, 1989. – 184 с.
18. Бабушкин, А. П. Типы концептов в лексико-фразеологической семантике языке, их личностная и национальная специфика. [Текст] / А. П. Бабушкин. – Воронеж: 1998. – 222с.
19. Байгазиев, С. Жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун мектепте үйрөтүү. Мукай жана Жусуп [Текст]: мугалим үчүн окуу куралы / С. Байгазиев. – Бишкек: Мектеп, 1993. – 80 б.
20. Балли, Ш. Общая лингвистика и вопросы французкого языка [Текст] / Ш. Балли. – М.: Изд. иностр. лит., 1955. – 416 с.
21. Барахов, В. С. Литературный портрет (истоки, поэтика, жанр) [Текст] / В. С. Барахов, А. Н. Иезуитов. – Л.: Наука. Ленинград.отд-ние, 1985.– 312 с.
